**Б. ОСМОНОВ АТЫНДАГЫ ЖАЛАЛ-АБАД МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ЭКОНОМИКАЛЫК-ЮРИДИКАЛЫК ФАКУЛЬТЕТИ**

*Кол жазма укугунда*

*УДК:340:342.7(575.2)(043)*

**Токтомамбетова Кыял Кубанычбековна**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМДАРЫНДАГЫ ЖАШЫ ЖЕТЕ ЭЛЕКТЕРДИН УКУКТУК МАКАМЫ: ТЕОРЕТИКАЛЫК - УКУКТУК ТАЛДОО

12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы

Юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертация

**Илимий жетекчи:**
КР УИА корреспондент-мүчөсү,
юридика илимдеринин доктору,
профессор Борубашов Б.И.

Бишкек – 2024

## МАЗМУНУ

**КИРИШҮҮ ........................................................................................ 4**

**БИРИНЧИ БАП. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА ЖАШЫ ЖЕТЕ ЭЛЕКТЕРДИН УКУКТУК МАКАМЫНЫН ТЕОРИЯЛЫК-УКУКТУК НЕГИЗДЕРИ ........................................................................................ 17**

1.1. Жашы жете элек жактардын укуктук макамынын түшүнүгү, структурасы жана түрлөрү ........................................................................ 17

1.2. Кыргыз Республикасында жашы жете элек жактардын укуктук макамын жөнгө салуучу булактар ........................................................ 28

1.3. Кыргыздардын адат укугунун негизинде жашы жете элек жактардын укугун коргоо........................................................................ 41

**ЭКИНЧИ БАП. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА ЖАШЫ ЖЕТЕ ЭЛЕКТЕРДИН УКУКТУК МАКАМЫН КАМСЫЗДОО.......................... 63**

2.1. Жашы жете элек жактардын укуктарынын кепилдикке алынышы.. 63

2.2. Ювеналдык юстицияны өнүктүрүү жашы жете элек жактардын укуктарын камсыздоонун формасы катары. ............................................ 75

2.3. Укуктук маданиятты жогорулатуу жашы жете элек жактардын укуктарын камсыздоо механизминин негизги шарты катары ................ 89

**ҮЧҮНЧҮ БАП. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА ЖАШЫ ЖЕТЕ ЭЛЕКТЕРДИН УКУКТУК МАКАМЫН ӨРКҮНДӨТҮҮ ЖОЛДОРУ. 104**

3.1. Жашы жете элек жактардын укуктук макамын өркүндөтүүнүн көйгөйлөрү ........................................................................ 104

3.2. Жашы жете элек жактардын укуктук макамын өркүндөтүүнүн негизги багыттары........................................................................ 135

3.3. Жашы жете элек жактардын укуктук макамын сактоо боюнча эл аралык милдеттенмелерди ишке ашыруу.............................................. 139

**КОРУТУНДУ ........................................................................................ 150**

**ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР........................................................................ 158**

**КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ ................................. 162**

## КЫСКАРТЫЛГАН СӨЗДӨР

**БУУ** – Бириккен Улуттар Уюму

**КР** – Кыргыз Республикасы

**КР ҮК** – Кыргыз Республикасынын Үйбүлө Кодекси

**КР ТЖК** – Кыргыз Республикасынын Турак жай Кодекси

**КР ГК** – Кыргыз Республикасынын Граждандык Кодекси

**ВОЗ** – Всемирная организация здравоохранения

**АКШ** – Америка Кошмо Штаттары

**БЖБ** –Балдарга жардам көрсөтүү борбору

**БИК** – Балдар иштери боюнча комиссия

**ЕАЭБ** –Евразия экономикалык биримдиги

**ИТБМ** - Интернат тибиндеги балдар мекемелери

**МОТ** – Международная организация труда

**БЭНТ** - Балдар эмгегинин начар түрлөрү

**ЭКОСОК** - Экономикалык жана Социалдык Кеңеш

**СИЗО** – Следственный изолятор

**УКЖ** – Убактылуу кармоо жайлары

**ӨЭУ** –Өкмөттүк эмес уюмдар

о.э. – ошондой эле

б.а. – башкача айтканда

# КИРИШҮҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Инсандын укуктук макамы тармактык юридикалык дисциплиналардын жалпы теориясынын борбордук категорияларынын бири болуп саналат. Андыктан укук таануучулардын ага болгон кызыгуусу түшүнүктүү маселе, анткени ал коомдук жана жеке кызыкчылыктардын катышынын негизги принциптеринин ченемдик туюнтулушунун өзөгү, социалдык эркиндиктин өлчөмү болуп саналат.

Социалдык чындыктын кубулушу катары ***жашы жете электердин*** укуктук макамы татаал жана бир тектүү эмес көрүнүш. Анын маңызы динамикалуу түрдө өзгөрүп турат жана чыныгы коомдук мамилелердин абалы аркылуу аныкталып келет. Мында, тигил же бул доордун ар кандай шарттарында аракеттенген саясий-юридикалык системанын, социалдык коомдун мамлекеттик уюштурулуусунун принциптеринин артыкчылыктары жана кемчиликтери чагылдырылып турат. Бул деген адамзат жашоосунун белгилүү бир стандартын камсыздаган социалдык мүмкүнчүлүктөр, демек аталган маселелер коомдун жана мамлекеттин өнүгүүсүнүн ар кайсы этаптарында илимий кызыгууну жаратпай койбойт.

Кыргыз Республикасында укуктук мамиленин жашы жете элек субьектисине көрсөтүлүүчү социалдык мүмкүнчүлүктөрдүн натыйжалуулугун жана толуктугун изилдөө өзгөчө актуулдуу жана ага бир топ себептер бар:

***Биринчиден,*** 1989-жылы БУУ-н Генералдык Ассамблеясынын 44-сессиясында Баланын укуктары жөнүндө конвенция кабыл алынган. Конвенциянын Кыргыз Республикасы тарабынан ратификацияланышы менен жашы жете электер укук мамилелеринин өз алдынча катышуучусу макамына ээ болду. Конвенцияга кошулуунун натыйжасында кыргыз мыйзамдарындагы балалыкты коргоо чөйрөсүнө байланышкан укуктук ченемдер активдүү түрдө жаңылана баштады жана укуктук ченемдердин мазмуну жашы жете элек балдардын укуктарын коргоого багытталган жаңы

мазмун менен толукталууда: Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинде *Балдар - Кыргыз Республикасынын эң баалуу байлыгы* деп каралган. Мамлекет *балдардын* ар тараптуу руханий, адеп-ахлактык, интеллектуалдык жана дене-бой жактан өнүгүүсүнө өбөлгө болуучу шарттарды түзүү менен аларды мекенчилдикке жана атуулдукка тарбиялайт деп так белгиленген.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 70-беренесинде ***Балдар укугу боюнча ыйгарым укуктуу өкүл*** *жөнүндө так көрсөтүлгөн.* Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 53-беренесинде *ар бир адам Конституцияны жана мыйзамдарды сактоого, башка адамдардын укуктарын, эркиндиктерин, абийирин жана ар-намысын урматтоого милдеттүү* экендиги жөнүндө ченем көрсөтүлгөндүгүнө көз каранды болбостон Кыргызстанда жашаган жашы жете элек балдардын укуктарынын, мыйзамдык кызыкчылыктарынын бузулууга дуушар болуусу мамлекеттик деңгээлдеги ойлонууну талап кылат.

***Экинчиден,*** көптөгөн балалуу үй-бүлөөлөрдүн жашоо деңгээли төмөн бойдон калууда. Бул көйгөй өз кезегинде жашы жете электердин ден-соолугуна, тарбиясына жана билим алуусуна терс таасирин тийгизүүдө. Балдардын кароосуз же көзөмөлсүз калуусу, социалдык жетимдик, өспүрүмөрдүн эрте жашынан алкоголго жана банги заттарга берилүүсү, балдарга карата зордук-зомбулук, жашы жете электер арасында кылмыштуулуктун өсүүсү сыяктуу курч социалдык көйгөйлөр сакталып калууда.

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин маалыматына ылайык *2021-жылы* Кыргызстанда балдардын 48,1%ы өз курагында алышы керек болгон билимди ала алган эмес. Балдардын жакырчылыгы: шаарда-44,6%, айыл жеринде-50%ды, ортодогу айырмачылык 5,4%ды гана түзөт. Ош шаарында бул көрсөткүч 56,7%га, Бишкекте 36,8%га жеткен. *2022-жылы* өлкө боюнча балдардын жакырчылыгы 56,8%ды түзгөн [203]. *2022-жылы* өлкөдө 2475 бала мектепке

барган эмес. Бул жагдайга материалдык кыйынчылыктар, ата-энесинин каалоосунун жоктугу, керектүү документтердин жетишпестиги, окуганга каалоонун жоктугу, үй-бүлөлүк шарттардын түзүлбөгөндүгү, тил билбегендиги, никеге турган, кош бойлуулук, транспорттун жоктугу, оорусу боюнча жана башка себептер негиз болгон [226].

Ички иштер министрлигинин билдирүүсү боюнча Кыргызстанда 2022-жылдын 12 айында үй-бүлөлүк зомбулуктан жапа чеккендерге жалпысынан 8725, анын ичинен: *жашы жете элек балдарга - 210 (88 уул, 122 кыз)*, ал эми 2023-жылдын 11 айында үй-бүлөлүк зомбулуктан жапа чеккендерге жалпысынан 10222, анын ичинен: *жашы жете элек балдарга - 184 (74 уул, 110 кыз)* убактылуу коргоо ордерлери берилген [238].

2023-жылдын алгачкы алты айлыгында Кыргыз Республикасынын генералдык прокуратурасынын билдирүүсүнө ылайык жашы жете электер кылмыштын төмөндөгүдөй түрлөрү боюнча жоопкерчиликке тартылышкан: уурдоо, тоноо, ден соолукка анча оор эмес залал келтирүү, ден соолукка оор залал келтирүү, каракчылык, опузалап талап кылуу, жасалма акчаны же баалуу кагаздарды жасоо, никеге туруу максатында ала качуу боюнча [248].

Ушул себептен балдар чөйрөсүнө байланышкан көйгөйлөр коомчулукта өзгөчө резонансты жаратууда, жашы жете электердин укуктук макамына карата саясатчылардын, окумуштуулардын, коомдук ишмерлердин жана журналисттердин көңүл буруусу токтобой келет.

Жогоруда белгиленген жагдайларга жана жашы жете элек жактардын укуктук макамы менен байланышкан мыйзамдардагы бир катар кемчиликтерге ылайык диссертациялык изилдөөнүн темасы бөтөнчө кароого жана жашы жете электердин укуктук макамын өркүндөтүү боюнча мүмкүн болгон сунуштар аркылуу кылдат комплекстүү теориялык-укуктук талдоого татыктуу деп эсептейбиз.

Укуктук макам категориясы кыргыз илиминде жаңы түшүнүк. Жыйырманчы кылымдын 60-жылдары ал укук жөндөмдүүлүк менен бирге түшүндүрүлчү. Кийин, 70-80-жылдары укуктук макам түшүнүгү кеңири жана

өз алдынча укуктук түшүнүк катары изилдене баштаган. Укуктук макам тууралуу окууларга А.Г. Бережнов, Н.В. Витрук, Л.Д. Воеводин, В.А. Кучинский, А.И. Лепешкин, Е.А. Лукашева, Н.И. Матузов, В.А. Патюлин, Б.В. Пхаладзе, И.Е. Фарбер, В.М. Чхиквадзе, Б.С. Эбзеевдер фундаменталдуу салым кошо алышкан.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жашы жете электердин укуктук макамын укуктук мамилелердин өз алдынча катышуучусу катары кароо маселеси өтө узак эмес тарыхка ээ. Ал Балдардын укуктары жөнүндө Конвенцияны ратификациялоо учурунан эле башталат. Жашы жете электердин укуктук макамыныны теориясы табигый түрдө адамдын укуктук абалы тууралуу жалпы теориялык жана укуктук тармактык окууларга, андан сырткары, педагогика, социология, психология жана медицина сыяктуу укуктук эмес илимдер тарабынан алынган жыйынтыктарга негизделет.

Жашы жете элек бала жөнүндө маселелер *ата-мекендик көрүнүктүү окумуштуулар*: Борубашов Б.И., Токтобаев Б.Т., Молдоев Э.Э., Шамурзаев Т.Т., Адилов А.Н., Саякова М.К., Сманалиев К.М., Сыдыкова Л.Ч., Тугельбаева Б.Г., Токтогулов А.А., Джоробекова А.М., Токторов Э.С., Омурзаков У.Дж., Чыныбаева Н.Ж. *чет элдик окумуштуулар*: Ю.Ф. Беспалов, В. Гавердовская, И. Рязанов, О.Х. Галимов, Н.И. Гуковская, О.В. Демидова, А.А. Закатов, К.Е. Игошев, О.Ю. Ильина, Р.П. Мананкова, А.М. Нечаева, Л.Ф. Обухова, Ю.Е. Пудовочкин жана Ю.А. Черемухинанын илимий эмгектеринде чагылдырылган.

Балдардын укуктук макамына толугу менен же анын кээ бир аспектилерине акыркы ондогон жылдары жалпы теориялык укуктук талдоо жүргүзүү боюнча В.И. Абрамов, О.В. Бутько, Л.Ю. Голышева, В.В. Кулапов, Е.А. Лактюнкина, Т.В. Лобанова, Е.В. Марковичевалардын монографиялык жана диссертациялык эмгектери жарык көргөн. Жашы жете электердин укуктук макамын коргоо жана жүзөгө ашырууну камсыздоо боюнча көйгөйлөргө окумуштуулар тарабынан өзгөчө көңүл бурулууда. Натыйжада укуктук макамга кепил болуучу катары ***балдар укугу боюнча ыйгарым***

***укуктуу өкүл,*** ювеналдык юстиция жана башка укуктук институттар иш жүргүзө баштады.

Учурда Кыргыз Республикасынын аймагында жашы жете электердин укуктук макамына илимий жактан комплекстүү жана жалпы теориялык-укуктук өңүттө изилдөөлөрдү жүргүзүүнүн оорчундуу потенциалы бар экендигин белгилеп кетүү абзел.

**Диссертациянын темасынын артыкчылыктуу илимий багыттар, ири илимий программалар (долбоорлор), билим берүү жана илимий мекемелер тарабынан жүргүзүлүүчү негизги илимий-изилдөө иштери менен байланышы.** Диссертациянын темасы демилгелүү болуп саналат.

**Диссертациялык изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Диссертациялык изилдөөнүн ***максаты*** Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жашы жете элек жактардын укуктук макамын, анын табиятын, түрлөрүн, көйгөйлөрүн аныктоо жана өркүндөтүү багыттарын теориялык-укуктук жактан комплекстүү изилдөөдө турат.

Коюлган максаттарды ишке ашыруу үчүн төмөнкү ***милдеттер*** аныкталды**:**

1. Кыргызстандын укуктук илиминде жана мыйзамдарында жашы жете элек жактардын укуктук макамынын түшүнүгүнө, структурасына, түрлөрүнө мүнөздөмө берүү жана алардын маңызына улуттук, эл аралык укуктук актылардын позициясында талдоо жүргүзүү;
2. Кыргыз Республикасында жашы жете элек жактардын укуктук макамын жөнгө салуучу булактарга укуктук талдоо жүргүзүү;
3. Кыргыздардын адат укугунун негизинде жашы жете элек жактардын укугунун корголушун изилдөө;
4. Жашы жете элек жактардын укуктарынын кепилдикке алынышын укуктук талдоо;
5. Ювеналдык юстицияны өнүктүрүү жашы жете элек жактардын укуктарын камсыздоонун формасы катары экендигин аныктоо;
6. Укуктук маданиятты жогорулатуу жашы жете элек жактардын

укуктарын камсыздоо механизминин негизги шарты катары экендигин аныктоо;

7. Жашы жете элек жактардын укуктук макамын өркүндөтүүнүн көйгөйлөрүнө талдоо жүргүзүү;

8. Жашы жете элек жактардын укуктук макамын өркүндөтүүнүн негизги багыттарын көрсөтүү;

9. Жашы жете элек жактардын укуктук макамын сактоо боюнча эл аралык милдеттенмелердин ишке ашырылуусуна талдоо жүргүзүү.

**Диссертациялык изилдөөнүн илимий жаңылыгы.** Жашы жете элек жактардын укуктук макамын теориялык-укуктук жактан комплекстүү талдоо жүргүзүлгөн жумуштардын алгачкыларынын бири экендигинде жатат. Мында, Кыргыз Республикасында жашы жете элек жактардын укуктук макамын жакшыртуунун багыттарына жана көйгөйлөргө басым жасалды.

Изилдөөнүнүн илимий жаңылыгын аныктаган негизги жыйынтыктар белгиленди:

1. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жашы жете элек жактардын *укуктук макамынын* дефинициясын аныктаган түшүнүк жок экендиги такталды;
2. Жашы жете элек жактардын реалдуу жашоодогу макамдары менен укуктун формалдуу аныктуулугунун чек арасы аргументтештирилди;
3. Жашы жете элек жактардын укуктук макамын жакшыртууга өбөлгө жана тоскоол болууучу факторлор аныкталды жана системалаштырылды;
4. Автор тарабынан жашы жете элек жактардын укуктуктарын, мыйзамдык кызыкчылыктарын коргоого багытталган практикалык сунуштар берилди.

**Диссертациялык изилдөөнүн практикалык маанилүүлүгү.**

Диссертациялык изилдөөнүн жүрүшүндөгү тыянактар, практикалык сунуштар жашы жете элек жактардын укуктук макамын коргоодо

колдонулуучу Кыргыз Республикасынын укуктук-ченемдик актыларынын мазмунун толуктайт жана жакшыртат.

Жашы жете элек жактардын укуктук макамын Кыргызстандын жашоо шарттарында комплекстүү түрдө изилдөө заманбап илимди белгилүү бир өлчөмдө жаңы билимдер менен байытат, алар өз кезегинде белгиленген көйгөйлөргө илимий жактан кийинки изилдөөлөрдү жүргүзүү үчүн кызмат кыла алышат.

Диссертациянын материалдары юристтерди, мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлерди, социалдык жана педагогикалык кызматкерлерди даярдоодо кеңири колдонулушу мүмкүн.

**Коргоого алып чыгылуучу негизги жоболор:**

1. Жашы жете элек жактардын укуктук макамынын ***түшүнүгү, структурасы, түрлөрү*** аныкталып берилди.

***Жашы жете элек жактын укуктук макамы*** – адамдын туулгандан он сегиз жашка чейинки курагындагы, мыйзамдарда бекитилген, кепилденген, ата-энеси же башка мыйзамдуу өкүлдөрү менен болгон юридикалык байланыштарын эске алуу аркылуу ишке ашырылуучу укук жана милдеттеринин системасы.

Инсандын, анын ичинде жашы жете элек жактардын укуктук макамынын ***структурасы*** болуп укуктар, эркиндиктер, мыйзамдуу кызыкчылыктар, милдеттер, жарандуулук, укук-субъективдүүлүк, кепилдиктер жана укуктук принциптер эсептелинет. Юридикалык адабияттарда жашы жете элек жактардын укуктук макамынын мүнөздөмөлөрү укуктук макамдардын ***үч негизги түрүнүн*** алкагында жүзөгө ашырылат: *жалпы, атайын, жеке.*

2. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында, эл аралык укуктук ченемдик актыларда, илимий адабияттарда жашы жете элек жактарды белгилөө үчүн ар түрдүү терминдер колдонулат: “жашы жете электер”, “жашы жете элек балдар”, “жаштар”, “балдар”, “өспүрүмдөр”. Мындай терминологиялык көп варианттуулук “жашы жетүү” деген түшүнүктүн

этимологиялык укуктук маңызына кайрылуунун негизинде жогоруда саналып өткөн терминдердин маңызына талдоо жүргүзүлдү. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза Кодексинде, Үйбүлө Кодексинде, “Кыргыз Республикасынын жарандыгы жөнүндө” Мыйзамында, “Кыргыз Республикасында балдардын ден соолугуна, дене бой, интеллектуалдык, психикалык, руханий жана адептик өнүгүүсүнө зыян келтирүүнүн алдын алуу боюнча чаралар жөнүндө” Мыйзамында, Балдар укуктары жөнүндө Конвенцияда он сегиз жашка жетпеген жак ***“бала”*** деп таанылат деген түшүндүрмө берилген, демек аталган мыйзамдардагы беренелердин негизинде ***“бала”*** деген сөздү ***бир эле мааниде*** түшүнүүгө болот: 18 жашка жете элек курактагы ***бала.*** Бирок, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинин 2-пунктунда *ата-энени урматтоо жана камкордук көрүү - балдардын ыйык парзы* деп каралган ал эми Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 1142-беренесинде *мурас калтыруучунун балдары биринчи кезектеги мураскерлер болоору* жөнүндө жазылган, эгерде жогоруда көрсөтүлгөн мыйзамдарга ылайык ***“бала”*** деген сөздү 18 жашка толо элек жашы жете элек жак катары гана түшүнүү керек болсо, анда Конституциянын 20-беренесинин 2-пунктуна ылайык ата-энелерге камкордук көрүү милдети жашы жете элек балдарга гана таандык болот, ал эми Граждандык Кодекстин 1142- беренесине ылайык 18 жашка жашы жете элек гана балдар мураскер катары саналып калуу божомолу болуп калат. Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларында жашы жетилгендиктин конкреттүү чеги көрсөтүлгөнү менен ***14 жашка чейинкилердин жаш курагы курактык категорияларга бөлүнгөн эмес.***

***3. Кыргыздардын адат укугу*** - эреже катары, адат укугунда балдарга тиешелүү маселелер милдеттүү түрдө ата-энеси менен болгон байланышта гана каралып, алардын укуктары мураска ээ болуу, камкорчулукка алынуу маселелери менен гана чектелген. Ата-эне менен балдардын ортосундагы мамиле патриархалдык принциптерге негизделген. Ата-эне балдарын тарбиялоого жана толук камсыз кылууга милдеттүү, ал эми балдар

абсолюттук түрдө ата-энеге баш ийүүсү милдеттүү болгон. Ошол эле учурда ата-эненин балдарга карата укугунда кээ бир чектөөлөр да болгон: ата балдарын сатып, өмүрүн кыюуга укугу жок эле. Балдарынын жүрүм-турумун же тарбиясын оңдоп-түзөө үчүн ата үйдөгү түзөтүү чараларын колдонууга укуктуу болгон. Эгерде бул чаралардан жыйынтык чыкпаса, ата-энелер балдарынын үстүнөн аларды жазалап берүү максатында бийлерге даттанууга укуктуу эле.

Азыркы коомдо жашы жете элек балдарды тарбиялоодо адат укугунун ченемдеринин артыкчылыктуу белгилерине дагы талдоо жүргүзүлдү: *«Ата жакшы – уул жакшы, эне жакшы – кыз жакшы»* деген макал да бекеринен айтылган эмес. Бул макалга таянсак, атанын маданияты уулга ал эми эненин маданияты кыз балага карата тарбиялык мүнөзгө ээ болот деген пикирди айткыбыз келет. Анткени биринчи кезекте ата-эне балдарга үлгү болушу керек. Ата-эненин үй-бүлөөдөгү жана коомдогу жүрүм турумуна, маданиятына карап жашы жете элек балдар тарбияланат.

4. ***Жашы жете элек жактардын укуктарынын кепилдикке алынышы*** укуктук системанын маанилүү элементин билдирген категория болуп саналат.

Мамлекеттик саясат татыктуу жашоону, жашы жете элек жактардын эркин өнүгүүсүн камсыз кыла алчуу шарттарды, ошого жараша кепилдиктерди түзүүгө багытталышы керек. Диссертанттын оюу боюнча субъективдүү укуктар менен эркиндиктердин кепилдиктерин классификациялоонун логикасына жараша, жашы жете элек жактардын укуктук макамын өркүндөтүүнүн кепилдиги катары иш алып бара жаткан факторлорду: жалпы укуктук эмес-материалдык (экономикалык) (Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 4-главасы), саясий (Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 24-беренеси), социалдык, идеологиялык (руханий) (Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 47-беренеси) жана атайын-укуктук (Кыргыз Республикасынын

Конституциясынын 6-главасы, Кыргыз Республикасынын Балдар жөнүндө кодексинин 2-главасы) сыяктуу өз алдынча топторго бөлүп кароо абзел деген пикирди карманат.

***5. Ювеналдык юстиция*** – мыйзам менен келишпөөчүлүктө турган жашы жете элек жактарга карата укук бузуулардын алдын-алууну камсыздоого багытталган иш-чаралардын системасы. Изилдөөнүн жүрүшүндө дүйнө мамлекеттеринде ишке ашырылып жаткан ювеналдык юстиция институтунун артыкчылыктарына, кемчиликтерине талдоо жүргүзүлгөн. Демек, Кыргыз Республикасында ювеналдык юстициянын оң жана терс жактарын кылдат талдоолордун жана коомдук талкулоолордун натыйжасында калыс таразага салуу аркылуу өнүктүрүү абзел.

***6. Укуктук маданият*** – бул укукка жана мыйзамдуулукка карата оң мамилени калыптандыруучу, коомдук пайдалуу жүрүм-турумду камсыз кылуучу көз караштардын, баалоолордун, ишенимдердин системасы болуп эсептелинет. Укуктук маданият төмөндөгүдөй элементтерди өзүнө камтыйт: мыйзамдарды билүү жана түшүнүү, укукка сый мамиле кылуу, жашоодо укуктун ченемдерин колдонуу жана сактоо, инсандын укуктук аң сезиминин деңгээлин, укуктук ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү**.** Аталган элементтердин сапаттык деңгээли коомдогу ар бир эле инсанда жана жашы жете элек жактарда жогору эмес болгондугуна байланыштуу жашы жете элек жактардын укуктары, мыйзамдык кызыкчылыктары бузулууларга, чектөөлөргө дуушар болуп келет. Мамлекет укуктук маданияттын жогорку деңгээлин калыптандырууда жетектөөчү ролду ойнойт. Андыктан мамлекет негизги басымды, жумушу жашы жете электер менен байланышкан жактардын жана жашы жете элек жактардын (балдар иштери боюнча комиссия, ата-энелер, асырап алуучулар, камкордук кылуучулар, көзөмөл кылуучулар, мугалимдер, тарбиячылар, адистиги балдар менен иштөөгө түздөн-түз байланыштуу боло турган студенттер жана жашы жете элек жактардын өздөрү*)* укуктук маданиятын жогорулатуу үчүн аракеттерди көрүүсү зарыл.

7. ***Жашы жете элек жактардын укуктарын ишке ашыруудагы жана коргоодогу көйгөйлөр*** ар кайсы өлкөлөр үчүн бирдей болушу мүмкүн, бирок бул көйгөйлөрдүн сандык жана сапаттык мүнөздөмөлөрү бир топ айырмаланат. Кыргыз Республикасынын аймагында кездешип жаткан социалдык жетимчилик, балдарды эксплуатациялоонун ар кандай түрлөрү, балдарга карата зордук-зомбулуктар статистикалык маалыматтарга ылайык көп учурда миграциялык маселелерге байланыштуу жашы жете электерге карата камкорчулуктун милдетүү формасы мыйзамдарда каралбагандыктан пайда болуп жатат. Тышкы миграция жөнүндө Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 46-беренесинде жарандардын Кыргыз Республикасынын аймагынан чыгуу укугун убактылуу чектеген бир нече пункттан турган ченемдер каралган. Бирок Кыргыз Республикасынын аймагында ата-энесинин кароосунан ажырап калып жаткан жашы жете элек балдарына карата ата-энелердин мүлктүк эмес милдеттенмелерди аткарбагандыгы үчүн аймактан тышка чыгып кетүүнү чектеген ченем каралган эмес, мүлктүк баалуулук биринчи кезеке коюлган.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын негизиде “Балдар укугу боюнча ыйгарым укуктуу өкүл жөнүндө жобо” бекитилген. Жободо Балдар укугу боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдүн кайрылууларды кароого болгон укугу белгиленген, бирок кайрылууну кабыл алуунун, кароонун мөөнөттөрү каралган эмес.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Регламенти жөнүндө Мыйзамында Жогорку Кеңештин жыйналышына (ачык же жабык) катышууга укугу бар жактардын катарында балдардын укугу боюнча ыйгарым укуктуу өкүл көрсөтүлгөн эмес. *Анткени жашы жете элек жактардын укуктарын коргоого байланышкан мыйзам долбоорлорун талкуулоодо жана кабыл алууда бул өзгөчө мааниге ээ.*

8. ***Изилдөөлөрдүн натыйжасында жашы жете элек жактардын укуктук макамын жакшыртуу боюнча эки багытты бөлүп кароо мүмкүнчүлүгү бар:***

а) Укуктук макамдын формалдуу аныктуулугунун өркүндөтүлүшү: бекитилген субъективдүү укуктарды, эркиндиктерди жана милдеттенмелерди жаңы мазмун менен толтуруу, укуктук ченемдик актылардагы боштуктарды, келишпөөчүлүктөрдү жоюу, жашы жете электер катышкан мамилелерди жөнгө салуучу мыйзамдарды системалаштыруу, б) жашы жете элек жактардын реалдуу макамын анын формалдуу укуктук макамына мүмкүн болушунча жакындатуу сунушталат.

9. ***Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдери*** жөнүндө мыйзамынын 32-беренесинин 1-пунктуна ылайык Кыргыз Республикасы үчүн күчүнө кирген учурдан тартып эл аралык келишимдер Кыргыз Республикасы тарабынан милдеттүү аткарылууга жатат. Демек, Кыргыз Республикасы катышкан мыйзамдарда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдер, ошондой эле жашы жете электерге карата эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптери жана ченемдери Кыргыз Республикасынын укуктук тутумунун ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Милдетти аткаруунун жолдору: а) Эл аралык келишимдердин ченемдеринин улуттук мыйзамдарга жана мүмкүнчүлүктөргө ылайык имплементацияланышы; б) Эл аралык келишимдерди аткаруу.

**Изденүүчүнүн жеке салымы** Аталган диссертациялык изилдөө - Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жашы жете элек жактардын укуктук макамын теориялык-укуктук жактан талдоо жүргүзүү аркылуу изилдөөгө арналган өз алдынча аткарылган илимий-диссертациялык жумуш болуп саналат.

Коргоого чыгарылып жаткан диссертациянын негизги жоболору, теориялык корутунду-тыянактары, практикалык сунуштары автор тарабынан иштелип чыгылды жана изденүүчүнүн Кыргыз Республикасынын теориялык-укуктук илимине кошкон өздүк салымын тастыктай алат.

**Диссертациялык изилдөөнүн жыйынтыктарын апробациялоо.**

Диссертациялык изилдөөнүн коргоого алып чыгылуучу негизги жоболору, теориялык корутундулары жана практикалык сунуштары

Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин жарандык укук жана адвокатура кафедрасынын отурумдарында талкууланган жана автор тарабынан жарык көргөн илимий эмгектерде чагылдырылган.

Диссертациялык изилдөөнүн жыйынтыктары автор тарабынан бир нече эл аралык, окуу жайлар аралык илимий жана илимий-практикалык конференцияларда окулган.

**Диссертациялык изилдөөнүн жыйынтыктарынын жарыяланышы**.

Диссертациялык изилдөөлөрдүн жүрүшүндө алынган илимий жыйынтыктар Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясы сунуш кылган көлөмдө автордун 14 илимий эмгектеринде чагылдырылган.

**Диссертациянын түзүмү жана көлөмү** киришүүдөн, үч баптан, тогуз бөлүмдөн, корутундудан, практикалык сунуштардан жана колдонулган адабияттардын тизмесинен турат.

# БИРИНЧИ БАП. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА ЖАШЫ ЖЕТЕ ЭЛЕКТЕРДИН УКУКТУК МАКАМЫНЫН ТЕОРИЯЛЫК-УКУКТУК НЕГИЗДЕРИ

## 1.1. Жашы жете элек жактардын укуктук макамынын түшүнүгү, структурасы жана түрлөрү

***Жашы жете электин укуктук макамы*** – адамдын туулгандан он сегиз жашка чейинки курагындагы мыйзамдарда бекитилген, кепилденген, ата-энеси же башка мыйзамдуу өкүлдөрү менен болгон юридикалык байланыштарын эске алуу аркылуу ишке ашырылуучу укук жана милдеттеринин системасы.

Жашы жете элек жактар курагынын, ден-соолугунун өзгөчөлүктөрүнө жараша мыйзамдуу өкүлдөрүнүн (ата-энесинин, камкорчуларынын, көзөмөлчүлөрүнүн) катышуусунда же алардын катышуусу жок укуктарын иш жүзүнө ашыра алышат жана милдеттерин аткарышат.

*“Жеке инсандын укуктук макамы* – жалпысынан алганда, Конституцияларда, адам укугу тууралуу эл аралык укуктук актыларда жана башка юридикалык-ченемдик актыларда мамлекет тарабынан мыйзамдуу түрдө бекитилген укук жана милдеттердин системасы катары мүнөздөлүшү мүмкүн” деп белгилейт Е.А. Лукашева [111, б. 200].

Жалпы мамлекет жана укук теориясында, ошондой эле тармактык юридикалык дисциплиналарда калыптанып калган концептуалдык мамилелерсиз жетилүү жашына толо элек жактын укуктук макамынын маңызын аныктап кетүү мүмкүн эмес.

Укук теориясын жалпылап алганда укуктук макам, адамдын коомдогу юридикалык жактан бышыкталган укуктарынын, ошондой эле милдеттеринин жана башка “укуктук координаталарынын” комплекси катары шартталган абалын түшүндүрөт.

***“Макам (status)”*** деген терминдин өзү латын тилинен келип чыккан жана кимдир бирөөнүн же кандайдыр бир нерсенин абалы дегенди билдирет [76].

Укуктук макамдын негизинде адамдын аракеттеги коомдук мамилелердеги чыныгы орду жатат. Укук ушул орунду бекитип берет. Социалдык жана укуктук макамдар маңыз жана форма катары салыштырылат. Андыктан жашы жете элек жактын укуктук макамы конкреттүү тарыхый шарттарда коомдун социалдык-экономикалык жана саясий табиятын эске алуу аркылуу түшүндүрүлүшү мүмкүн. Бул юридикалык куру абстракция эмес, коомдун маңызын, анын өнүгүүсү менен байланыштырган, чыныгы жашоону шарттаган категория.

Ошол эле кезде, укуктук макам социалдык чындыктын өнүгүүсүнүн натыйжасын гана эмес, анын жаңы абалына да түзүлүүчү оңтойлуу шартты түшүндүрөт.

Индивиддердин чыныгы социалдык укуктарына карата жеке инсандын укуктук макамы бир эле натыйжа катары эмес, аларга жетүүнүн, кеңейтүүнүн, чектөөнүн атайын каражаты катары да кызмат кылат.

*Укуктук макам* – мамлекеттин укуктук системасындагы адамдын ордун белгилөө үчүн колдонулуучу жалгыз түшүнүк эмес. Теорияда да, мыйзамдарда да андан аз эмес таркалууга ээ болгон *"укуктук абал"* деген түшүнүк бар. Ошол эле учурда жогоруда аталган эки түшүнүктүн катышы тууралуу маселе юридикалык адабияттарда ар башка чечилет.

Алардын биринчиси адамдын укуктук макамы менен укуктук абалын окшоштуруу аракетинде турат (Л.Д. Воеводин, Н.И. Матузов, В.И. Новоселов, В.М. Чхиквадзе). Мындай мамиленин жактоочулары "макам" жана "абал" деген терминдердин этимологиялык түбү бирлигин көрсөтүп келишет.

Көпчүлүк авторлор укуктук макамдын дефинициясын курамалап жатып, укук, эркиндик жана милдеттерге басым жасаганы алкоого татыйт. "*Укуктук макам* - бул жеке инсандын коомдогу *укуктук абалын* аныктап туруучу укук, эркиндик жана милдеттердин жыйындысы болуп эсептелет" – деп жазат А.Б. Венгеров [79, б. 494]. А.Г. Бережнов белгилегендей, "жеке адам үчүн мамлекет тарабынан аныкталган жана бир бүтүндүктө алынган

укук, эркиндик жана милдеттер анын укуктук макамын түзүшөт" [74, б. 140].

*Укуктук макам* категориясы өзүндө маңыздуу жүктөмдү алып жүрөт жана субъекттин түрүн көрсөтүп берет.

Юристтер тарабынан укуктук макамды адамдын коомдогу ордун аныктоочу ченемдик каражат катары бирдиктүү түшүнүүсү анын турпатын, түзүлүшүн (курамын, юридикалык конструкциясын) да бирдей түшүнүшөт дегендикке жатпайт. Адабияттарда укуктук макамдын курамы ар түрдүүчө аныкталган. Кээ бир авторлор ага көптөгөн элементтерди, ал эми башкалары эсе анын маңызын же кеңейтүү, же таарытуу аркылуу азыраак элементтерди кошуп келишет. Бул түшүнүктү "социологиялаштыруу" да, "юридикалаштыруу" да тенденциялары байкалууда.

Айрым авторлор субъекттердин кээ бир категорияларынын укуктук макамын "*укуктук модус*" [*Мóдус (от лат. modus) - ченем, бейне, ыкма, жашап кетүүнүн түрү же кандайдыр бир нерсенин аракети.* https://ru.wikipedia.org/wiki/] деп атап жүрүшөт. Теоретик юристтердин бул терминге карата мамилеси эки ача. Н.И. Матузов муну ийгиликсиз жана стилдик жактан ашыкча десе. Н.В. Витрук атайын укуктук макамдын категориясын бир кыйла негиздүү жана зарыл деп эсептейт [80, б. 187]. Ошол эле мезгилде, Р.П. Мананкова жарандардын тармактар аралык укуктары жана милдеттери жөнүндө укуктук маалыматты эң оптималдуу деп эсептеп, укуктук модус категориясынын тактыгын жана толуктугун баса белгилейт [113, б. 232].

*Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жашы жете элек жактардын укуктук макамынын дефинициясын аныктаган түшүнүк жок. Ал эми "укуктук макам" деген түшүнүктүн ордуна жалпы эле "укуктук абал" деген түшүнүктү колдонуп келишет.*

*Биздин пикирибиз боюнча өз кезегинде "укуктук макам" деген түшүнүктү колдонуу укуктук көз караш менен алып караганда мыкты болот, анткени укуктук макамды тармактык укуктук илимдин негизинде классификациялай турган болсок: жашы жете элек жактардын жарандык*

*укуктук макамы, үй-бүлөөлүк укуктук макамы, эмгек укугундагы макамы, жарандык процесстеги укуктук макамы, кылмыш жаза процессиндеги укуктук макамы деп бөлүүгө туура келет.*

***Инсандын анын ичинде жашы жете элек жактардын укуктук макамынын структурасы*** *болуп* укуктар, эркиндиктер, мыйзамдуу кызыкчылыктар, кепилдиктер, укуктук принциптер, милдеттер, жарандуулук жана укуксубъективдүүлүк эсептелинет.

Адамдын *укуктары менен эркиндиктери* мыйзам чыгаруучу тарабынан өз алдынча эле аныктала бербейт. Алардын биринчи себеби катары коомдун турмушунун материалдык шарттары, социалдык чындык өз ордун көрсөтүшөт. *Укуктар жана эркиндиктер* - коомдун жетилгендигинин көрсөткүчү, жетишкендиги же кандайдыр бир «визиттик картасы». Мамлекет укуктарды жол-жоболоштурат. *Укук* – мамлекет тарабынан белгиленген же санкцияланган жалпыга милдеттүү жүрүм-турум эрежелеринин (нормаларынын) жыйындысы, алардын сакталышы мамлекеттик таасир көрсөтүү чаралары менен камсыз кылынат. *Адам укуктары* – бул ар бир адамдын ар-намысын жана *эркиндигин* коргоону камсыз кылган эрежелер.

Кыргыз Республикасынын Конституциясында *укуктар жана эркиндиктер* төмөндөгүдөй мазмунда: адамдын өмүрүнө жана ден соолугуна кол салууга жол берилбестиги, өлүм жазасына тыюу салынары, балдарга камкордук көрүү – ата-энесинин милдеттери экендиги, ар бир жашы жете элек бала руханий жана социалдык жактан өнүгүүсүнө зарыл болгон жашоо деңгээлине укуктуу экендиги, Кыргыз Республикасы ата-энеси жок балдарга 18 жашка чейин камкордук көрөөрү жана окутаары, кулчулукка, адамдарды (жашы жете элек балдарды) сатууга жол берилбестиги, жашы жете элек балдардын эмгегин эксплуатациялоого тыюу салынаары каралган. Адамдын укуктары жана эркиндиктери Кыргыз Республикасынын башка мыйзамдарында дагы белгиленген.

Ар кандай улуттардын укуктук тутумдары ар башка, демек ал укук теориясында бир нече укуктук тайпаларды айырмалоого негиз берет.

Акыркы тенденциялар адамдын жана жарандын укуктарынын, эркиндиктеринин, милдеттеринин тутумдарын «куруугa» мамлекет тарабынан таанылган мамилелери боюнча айырмаланып турат. Айта кетсек, укуктун роман-герман жана англо-саксондук тайпаларында милдеттер эмес, субъективдүү укуктар менен эркиндиктер артыкчылыктуу мүнөзгө ээ, ал эми мусулмандык укуктар тайпасында, тескерисинче, адамдын милдеттери жөнүндөгү идея биринчи орунда турат. Мусулман дүйнөсү эркектер менен аялдардын теңчилигин дагы деле болсо четке кагып келет. Араб мамлекеттеринин лигасы тарабынан 1994-жылдын 15-сентябрындагы 102-сессиясында кабыл алынган *Адам укуктары боюнча Араб Хартиясында* [240], мыйзам алдында баарынын теңдиги жөнүндө эч нерсе айтылбайт, *жашы жете электерге карата өлүм жазасын колдонууга тыюу салынган эмес*. Укуктук тайпалардагы бул айырмачылыктар адамдын укуктук макамынын бүткүл дүйнөлүк коомчулук үчүн бирдей, окшош болуусу жөнүндө айтууга мүмкүндүк бербейт. Ошол эле учурда, алар цивилизациялуу мамлекеттердин көпчүлүгү тарабынан таанылган, адамдын укуктук макамынын айрым эл аралык стандарттарынын бар экендигин четке какпайт.

“*Мыйзамдык кызыкчылык*” - мамлекет тарабынан кепилденген аныкталган деңгээлде юридикалык жол берүүчүлүк, бул субъекттин белгилүү бир социалдык баалуулуктардан пайдалануу мүмкүнчүлүгүн берет. Зарыл болгон учурларда ыйгарым укуктуу жактарга өзүнүн кызыкчылыктарын канааттандыруу үчүн кайрыла алат [164, б. 359]. Адамдар, жарандар, анын курамында жашы жете элек балдар мыйзамдык кызыкчылыктарын иш жүзүнө ашырууда, кандайдыр бир үчүнчү жактын укуктарына, эркиндиктерине зыянын тийгизбеши керек.

Ар бир адам туулгандан баштап ага таандык болгон белгилүү бир укуктарга ээ. Адамдын, жашы жете элек балдардын укуктарын коргоо жана сактоо, өнүктүрүү мамлекеттин жана мамлекеттин аймагында жашаган ар бир адамдын *милдети*. Ар бир адам бардык адамдардын алдында жоопту. Практикада бул эч ким эч качан өз укуктарын башкалардын укугун бузган

жол менен пайдаланбашы керек дегенди билдирет. Тактап айтканда, бул сөз эркиндигине тиешелүү. Ар бир адам, жашы жете элек бала өз оюн айтууга укуктуу бирок, эч ким сөз эркиндигин башкалардын укугун бузуу үчүн пайдаланбашы керек. Ар бир адам дин тутууга же диний ишенимге ээ болууга укуктуу бирок, бул эркиндик башка жактардын, жашы жете элек балдардын эркиндиктерин жана укуктарын бузуу менен ишке ашырылбашы керек. Демек ушул аргументке таянып *милдет* деген түшүнүк келип чыгат.

Ар бир адам, жашы жете элек бала (жаш курагынын өзгөчөлүгүнө жараша) башка жактардын укуктарын, мыйзамдык кызыкчылыктарын сактоого *милдеттүү*.

*Кепилдик* – бул Кыргыз Республикасынын ар бир жаранына мыйзам тарабынан таанылган бардык укуктардын жана милдеттердин реалдуу субъектиси болуу мүмкүнчүлүгү кепилденгендигин билдирет [71, б. 84].

*Кепилдиктин* мүнөзү жана *субъективдүү укуктар* менен эркиндиктерди пайдалануу даражасы боюнча, мамлекеттин социалдык жана саясий негиздеринин, ошондой эле анын укуктук тутумунун артыкчылыктары же кемчиликтери жөнүндө сөз кылууга болот анткени ишке ашыруу үчүн тиешелүү экономикалык жана саясий шарттар түзүлбөгөн укуктук мүмкүнчүлүктөрдү мыйзам чыгаруучу жарыялай албайт.

*Укуктук кепилдиктерди* эки негизги топко бөлүүгө болот: улуттук мыйзамдардагы кепилдиктер; эл аралык укуктук кепилдиктер [166]. Улуттук мыйзамдардагы кепилдиктер тармактык болуп бөлүнүшөт: Конституциялык кепилдиктер, Балдар жөнүндө кодексте каралган кепилдиктер, Жарандык укуктук кепилдиктер, Эмгек укугунда каралган кепилдиктер, Үй-бүлөө укугундагы кепилдиктер, Кылмыш-жаза укугундагы кепилдиктер жана башка укуктук тармактагы кепилдиктерди айтууга болот.

*Эл аралык укуктук кепилдиктер* – Кыргыз Республикасы тарабынан ратификацияланган эл аралык укуктук ченемдик актыларда каралган кепилдиктер. Мыйзамдарда каралган укуктук *кепилдиктердин* негизинде жашы жете элек жактардын укуктары, эркиндиктери, мыйзамдык

кызыкчылыктары корголот.

Жашы жете элек балдардын укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзамдык кызыкчылыктарын коргоо улуттук мыйзамдарда жана эл аралык укуктук ченемдик актыларда каралган принциптерге негизделет. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 6-беренесине ылайык эл аралык укуктун жалпы таанылган *принциптери* жана ченемдери, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык күчүнө кирген эл аралык келишимдер Кыргыз Республикасынын укуктук тутумунун ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын Конституциясында Адам жана жарандын укуктарынын, эркиндиктеринин жана милдеттеринин жалпы *принциптери* каралган. *Принциптердин* мазмуну: адамдын укуктары жана эркиндиктери алардан ажыратылгыс, укуктар, эркиндиктер адамдарга туулгандан тартып эле таанык экендиги жана сот тарабынан корголгондугу таанылат. Адам жана жаран укуктары, эркиндиктери өлкөбүздүн баалуулуктарына кирээри, укуктарды жана эркиндитерди чектеген мыйзамдардын кабыл алынуусуна тыюу салынаары, жашы жете элек баланын маанилүү кызыкчылыктарын колдоо жана камсыздоо принциби колдонулаары, адам же жаран жынысына, расасына, тилине, майыптуулугуна, этностук таандуулугуна, туткан динине, курагына, саясий же башка ишенимдерине, билимине, тегине, мүлктүк абалы боюнча басмырланбашы керектиги каралган.

Эл аралык деңгээлдеги *принциптер* төмөндөгү укуктук булактарда каралган: БУУнун Адам укуктарынын жалпы декларациясында (1948), Баланын укуктары жөнүндө конвенцияда (1989), Кыйноолорго жана башка катаал, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамилеге же жазага каршы конвенцияда (1984), Аялдарга карата басмырлоонун бардык түрлөрүн жоюу жөнүндө конвенцияда (1979).

*Өлкөнүн жаранынын укуктук макамы* ушул мамлекеттин аймагына келген башка адамдардын укуктук макамына караганда кененирээк, бул биринчи кезекте адамдын саясий укуктарынын өзгөчөлүктөрүнө

байланыштуу болот. Бул жарандардын жана мамлекетте жарандыгы жок жүргөн адамдардын укуктук макамы тууралуу сөз кылууга негиз берет. Өз кезегинде, жарандыгы жок жүргөн адамдарды эки топко бөлүүгө болот: чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар. Алардын негизги айырмачылыгы: *чет өлкөлүк жарандар* өз ата-мекени менен дагы, кабыл алуучу мамлекет менен дагы мыйзамдуу түрдө байланышта болот, ал эми *жарандыгы жок адамдар* кайсы мамлекеттин аймагында жүрсө, ошол мамлекеттин юрисдикциясына толугу менен баш ийет.

*Укуксубъективдүүлүк* – физикалык жана юридикалык жактардын укук жана милдеттерге ээ болуу жөндөмдүүлүгүн билдирген категория. Алар түздөн-түз өздөрү же өкүлдөрү аркылуу укуктарын иш жүзүнө ашырат жана милдеттерин аткарышат. Укук-субъективдүүлүктүн элементтери болуп укукка жөндөмдүүлүк, аракетке жөндөмдүүлүк саналат [241].

*Жарандык укукка жөндөмүүлүк* – бул жарандык укуктарга жана милдеттерге ээ болуу жөндөмдүүлүгү бардык жарандар үчүн бирдей таанылат. Жарандын укукка жөндөмдүүлүгү ал төрөлгөн учурда пайда болот жана өлүмү менен аяктайт. Эч кимдин укук жана эркиндиктери чектөөлөргө кабылбашы керек. Жарандын курагы, психикалык жана физикалык абалы анын укукка жөндөмдүүлүгүнө таасир этпейт [71, б. 83].

*Аракетке жөндөмдүүлүк* – жаран өзүнүн аракеттери менен укуктарга ээ болууга жана аны иш жүзүнө ашырууга, милдеттерди түзүүгө жана аны аткарууга болгон жөндөмдүүлүгү. Аракетке жөндөмдүү болуу үчүн адам өзү тараптан жасалып жаткан аракеттердин маанисин, мүнөзүн туура баалап жана аңдап билиши керек. Башкача айтканда субъекттин укуктук касиеттери анын психикалык абалынан көз каранды болот [71, б. 87].

*Жашы жете элек балдардын укуктары, эркиндиктери, мыйзамдык кызыкчылыктары, милдеттери, укуксубъективдүүлүгү, кепилдиктер, принциптер баары тең укуктук макамдын конструкциясына кирээри талашсыз. Бирок жашы жете элек балдар аң сезиминин толук калыптана электигине жана укуктук мамилелердин толук кандуу субъектиси болуу*

*үчүн белгилүү куракка жетиле электигине байланыштуу өздөрүнүн укуктук макамын өз алдынча ишке ашыра алышпайт. Андыктан мыйзамдарда каралган укуктук макамдын категориясына кирген түшүнүктөр, жашы жете элек балдардын ата-энелери, асырап алган ата-энелери, камкорчулары, көзөмөлчүлөрү аркылуу гана ишке ашып калат.*

Юридикалык адабияттарда жашы жете элек балдардын укуктук макамынын мүнөздөмөлөрү укуктук ***макамдардын үч негизги түрүнүн*** алкагында жүзөгө ашырылат, алар:

1. ***Жалпы;***
2. ***Атайын;***
3. ***Жеке*** **[**80, б. 296**]**.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдары бир катар классификациялык критерийлер боюнча жашы жете электердин укуктук макамында төмөнкү субмакамдарды аныктоого мүмкүндүк берет:

а) *тармактык критерий боюнча* – Жарандык укуктагы, Жарандык процесстик укуктагы, Үйбүлөлүк укуктагы, Эмгек укугундагы, Турак жай укугундагы, Кылмыш-жаза укугундагы жана Кылмыш-жаза процессуалдык укуктагы субмакамдар;

б) *курак критерийи боюнча* – 14 жашка чейинки жана 14 жаштан 18 жашка чейинки жашы жете элек жактын субмакамдары;

в) *социалдык максаттары боюнча* - жеке эркиндиктин макамы, саясий жана социалдык -экономикалык макамы;

г) *аракетке жөндөмдүүлүк чөйрөсүнө жараша* - толук аракетке жөндөмдүү жактын макамы, толук эмес аракетке жөндөмдүү жактын макамы, аракетке жөндөмдүүлүгү чектелген жактын макамы;

д) *укуктук көрсөтмөлөргө карата адамдын кылган мамилесине жараша* - мыйзамдуу жүрүм-турумдун субъектисинин (адаттагы макам) жана жашы жете элек тартип бузуучунун субмакамдары;

ж) *жагдайдын турпатына жараша* - катаал турмуштук кырдаалда турган жашы жете электин жана нормалдуу турмуштук кырдаалда турган

жашы жете электин субмакамдары;

и) *форма менен маңыздын катышына жараша* - жашы жете элек жактын формалдуу (нормативдик) жана чыныгы (реалдуу) субмакамдары.

Укуктун башка тармактарына салыштырмалуу, конституциялык укукта адамдардын жана жарандардын укуктук абалы жалпыланып чагылдырылат, бул анын өзгөчөлүгү менен шартталат.

Жалпы укуктук макам атайын жана жекече юридикалык позицияга салыштырмалуу *жалпылуулугу* жана *эң чоң статикалуулугу* менен айырмаланат. Ал жок дегенде мамлекеттин чегинде бүтүн деп саналат - жана көптөгөн укуктук мамилелердин субъекттеринин мүнөздөмөлөрүнө жана учурдагы кырдаалга көз каранды эмес, ал башка укуктук макамдарга карата негизги, баштапкы болуп каралат.

Мисалы, Э.Р. Абызова: “*жалпы (же конституциялык) укуктук макам* мамлекеттин Конституциясы тарабынан негизги макам катары аныкталат жана баарына жалпы жана бирдей болот**.** Өлкөнүн башкы мыйзамында жазылган дал ушул укуктар менен милдеттер мындай макамдын мазмунун түзүшөт” [180, б.28] деп жазат.

О.В. Бутко: “*жалпы* жана *конституциялык* макамдар өз алдынча эки башка макамдар жана биринчисинин алкагы конституциялык укуктун ченемдери менен чектелбеши керек” [182, б. 241] деген ойду айтып келет. Мындай пикирди Н.В. Витрук: “эгерде укуктук макам бардык жарандар үчүн бирдей болсо, анда анын мазмунун ар бир жаран ала турган жана ишке ашыра турган жалпы укуктар жана милдеттер аркылуу ачып берүү табигый көрүнүш” [80, б. 448] деп билдирген.

Жеке адамдын жалпы конституциялык укуктары дагы, жалпы тармактык укуктары менен милдеттери дагы жалпы укуктарга жана милдеттерге кирет, В.В. Ровный дагы бул пикирге кошулат [170, б. 87].

В.Д. Перевалов да жалпы жана конституциялык макамдардын өз алдынчалуулугун белгилейт жана анын позициясы жогоруда каралгандан бир аз айырмаланат. Ал “жеке адамдын жалпы (эл аралык) укуктук

макамына мамлекеттин ички мыйзамдарынан сырткары, эл аралык коомчулук иштеп чыккан жана эл аралык укуктук документтерде бекитилген укуктар, эркиндиктер, милдеттенмелер жана кепилдиктер кирет” [129, б. 160] деп эсептейт.

Окумуштуу Н.И. Матузов *жалпы* макамдарды Конституциялык, *атайын* макамдарды тектик (родовой) ал эми *жеке* макамдардын чеги физикалык жактардын, юридикалык жактардын, чет өлкөлүк жарандын, жарандыгы жок жактардын макамдарын жана тармактык (Граждандык укуктагы, Эмгек укугундагы, Үйбүлө укугундагы жана башка мыйзамдардагы) макамдарды камтый тургандыгын бөлүп караган [144, б. 267].

Окумуштуулар А.Ю. Якимов жана В.А. Кучинский укуктук макамдарды *жалпы* жана *атайын* деп бөлүүнүн зарылчылыгы жок экендигин белгилешкен жана “конкреттүү *жеке (индивидуальный) укуктук макам*”-деген терминдин ордуна “*укуктук абал*”-деген терминди колдонууну сунушташкан [150, б. 115].

*Бул маселелер боюнча биз өз позициябызды биротоло түптөөдөн алдын, жалпы деген сөздүн этимологиясына кайрылалы.* Укуктук макамга байланыштуу бул сөздүн төмөнкү:

- баарына мүнөздүү, баарына тиешелүү;
- бүтүн, бардыгы;
- бир нерсенин негиздерине тиешелүү;
- деталдары жок, маңыздуу нерселерди гана камтыган деген сыяктуу

маанилерин ажыратууга болот.

Ошону менен, *жалпы укуктук макамдын* көп маанилүүлүгү түшүнүктүү болуп калат: бул бир жагынан, баарына (айрым категориядагы адамдардын өзгөчөлүктөрүн эске албастан) мүнөздүү катары; экинчи жагынан, адамдын укуктарынын, эркиндиктеринин жана милдеттенмелеринин бүт баарын чагылдырган мазмуну катары (белгилүү бир субъект эске алынбайт); үчүнчүсү (конституциялык укуктун көз карашы

менен алганда) – конституциялык ченемдердин жалпылануусуна байланыштуу, эң зарыл нерселерди гана камтыган түшүнүк.

Демек, жеке адамдын жалпы укуктук макамы тиешелүү мамлекеттин конституциялык мыйзамынын булактарында жазылган адамдын укуктары, эркиндиктери жана милдеттери менен калыптанат. Ошол эле учурда, Кыргызстанда адамдын жалпы укуктук макамынын “эл аралык курамдык бөлүгү” да айдан ачык, анткени Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдер, ошондой эле эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптери жана ченемдери Кыргыз Республикасынын укук тутумунун ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

*Биздин пикирибиз боюнча, тармактык укуктук макамдарды жана милдеттенмелерди жалпы укуктук макамга киргизүү ашыкчалык кылат, анткени алар конституциялык уруксаттарды жана көрсөтмөлөрдү конкреттештирип, алардын мазмунун сыпаттайт.*

*Атайын макам кандайдыр бир укук тармагынын алкагында чектелет, мисалы Жарандык укук жашы жете элек жактарга жарандык укуктук мамилелерде катышуу укугун, Үйбүлө укугу үйбүлө мамилелеринде катышуу укугун, Эмгек укугу эмгек мамилелеринде катышуу укугун берет. Өзгөчө көңүл бөлө турган жагдай Кыргыз Республикасынын Балдар жөнүндө кодекси, бул мыйзам жеке жашы жете элек балдар үчүн гана ишке ашырылган, мында турмуштук оор кырдаалда турган жашы жете элек балдардын укуктарын коргоонун жолдору дагы каралган.*

## 1.2. Кыргыз Республикасында жашы жете элек жактардын укуктук макамын жөнгө салуучу булактар

Кыргызстанда жашы жете электердин укуктары жана эркиндиктери ар кандай укуктук булактар: Кыргыз Республикасынын Конституциясы, Балдар жөнүндө Кодекси, Граждандык Кодекси, Жарандык процесстик Кодекси, Үйбүлө кодекси, Эмгек Кодекси, Кылмыш-жаза Кодекси, Кылмыш-

жаза процессуалдык Кодекси, Укук бузуулар жөнүндө Кодекси, Турак жай Кодекси, Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" Мыйзамы, "Кыргыз Республикасында балдардын ден соолугуна, дене бой, интеллектуалдык, психикалык, руханий жана адептик өнүгүүсүнө зыян келтирүүдөн алдын алуу боюнча чаралар жөнүндө" Мыйзамы, "Кыргыз Республикасынын жарандыгы жөнүндө" Мыйзамы, "Пробация жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, Балдардын укугу жөнүндө Конвенция, укуктук каада-салттар менен жөнгө салынат.

Алгач эле *жашоого болгон укукту* (ар бир адамдын, демек, жашы жете элек жактардын да укугун) айта турган болсок ал Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 25-беренесинде каралган. Аталган ченемди өнүктүрүүгө Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза Кодексинин 122-беренесинде адам өлтүрүү жана 125-беренесинде энеси жаңы төрөлгөн баланы өлтүргөндүгү үчүн жоопкерчилик каралган. Жашоого болгон укукту Балдардын укуктары жөнүндө Конвенциянын 6-беренеси "баланын жашап кетишин жана ден-соолугу чың болушун мүмкүн болушунча камсыз кылышы керек" деген мазмун менен бекемдейт.

Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза Кодексинин 68-беренеси он сегиз жашка чейинки курактагы кылмыш жасагандарга карата *өмүр бою эркинен ажыратуу* жаза чарасы дайындалбагандыгы жөнүндөгү ченемди караган. Бул Балдардын укуктары жөнүндө Конвенциянын 37-беренесинин "а" пунктунун талаптарына толук жооп берет.

Баланын ысымга (аты-жөнү, атасынын аты жана фамилиясы) болгон укугу Кыргыз Республикасынын Үйбүлө Кодексинин 63-64-беренелери менен жөнгө салынат. Ошол эле учурда, он жашка толгон баланын атын жана (же) фамилиясын ата-эне анын макулдугу менен гана өзгөртө алат. "Жарандык абалдын актылары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 30-беренесине ылайык он алты жашка толгондо, жашы жете электер аты-жөнүн өздөрү өзгөртүүгө укуктуу. Балдардын укуктары жөнүндө Конвенциянын 7-, 8-беренелери баланын жеке: ысым алуу, жарандык алуу,

ата-энесин таанып билүү, ошондой эле ата-энеси тарабынан камкордук көрүүлөр боюнча укуктарга ээ экендигин караган. Мындай укук бир жагынан, баланын ата-энесин билүүгө болгон укугун, экинчи жагынан, асырап алуу же биологиялык келип чыгуу сырларын акылга сыярлык деңгээлде айкалыштырууну талап кылат. Ата-энелер жөнүндө маалыматты мыйзамда көрсөтүлгөн жана уруксат берилген ыкмаларды колдонуу менен алууга болот.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 29- жана 56-беренелеринде адамдын ар-намысын жана кадыр-баркын сактоо укугу каралган, анда эч ким кыйноого, зомбулукка, адамдык башка ырайымсыз же кадыр-баркты басмырлаган мамилеге дуушар болбошу керектиги каралган, бул укуктук ченемди Балдардын укуктары жөнүндө Конвенциянын 37-беренесинин "а" пункту дагы бекемдейт.

Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө Кодексинин 13-беренеси аталган кодекстин негизинде физикалык жактарга жаза чара катары, дене-бойду зыянга учураткан, ар намысты кемсинткен максаттарды көздөбөйт экендигин караган. Кылмыш-жаза Кодексинин 137-, 138-беренелеринде бир нече жолу уруп-сабоолордун негизинде физикалык жана психикалык жактан жабыркоого дуушар кылган жакка карата жаза чаралары каралган.

Кыргыз Республикасынын Үйбүлө Кодексинин 59-беренесине ылайык баланын үй-бүлөөдө жашоого жана тарбиялануууга болгон укугу, 70-беренесине ылайык ата-энелик укуктарын жүзөгө ашырууда ата-энелер балдардын физикалык жана психикалык ден-соолугуна зыян келтирүүгө укугу жок экендиги каралган.

Кыргыз Республикасынын Үйбүлө Кодексинин 74-беренеси ата-энелик укуктан ажыратууга негиз болгон жагдайларды классификациялаган, алар: эгерде ата-эне жашы жете электердин ар-намысына жана кадыр-баркына шек келтирсе, балдарга орой мамиле жасаса, аларга карата физикалык же психикалык зомбулук көрсөтсө. Кыргыз Республикасынынын Үй-бүлө

Кодексинин 61-беренесинде “баланын корголууга болгон укугу” белгиленген. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза Кодексинин 138-беренеси “Уруп-сабап кыйноо”, 177-беренеси “Үй-бүлөлүк зомбулук”, 154-беренеси “Зордуктоо”, 155-беренеси “Сексуалдык мүнөздөгү зомбулук аракеттер”, 157-беренеси он алты жашка чыга элек адам менен сексуалдык мүнөздөгү аракеттерине карата жоопкерчиликтер каралган.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 32-беренесинде ар бир адамдын эркин ой жүгүртүүгө жана пикирге ээ болууга укуктуу экендиги, Үйбүлө Кодексинин 62-беренесинде жашы жете электердин пикирин эске алуу зарылдыгы каралган, бул укуктарды Баланын укуктары жөнүндө Конвенциянын 12-беренесинде баланын маалыматты издөө жана алуу аркылуу өз пикирин калыптандыра алат, ошондой эле ар кандай түрдөгү маалыматты жана идеяларды оозеки же жазуу жүзүндө жеткирип, өз оюн эркин билдире ала тургандыгы жөнүндөгү мазмун бышыктайт. Айрым учурларда баланын макулдугун алгандан кийин гана компетенттүү орган (камкорчулук жана көзөмөлчүлүк боюнча орган), сот тарабынан чечим кабыл алынат.

Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик Кодексинин 39-беренесинин 2-, 3- пункттарына ылайык толук аракетке жөндөмдүү (эмансипация) деп табылган жашы жете элек жак өзүнүн процесстик укуктарын жана милдеттенмелерин жеке өзү ишке ашыра алат, ошону менен каралып жаткан иш боюнча өз пикирин билдире алат. Сот процесске 14 жаштан 18 жашка чейинки жашы жете элек балдарды тартууга укуктуу, ал эми айрым учурларда ушул курактагы жашы жете электер сотто өз укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын жеке өзү коргой алууга укуктуу.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 45-беренеси Турак-жайга болгон укукту белгилейт. Кыргыз Республикасынын Турак жай кодексинин 43-44-беренелери турак жайларга муктаж болгон жетим балдарга, ата-энесинин көзөмөлүнөн ажыраган балдарга, эгерде энеге

“баатыр-эне” наамы ыйгарылган болсо, көп балалуу үй-бүлөө болсо, ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген балдарды тарбиялап жаткан үй-бүлөлөр болсо, анда аларга кезексиз турак-жай берүүнү караган.

*Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинде балдар Кыргыз Республикасынын эң баалуу байлыгы,* мамлекет балдардын ар тараптуу өнгүүсүнө (дене-бой, интеллектуалдык) шарттарды түзөөрү тууралуу, ушул эле мыйзамдын 19-беренесинде Кыргыз Республикасы медициналык тейлөө системасын өнүктүрөт деп каралган. Кыргыз Республикасынын Балдар жөнүндө Кодексинин 9-беренесинде ар бир балага жарандардын ден соолуктарын коргоо жөнүндө мыйзамдарда каралган негизде камсыздалуучу ден соолуктарын коргоонун, медициналык жардам алуунун ажырагыс укуктарына ээ экендиги жөнүндө айтылган. Балдардын укуктары жөнүндө Конвенциянын 24-беренесине ылайык Балдар – “эң алдыңкы саламаттыкты сактоо кызматын” колдонууга укуктуу болушат.

Кыргыз Республикасынын Балдар жөнүндө Кодексинин 4-беренеси ар бир бала дене-боюнун, акыл-эсинин, руханий, адеп-ахлактык жана социалдык өнүгүүсү үчүн негиз болгон жашоо деңгээлине укуктуу экендигин караган. КР Үй-бүлө Кодексинин 68-беренесинин 1-пунктунда ата-эне**,** биринчи кезекте, баланын өнүгүшү үчүн зарыл болгон жашоо деңгээлин камсыз кылууга милдеттүү экендиги каралган. Балдардын укуктары жөнүндө Конвенциянын 26-27-беренелерине ылайык Конвенцияга катышуучу-мамлекеттер ар бир бала социалдык камсыздандыруу, баланын физикалык, акыл-эс, руханий, адеп-ахлактык жана социалдык жактан өнүгүшү үчүн зарыл болгон жашоо деңгээлинен пайдаланууга укуктуу экендигин таанышат.

Эмгек эркиндиги жана ага байланыштуу эс алуу укугу КР Конституциясынын 42-беренесинде бекитилген. Жашы жете электер ата-энелеринин (аларды алмаштыруучулардын) жазуу жүзүндөгү макулдугунун негизинде эмгекке болгон жөндөмдүүлүктөрүн тескөөгө, коопсуз эмгек шарттарына, эмгек акыга жана эс алууга укуктуу.

Он сегиз жашка чейинки кызматкерлердин эмгек ишмердүүлүгүн жөнгө салуунун өзгөчөлүктөрү Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин 2-беренесинде, 10-беренесинде, 295-беренесинде ошондой эле бир катар башка беренелери менен белгиленет. КР Эмгек Кодексинин 295-беренесине ылайык белгилүү бир мамлекеттик орган жумушка орноштуруу үчүн социалдык жактан коргоого тиешелүү болгон жашы жете элек баланы жумуш берүүчүгө жөнөтсө, жумуш берүүчү кабыл алууга милдеттүү экендиги көрсөтүлгөн. Ошентип, 18 жашка чейинки жумушчулар кыскартылган жумуш күнүнө, түнкү жумуштарда иштөөгө тыюу салынгандыгы менен кошо башка жеңилдиктерден Эмгек Мыйзамына ылайык пайдалана алат.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 46-беренесине ылайык, ар бир адам билим алууга укуктуу, мамлекеттик же муниципалдык билим берүү мекемелеринде мектепке чейинки, негизги жалпы жана орто кесиптик билимдин болушу акысыз.

Ошол эле учурда негизги жалпы билимди алуу милдеттүү болуп саналат, конкреттүү окуучуга карата мындай талап ал 18 жашка чыкканга чейин күчүндө болот [4].

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 46-беренеси ар бир баланын билим алышы үчүн татыктуу шарттарды түзүү - бул ата-энелердин гана милдети эмес, ошондой эле мамлекеттин да милдети экендигин караган. Аталган ченемди Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө” Мыйзамынын 40-беренеси, Үйбүлө Кодексинин 68-беренеси бышыктайт. Анткени билим берүү мамлекетти куроочу элементтердин бири деп эсептелгендиктен, коомдун коопсуздугунун фактору болуп саналат. Билим берүү инсанды калыптандырат.

Балдардын укуктары жөнүндө Конвенциянын 28-беренесинин негизинде, катышуучу-мамлекеттер баланын билим алуу укугун таанышат ал эми 29-беренесине ылайык, жашы жете электерге билим берүү төмөнкү милдеттерди чечүүгө багытталышы керек:

- баланын жеке инсандыгын, талантын, акыл-эс жана физикалык мүмкүнчүлүктөрүн толук кандуу өнүктүрүү;
- адамдын укуктарын жана негизги эркиндиктерин урматтоого тарбиялоо;
- ата-энеге, бала жашап жаткан өлкөдөгү маданий өңчөйлүүлүккө, тилге жана улуттук баалуулуктарга, өзүнүн ата-мекенинен айырмаланган цивилизацияларга карата урмат-сый келтирүүгө тарбиялоо;
- баланы түшүнүү, тынчтык, толеранттуулук, аялдар менен эркектердин тең укуктуулугу жана бардык элдердин, этникалык, улуттук жана диний топтордун, ошондой эле жергиликтүү калктын өкүлдөрүнүн ортосундагы достук рухунда, эркин коомдо аң-сезимдүү жашоого даярдоо;
- курчап турган жаратылышты урматтоого тарбиялоо.

Жашы жете элек балдар өздөрүнүн жаш курактарынын өзгөчөлүктөрүнө жараша укуктарын иш жүзүнө ашыра алышат. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза Кодексинин 28-беренесинде жашы жете электердин жаза аткаруу жоопкерчилигинин так чектерин бекитүү менен мыйзам аларды үч категорияга бөлүп карайт: жоопко тартылбай тургандар 14 жашка чейинкилер, оор жана өтө оор кылмыштардын кээ бир түрлөрү үчүн жоопкерлер, кылмыш жасалган учурга чейин 14 жашка толгондор. Жалпы негиздер боюнча кылмыш-жаза жоопкерчилигине тартыла тургандар 16 жаштан жогоркулар.

Мындай бөлүштүрүүнүн негизинде жөн эле жаш курактары көрсөтүлүп калган эмес, тигил же бул куракка тиешелүү интеллектуалдык деңгээл аныкталган.

Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык Кодексинде 18 жашка чейинки жабырлануучу же окуяга күбө болгон балдарды суракка алууда, алардын ата-энелери же мыйзамдуу өкүлдөрү чакырылат. Эгерде жашы жете элек баланын ата-энеси же мыйзамдуу өкүлдөрү жок болсо,

балдарды коргоо боюнча мамлекеттик органдын ыйгарым укуктуу кызматкери чакырылат. Ал эми 14 жашка чейинкилерди күбө же жабырлануучу сапатында сурака алуу процессинде педагок же психологдор дагы чакырылат.

В. Лазарева кылмыш-жаза жараянындагы жашы жете элек катышуучулардын ичинен жабырланган жаш балдарды (кенже жаштагы жактарды) өзгөчө белгилеп кеткен: “Кээ бирде жашы жете электердин катышуусунда, мисалы жабырлануучу – жаш бала болсо, алардын мыйзамдуу өкүлүсүз тергөө аракеттерин жүргүзүү мүмкүн эмес” [159, б. 49].

В. Гавердовская менен И. Рязановдун эмгектеринде төмөнкүдөй нерсени байкоого болот: “14 жашка чейинки жаш бала болгон күбөнүн, жабырлануучунун катышуусунда сурак алууда милдеттүү түрдө педагог чакырылат, ал эми 14 жаштан 16 жашка чейинки жашы жете элек менен болгон суракта – тергөөчү өзү билет” деп жазылып турат [156, б. 30].

Мыйзамдарда жашы жетүүнүн так анык чегин көрө алабыз. Тактап айтканда, Кыргыз Республикасынын Граждандык Кодексинин 56-беренесинин 1-пунктунда төмөнкүдөй мазмунда көрсөтүлүп турат: Жарандын өз аракеттери менен жарандык укукка ээ болуу жана аны жүзөгө ашыруу, өзүнө жарандык милдеттерди алуу жана аларды аткаруу жөндөмдүүлүгү (жарандык аракетке жөндөмдүүлүк) жашы жеткенде, башкача айтканда он сегиз жашка толгондо пайда болот. Ушул эле курактык чек Кыргыз Республикасынын Үйбүлө Кодексинин 14-беренесинде да көрсөтүлөт.

Балдардын укуктары жөнүндө Конвенциянын түзүүчүлөрү жашы жетилүү маселесине карата мамлекеттердин мыйзамдарынын өзгөчөлүгүн эске алышкан жана улуттук мыйзамдарга гана таянып коюу менен чектелген эмес. Муну менен ар бир адамга 18 (он сегиз) жашка чейинки куракта укуктук коргоо зарыл экендигин белгилеп беришкен.

Балдардын укуктары жөнүндө Конвенцияга катышуучу өлкөлөрдүн көпчүлүгүнүн мыйзамдары боюнча жашы жетүү курагы Кыргызстандын

мыйзамдарындагыдай эле 18 (он сегиз) жаш. Ал мамлекеттер: Казахстан, Кытай, Таджикистан, Россия Армения, Афганистан, Беларусь, Бельгия, Азербайджан, Австралия, Албания, Болгария, Венесуэла, Вьетнам.

Дүйнөнүн кээ бир мамлекеттеринде жашы жетүү курагы бир топ жогору, мисалы, Аргентина, Боливия, Ботсвана, Бразилия, Египет, Индонезия, Кувейт мамлекеттеринде 21 (жыйырма бир) жаш кабыл алынган [232].

Жашы жетүү курагы мамлекет тарабынан жөн жайынан аныктала бербейт. Жашы жетүү курагын аныктоодо илимий жактан негизделген, адамдын дал ушул куракта физикалык жана психикалык жактан жетилүүсүн, курчап турган чындыкка адекваттуу түрдө баа бере алуусун, өзүнүн жүрүм-турумун мыйзамдарга ылайык башкара алуусун аныктаган негиздемелерге жана сунуштарга ылайык аныкталат.

Жашы жетилүү курагы жөнүндө окумуштуулардын сөздүктөрүнө кайрылсак:

С.И. Ожегов менен Н.Ю. Шведованын түшүндүрмө сөздүгүндө жашы жетүү деген түшүнүк адамдын толук түрдө аракет жөндөмдүү болгон курагы катары сыпатталат [126, б. 928]. Мында, аракет жөндөмдүүлүк - юридикалык мүнөздөгү аракеттерди жана ошол эле учурда жоопкерчиликти тарта алат деген маанини билдирет.

К.К. Юдахиндин сөздүгүндө: “жашы жетүү – жашы толгондук, баралына толгондук” деп берилүүдө [149, б. 992]. Демек, жашы толгон деген сөз – адамдын физикалык жана руханий жактан жетилүүсүн, баардык жарандык укуктарга ээ экендигин билдирет.

Юридикалык энциклопедиялык сөздүктө жашы жетүү деген түшүнүк мыйзам тарабынан бекитилген, бардык укук жана милдеттерге ээ болгон курак экендиги айтылат.

Ошентип, сөздүктөрдүн дээрлик бардыгында жашы жетүү түшүнүгү конкреттүү жашын көрсөтпөстөн туруп, бирок белгилүү бир бышып жетилүүнү, аракет жөндөмдүү болууну билдирген курак катары ачыкталат.

Мындай аныктоо бир өлкөнүн ичинде бирдиктүү болуп саналат тарыхый жана географиялык аспектилерден алганда, ал универсалдуу эмес, башкача айтканда жашы жете элек курактын мезгили социалдык жактан алганда түрдүү болот. Психолог Л.Ф. Обуховдун белгилөөсүнө таянсак, ал коомдун материалдык жана руханий маданиятынын деңгээлине түздөн-түз көз каранды [125, б. 443]. Мындан сырткары, жогоруда белгиленген жөндөмдүүлүктүн курамаланышы ар бир адамдын жекече-инсандык сапаттары (физиологиялык өсүүсү, биологиялык жана психологиялык өзгөчөлүктөрү) менен аныкталат, башкача айтканда курактын салттуу ченемине баш ийбеген, өздүк график менен гана өөрчүп келет.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында, эл аралык укуктук ченемдик актыларда, илимий адабияттарда жашы жете элек жактарды белгилөө үчүн ар түрдүү терминдер колдонулат: "жашы жете электер", "жашы жете элек балдар", "жаштар", "балдар", "өспүрүмдөр". Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларында жашы жетилгендиктин конкреттүү чеги көрсөтүлгөнү менен, айрым ченемдик актыларда "бала" деген сөзгө берилген аныктамалардын кемчиликтери бар экендиги такталды.

Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза Кодексинде *"Бала (балдар) - он сегиз жаш куракка толо элек жак"*. Кыргыз Республикасынын Үйбүлө Кодексинин 59-беренесинин 1-пунктунда *"Он сегиз жашка жетпеген (бойго жете элек) жак бала деп таанылат"*. "Кыргыз Республикасынын жарандыгы жөнүндө" Мыйзамынын 3-беренесинде *"балдар - 18 жашка чейинки адамдар"*, ушул сыяктуу аныктама "Кыргыз Республикасында балдардын ден соолугуна, дене бой, интеллектуалдык, психикалык, руханий жана адептик өнүгүүсүнө зыян келтирүүнүн алдын алуу боюнча чаралар жөнүндө" Мыйзамынын 1-беренесинин 1-пунктунда "*балдар (жашы жетпегендер) - 18 жаш куракка чыга элек балдар"*, Баланын укуктары жөнүндө Конвенциянын 1-беренесинде эгерде, ар бир 18 жаш куракка толо *элек адам баласы, өзүнө карата колдонулуучу мыйзам боюнча эрезеге эрте жетпесе, бала катары таанылат* деп көрсөтүлүп турат. Демек аталган

мыйзамдардагы беренелердин негизинде *“бала”* деген сөздү бир эле мааниде түшүнүүгө болот: мисалы 18 жашка жете элек курактагы бала. Бирок Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинин 2-пунктунда *ата-энени урматтоо жана камкордук көрүү - балдардын ыйык парзы* деп каралган, ал эми Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 1142-беренесинде *Мурас калтыруучунун балдары биринчи кезектеги мураскерлер болоору* жөнүндө жазылган, эгерде жогоруда көрсөтүлгөн мыйзамдарга ылайык *“Бала”* деген сөздү 18 жашка толо элек жашы жете элек жак катары гана түшүнүү керек болсо, Конституциянын 20-беренесинин 2-пунктуна ылайык ата-энелерге камкордук көрүү милдети жашы жете элек балдарга гана таандык болот, ал эми Граждандык Кодекстин 1142- беренесине ылайык 18 жашка жашы жете элек гана балдар мураскер катары саналып калуу божомолу болуп калат.

*Эгерде мыйзамдардагы дал келбөөчүлүктөр (коллизия) болбошу керектигин эске алсак анда “бала” деген сөзгө берилген аныктаманы өзгөртүү зарыл деп эсептейбиз..*

Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык Кодексинин 5-беренесинин 26-пунктунда *күбө бала – 18 жашка толо элек, ага кылмыш иши боюнча белгилүү болгон жагдайлар жөнүндө көрсөтмө берүү үчүн чакырылган адам,* ушул эле мыйзамдын 203-беренесинин 1-пунктунда *14 жаш куракка чейинки баланы күбө же жабырлануучу катары суракка алууда психолог же педагог да чакырылат* деген ченемдер каралган, демек 1 жаштан баштап 14 же 18 жашка чейинки каалаган куракты алууга болот, мисалы 1-3 жаш, 4-7 жашка чейин, биздин оюбузча бул курактагы балдарды жабырлануучу баланын ордуна коюуга мүмкүн болгону менен, күбө катары чакыруу акылга сыйбаган көрүнүштү чагылдырат.

Кыргыз Республикасынын Граждандык Кодексинин 63-беренесинин 2-пунктунда *14 жашка чейинки балдардын бүтүмдөргө баруу укуктарын* аныктаган ченемдер көрсөтүлгөн. Он төрт жашка чейинки балдар дегенде – биз туулгандан тартып он төрт жашка чейинки бардык курактагы балдарды

түшүнө алабыз, демек 63-березненин 2-пунктунун ченемдерин жаңы туулган же *1-7 жашка чейинки балдар* деле аткара алууга жөндөмдүү болуп калышабы, биздин оюбузча алар өздөрү жасап жаткан аракеттеринин укуктук натыйжасына жооп бере алышпайт. *Андыктан 14 жашка чейинки балдардын дагы жаш курагын, курактык категорияга бөлүү зарыл.*

Жогоруда каралып чыккан терминдерден башка, “жаштар (молодежь)” деген түшүнүк да көңүл бурдурууну талап кылат.

Кыргызстандын юриспруденциясында 14 жаштан 35 жашка чейинки жактар жаштар (молодежь) [35] деген категорияга таандык болушат.

Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы Ассамблеясы 1985-жылы Эл аралык Жаштар жылын белгилөө менен алгачкы ирет 15 жаштан 24 жашка чейинкилерди “жаштар (молодежь)” деген курак чегин белгилеп кеткен [204]. Ошону менен бирге БУУга мүчө өлкөлөр бул түшүнүктү өздөрүнүн улуттук Конвенцияларына, доктриналарына жана мыйзамдарына жараша аныктап алууга укуктуу болушкан.

Сөздүктөрдө “жаштар (молодежь)” деген түшүнүк – жаш муун, жаңы муун, жашы толо элек, карый элек адамдар, 14-16 жаштан 30-35 жашка чейинки курактагы социалдык-демографиялык топ деп түшүндүрүлөт. Алар курактык мүнөздөрү, социалдык абалынын өзгөчөлөктөрү, социалдык-психологиялык касиеттери менен айырмаланып турушат.

Ал эми жашы жете электердин жашоосу кайсы учурдан башталат деген суроого кайрылсак Кыргыз Республиксынын Граждандык Кодексинин 52-беренесинде Граждандын укукка жөндөмдүүлүгү ал төрөлгөн учурдан башталат жана каза болушу менен токтотулаары жөнүндө белгиленген.

Баланын жашоосунун башталышы тууралуу пикирлер түрдүүчө болгон. Бирөөлөр киндик кыркылгандан башталат десе, экинчилери түйүлдүк түйүлгөндөн, ал эми үчүнчүлөрү түйүлдүктүн кандайдыр бир мезгилин эсептешкен.

Балдардын укуктары жөнүндө Конвенцияны ратификациялоо учурунда ар кайсы мамлекет өзү чечет, кайсы учурдан тартып адамзаты бала деп

эсептелет, бирок бир шарт менен, ал мезгил бала апасынын денесинен бөлүнүп чыккан мезгилден кеч эмес болуусу керек. Мындан сырткары, төрөлө элек баланын өсүү мезгилинде кандай укуктук коргоолор болуусу керектигин, башкача айтканда Балдардын укуктары жөнүндө Конвенцияда төрөлө элек адамзаты үчүн эске алынган укуктардан кайсынысын кабыл алууну мамлекет өзү чечери каралган.

Мисалы, Франция Балдардын укуктары жөнүндө Конвенциянын 6-беренеси өз мыйзамдарындагы ыктыярдуу түрдө боюнан алдырууга тоскоолдук боло албайт деп эсептейт.

Гватемала болсо өз өлкөсүнүн Конституциясына гана таянаарын айткан, ага ылайык адамдын өмүрүн бойго бүткөн учурдан тартып коргоого мамлекет кепил болоору жазылган. Аргентина дагы ушундай эле пикирди билдирген. Ватикан эсе Балдардын укуктары жөнүндө Конвенцияны ратификациялоо менен бирге "үй-бүлөөнү пландоо" деген сөздөрдү моралдык талаптарга жооп берүүчү, үй-бүлөөнүн өлчөмүн пландоо деген түшүнүк катары кабыл алаарын ырастаган.

Улуу Британия менен Түндүк Ирландиянын Бириккен Королдугу жогоруда аталган өлкөлөрдөн айырмаланып, "Балдардын укуктары жөнүндө Конвенция- адамзаты жандуу төрөлгөндөн тартып аткарылууга жатат" деп эсептейт. Ботсвана, Индонезия, Малайзия сыяктуу башка мамлекеттер Балдардын укуктары жөнүндө Конвенциянын 1-беренесин өздөрүнүн конституциясына жана мыйзамдарына ылайык кабыл алаарын жарыялашкан.

Окумуштуулардын ортосунда талкуу жараткан маселелер да жок эмес.

Мисалы, Н.Е. Беседкина: "Баланын укугун мүмкүн болушунча эртерээк мезгилде, кала берсе курсактагы кезинен тартып коргоо маселесин коюу максатка ылайыктуу болоор эле" деп жазат [153, б. 56].

Н.Е. Крылова төмөнкүдөй: "Жер жүзүндө жашаган ар бир адам, төрөлгөнгө жана жеке адам макамын алганга чейин эмбриондук өсүү стадиясын басып өткөн" деген пикирди белгилейт [158, б. 38].

П.Ф. Наумовдун пикири боюнча: "Баланын жашоосунун башталышы

катары таануу үчүн, физиологиялык (табигый) же жасалма төрөттүн натыйжасында энесинин организминен толук түрдө (киндигин кесе элек болсо дагы) бөлүнүүсүн, экинчиден, төмөнкүдөй: дем алуу, жүрөгүнүн ошондой эле тамырларынын согуусу жана булчуңдарынын өз алдынча кыймылы сыяктуу белгилердин болуусун ченемдик негиз деп эсептеш керек”.

*Жогоруда баяндалган материалдарга талдоо жүргүзүүдөн улам, адамзаты бойго бүткөн учурдан жарык дүйнөгө келгенге чейинки мезгилдерде, авторлор тарабынан ар түрдүү аталаарын байкоого болот. Мисалы, “эмбрион”, “курсактагы бала (төрөлө элек бала)”. Бардык сунушталган терминдер орундуу, анткени авторлор аларды ар кандай социалдык көйгөйлөрдү баяндоодо, сүрөттөөдө колдонушат. Мисалы, бойдон алдыруу (аборт) көйгөйлөрүн чагылдырууда, адамдын өмүрүн сактоонун укуктук маанилүүлүгүн түшүндүрүү максатында, эреже катары, “курсактагы бала (төрөлө элек бала)” деген түшүнүктү колдонушу мүмкүн. Ошол эле учурда, “курсактагы бала (төрөлө элек бала)” менен “бала” деген түшүнүктөр башка-башка. Анын үстүнө төрөлө элек бала, азырынча энеси менен бир бүтүн организм. Андыктан өмүрдү жана ден-соолукту коргоо боюнча укукка “түйүлдүк”, “күмөн” же “курсактагы бала” эмес, боюнда бар аял гана ээ боло алат. Адамзаты качан жандуу төрөлсө гана укук жөмдүүлүккө жана бала макамына ээ боло алат.*

### 1.3. Кыргыздардын адат укугунун негизинде жашы жете элек жактардын укугун коргоо

Кыргыздардын адат укугу – бул башка элдердин адат укугу сыяктуу эле байыртадан бери салттуу коомдук мамилелерди жөнгө салып же укуктук аң-сезимди калыптандырып келген “жандуу мыйзам” болуп эсептелет.

Укуктук үрп-адаттар тарыхый жактан алганда, тээ Эне-Сай кыргыздарынын доорунан тартып, ортонку заман, ислам дининин таркалуу доору, андан кийин Октябрь революциясына чейинки коомдо укуктун биринчи жана кеңири таралган формасы болгон.

Революцияга чейинки мезгилдеги кыргыз укугунун негизги булактары болуп:

- адат укугу - патриархалдык-феодалдык мамилелерди коргоого багытталган феодалдык-уруулук ак сөөктөрдүн эркин жана кызыкчылыктарын билдирген үрп-адаттардын жыйындысы;

- бийлердин соттук практикасы;

- Шарият (Кыргызстандын түштүгүндө) эсептелген [189].

Кыргыздын уруулук жамаатынын шартында адат укугунун ченемдери соттун чечимдери сыяктуу кабылданган.

Узак мезгилдер аралыгындагы коомдук мамилелердин өнүгүшүнө жараша коом да бир топ өзгөрүүлөргө дуушар болуп келген, ал өз кезегинде бүтүндөй кыргыздардын адат укугунун модификацияланышынан байкалат. Коомдогу бул өзгөрүүлөр жашы жете элек балдар менен болгон укуктук мамилелер институтунун өнүгүшүнө да таасирин тийгизген, анын негизинде биз кыргыздардын укуктук мамилелерин адаттык жөнгө салуунун этаптарынын төмөнкүдөй мезгилдүүлүгүн аныктоого аракет кылдык:

- Кыргыздардын Россияга кошулганга чейинки мезгилдердеги укуктук мамилелерин адаттык жөнгө салуунун калыптануу жана өнүгүү этабы (XIX кылымдын 2-жарымына чейин);
- Кыргыздардын адат укугунун Россия империясынын укуктук системасына акырындык менен жуурулушуу этабы (XIX кылымдын 2-жарымынан – 1917-ж.);
- СССРдин укук системасындагы кыргыздардын укуктук мамилелерин ченемдик жөнгө салуунун калыптануу жана өнүгүү этабы (1917 - 1991-ж.);
- Кыргыз Республикасынын калыптанып жаткан улуттук укуктук системасында мамилелерди укуктук ченемдик жөнгө салуунун турукташуу этабы (1991-жылдан азыркы учурга чейин).

*Жашы жете элек жак* – бул үй-бүлө мүчөсү болуп саналат. Үй-

бүлө деген - никеден, тууганчылыктан, асырап алуудан же жашы жете элек балдарды тарбиялоо үчүн асырап алуунун башка формаларынан келип чыккан мүлктүк жана жеке мүлктүк эмес укуктар жана милдеттер менен байланышкан адамдардын чөйрөсү катары саналат.

“Үй-бүлө эң маанилүү коомдук баалуулуктарга кирет” деп эсептелинет. Коомдун ар бир мүчөсү социалдык макамынан, улутунан, мүлктүк жана материалдык абалынан тышкары да, төрөлгөндөн баштап өмүрүнүн акырына чейин үй-бүлөлүк жана никелик абал сыяктуу өзгөчөлүккө ээ .

Кыргыздарда үй-бүлөдөн бийигирээк деп эсептелген “Уруу” деген түшүнүк бар. Уруу байыркы доорлордон бери кыргыздардын коомдук түзүлүшүнүн негизин түзгөн. Мурда бул сөз айкашында “чыныгы жана болжолдуу тууганчылык байланышы боюнча бири-бири менен болгон бардык адамдардын биригүүсү” деген маанини билдирген [176, б. 13]. Кыргыздар үчүн тугандык байланыштар анын үй-бүлө жана нике циклинин маанилүү элементи болуп саналат, анткени кыргыздар үчүн туугандар менен баарлашуу күнүмдүк көрүнүш, андыктан туугандык байланыштар өзгөчө мааниге ээ болгон.

Уруулаш деген термин инсандын макамын, мүлктүк абалын, мураска болгон укугун, кызмат ордун ээлөө же тагыраак айтканда, наам алуу укугун жана башкаларды аныктайт [168, б. 25]. Ошентип, уруулаштык системасын үй-бүлө жана нике мамилелерин уюштурган түзүм катары эмес, кеңири кароо керек. Үй-бүлөнүн түзүмү деп анын мүчөлөрүнүн ортосундагы мамилелердин жыйындысы, анын ичинде рухий, адеп-ахлактык мамилелердин системасы, бийлөө-тейлөө, кадыр-барк мамилелери катары түшүндүрүлөт.

Кыргыздар арасындагы тууганчылык түзүлүшүн изилдөө азыркы кездеги уруулук каада-салттарды талдоо, ошондой эле кыргыз коомундагы уруулук мамилелердин эволюциясын кароо зарылчылыгынан улам келип чыккан. Кыргыздардагы тууганчылыктын

типтерин биринчи жолу Н.П. Дыренкова “Кыргыздар арасындагы нике, тууганчылык шарттары жана психикалык тыюулар” [94, б. 112] аттуу эмгегинде бөлүп көрсөткөн, ал кийин А. Джумагулов [88, б. 25] тарабынан улантылган.

Ата-энени урматтоо кыргыздардын адат укугунун милдеттүү нормасы болуп саналган жана бул норма муундан-муунга талашсыз өтүп келет: ата-энени сыйласаң, balaңдан жакшылык көрөсүң дешет [146, б. 18].

*Балдар* - кыргыз үй-бүлөсүндө улууларга кынтыксыз баш ийишкен.

Ошондой эле “Манас” эпосунда Көкөтөй хан уулу Бокмурунга: “Алган аялың уул төрөбөсө, же сен өлгөндөн кийин балаң (мураскериң) болбосо, малың ээсиз калат, энчисин бөлүшө турган эч ким болбойт, малыңдын баары алыскы туугандарга таланып калат” деп керээзин айтат [67, б. 279].

Негизи уул бала - уруктун улантуучусу болгондуктан, кыргыз үй-бүлөсүндө эркек баланын төрөлүшү маанилүү окуя болгон. Уул баланын төрөлүшү түрк тилдүү этностор үчүн атанын жана бүтүндөй үй-бүлөнүн социалдык абалынын жогорулашын билдирген. Ошол эле учурда, кыздын төрөлүшү орто кылымдын башында да кандайдыр бир бактысыздык катары кабыл алынган эмес [115, б. 38]. Кызга төрөлгөндөн тарта урмат-сый менен мамиле кылышкан, анткени ал келечекте башка үй-бүлөнүн мүчөсү жана кызы атасынын үйүндө конок болот деп ойлошкон.

Юридикалык жактан алганда, *балдар* адат укугунун нормалары аркылуу да кандайдыр бир деңгээлде коргоолорго ээ болушкан. Адат укугунун нормаларына ылайык үй-бүлөнүн укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоонун формаларын ажыратсак болот.

Адат укугунун нормаларына ылайык, үй-бүлө укуктарын коргоонун негизги жолдоруна төмөнкүлөр кирет: өзүн-өзү коргоо, укук

бузулганга чейин болгон макамды калыбына келтирүү, укукту сот тарабынан таануу, укукту бузган аракеттерге бөгөт коюу, милдеттенмени аткарууга мажбурлоо, үй-бүлөлүк мамилелерди өзгөртүү же токтотуу, ошондой эле коргоонун башка каражаттары.

Үй-бүлөлүк жоопкерчилик - бул адамдын өзүнүн укукка каршы күнөөлүү жүрүм-турумунун субъективдүү укугунан ажыратууга же башка кошумча жагымсыз кесепеттерге туруштук берүү милдети болуп саналат [120, б. 52].

Кылмыш жасоо – жоопкерчиликке тартуу үчүн негиз болуп эсептелген [147, б. 41]. Алсак, кыргыздардын адат укугуна ылайык үй-бүлө жана нике мамилелерине каршы кылмыштар деп төмөнкүлөр эсептелген: үй-бүлө мүчөлөрүнүн бирин кемсинтүү, ата-бабалардын мүрзөлөрүн кордоо, ата-энеге баш ийбөө, жакын туугандардын баш кошуусу (кровосмешение), аялды уурдап кетүү, зордуктоо жана зынакорлук.

***Үй-бүлө мүчөлөрүнүн бирин кемсинтүү.*** Кыргыз үй-бүлөсүндө мамилелер адат укугу тарабынан катуу жөнгө салынып, үй-бүлөнүн ар бир мүчөсүн (анын ичинде жашы жете элек балдарды) урматтоо жана сыйлоо принциптерине негизделип келген. Анткени үй-бүлөлүк достук мамилени сактоо ар бир кыргыздын милдети болгондуктан, бул милдетти бузган адам жоопкерчиликке тартылышы мүмкүн болгон. Алсак, 1893-жылдагы Токмоктогу чукул курултай тарабынан кабыл алынган Эреженин 97-пунктуна ылайык, ата-энесине жана жакындарына жасалган ар кандай укук бузуулар үчүн күнөөлүүлөр мыйзам тарабынан элдик сотторго берилген жана күнөөлөрүнүн далилденишине жараша жазаланышкан [147, б. 440].

***Балдардын ата-энесине баш ийбөөсү.*** Кыргыздын тарбиясына негиз болгон улуу-кичүү принциби үй-бүлө ичиндеги да, эл арасындагы да мамилелердеги негизги принцип болуп саналат, мында “Улууга урмат, кичүүгө ызат” модели боюнча улуусу өз ордун билип, кичүүгө

үлгү болушу керек, ал эми кичүүсү улууну сыйлашы керек деп эсептелген. Кыргыздардын адат укугунун бул нормасы укуктук формага ээ болуу аркылуу биздин заманга чейин сакталып калуу менен *Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 21-беренесинин 2-пунктунда: "Улууларды урматтоо, кичүүнү ызаттоо – элдин ыйык салты"* деп аталган каада-салттын нормасы киргизилген.

***Кыз ала качуу*** көбүнчө зордуктоо менен байланышкандыктан, мындай учурдагы нике формасы мыйзамсыз деп эсептелген. Мисалы, Токмок Эрежесинин 30-беренесине ылайык, *12 жаштан ашкан*, бирок сөйкө салына элек кызга карата зордук-зомбулук менен коштолгон бузукулук жасагандыгы үчүн, кылмышкер ага үйлөнүүгө, шарт боюнча кыздын жакындарына калың төлөп берүүгө, ошондой эле кыздын абийирине шек келтиргендиги үчүн 9 баш мал айып төлөп берүүгө милдеттүү болгон [147, б. 442]. Кылмышкер өзү бузуп койгон кызга үйлөнүүгө макул болбогон учурда же кыз ошол кылмышкердин аялы болгусу келбесе, анда эки тараптын үйлөнүүдөн баш тартуусуна карабастан кылмышкерди калың менен айып төлөөдөн бошоткон эмес.

Үй-бүлө башчысынын – атанын укуктук макамы адат укугунун ченемдери менен аныкталган. Үй-бүлө башчысынын укугу төмөнкүдөй бир катар ыйгарым укуктарды камтыган:

1) Үй-бүлө ичиндеги талаш-тартыштарды чечүү;
2) Үй-бүлө башчысы уулдарын баш ийбегендиги үчүн өзүнүн чечими боюнча жазалоого, ал тургай айрым учурларда аларды үйүнөн куучп чыгууга укуктуу болгон;
3) Мурасты өз каалоосу боюнча бөлүштүрүү, жада калса балдарын мурастан ажыратуу укугу;
4) Кыздарга күйөө тандоо, ошондой эле кыздын себин алуу маселелерин чечүү укугу;
5) Жалпы үй-бүлөлүк мүлктү тескөө укугу.

***Ата-энелер менен балдардын ортосундагы мамилелер.***

Ата-энелер менен балдардын ортосундагы мүлктүк эмес жеке мамилелер төмөнкүдөй түрлөргө бөлүнөт:

- ата-энелер менен жашы жеткен балдардын ортосундагы мамиле;
- асырап алуучулар менен асырандылардын ортосундагы мамиле.

Ата-эне менен балдардын ортосундагы мамиле патриархалдык принциптерге негизделген. Ата-эне балдарын тарбиялоого жана толук камсыз кылууга милдеттүү, ал эми балдар абсолюттук түрдө ата-энеге баш ийүүсү милдеттүү болгон. Ошол эле учурда ата-эненин балдарга карата укугунда кээ бир чектөөлөр да болгон. Мисалы, ата балдарын сатып, өмүрүн кыюуга укугу жок болгон. Балдарынын жүрүм-турумун же тарбиясын оңдоп-түзөө үчүн ата үйдөгү түзөтүү чараларын колдонууга укуктуу эле. Эгерде бул чаралардан жыйынтык чыкпаса, ата-энелер балдарынын үстүнөн атасынын жана энесинин өтүнүчү боюнча аларды жазалап берүү максатында бийлерге даттанууга укуктуу эле [146, б. 27]. Мындан сырткары, атасы ага өз каалоосу боюнча энчи бөлүп берип, баш ийбегендиги үчүн уулун үйдөн кууп чыгууга укуктуу болгон.

Ата-энелер кызга күйөө, уулга аял тандоого чейин укуктуу болушкан. Кыздар уулдарга салыштырмалуу бир аз башкача макамда болушкан. Анткени кыз турмушка чыкканга чейин убактылуу гана үй-бүлө мүчөсү болуп калаары, андан кийин үй-бүлө менен анын ортосундагы дээрлик бардык байланыштар токтоп калуусу менен түшүндүрүлгөн.

"*Ата жакшы – уул жакшы, эне жакшы – кыз жакшы*" деген макал да бекеринен айтылган эмес [146, б. 17]. Бул макалга таянсак, атанын маданияты уулга ал эми эненин маданияты кыз балага карата тарбиялык мүнөзгө ээ болот деген пикирди айткыбыз келет. Азыркы коомдо жашы жете элек балдарды тарбиялоодо, биринчи кезекте ата-эне балдарга үлгү болушу керек. Ата-эненин үй-бүлөдөгү жана коомдогу жүрүм турумуна, маданиятына карап жашы жете элек балдар тарбияланат.

Кыргыздардын адат укугунда ***бала асырап алуу*** сыяктуу институт

өкүм сүрүп турган. Бул салттын негизги себептери: ымыркайлардын өлүмүнүн көп болушу, аялдардын төрөбөстүгү, үй-бүлөнүн материалдык жактан кыйынчылыгы болгон. Асырап алуу актысы күбөлөрдүн – туугандарынын катышуусунда жүргүзүлүп, ырым-жырымдар менен коштолгон, асырап алынган балага асырап алган энеси өзүнүн сүтүн берген [77, б. 111]. Ошентип, асырап алынган бала өз сүтүн берген эненин баласынын бир тууганы болуп калат. Бала асырап алуу ымыркай кезинде да, 15 жашка чейинки куракта да болгон. Асырап алган балага жаңы ат коюлуп, ал асырап алган атасынын фамилиясын алган [124, б. 80].

Ар бир кыргыз өзүнүн жакын туугандарынын да, чоочундардын да балдарын асырап алганга укуктуу болушкан. Кыргыздар өз ыктыяры менен балдарын башкаларга, айрыкча баласы жок туугандарына тарбиялоого достуктун, жакындыктын жана туугандыктын белгиси катары гана беришкен. Мисалы, “Манас” эпосунда Манастын ата-энеси анын болочок өнөгү болуучу Алмамбетти багып алуу окуясы баяндалган бул *асырап алуу каадасынын* тартиби экендигин көрө алабыз [121, б. 101].

Тарбиялоо жана багуу жоопкерчилиги толугу менен багып алган ата-энеде болгон; чыныгы ата-энелер кийлигишүүгө укугу жок болчу, анткени кийлигишүү ишенбөөчүлүк катары кабыл алынган. Көпчүлүк учурда эркек балдар – туугандардын (көбүнчө жакындарынын) эркек балдары (бир туугандын уулу, небереси) асырап алынган [68, б. 155]. Эгерде турмушка чыга элек кыз асырап алынган болсо, анда анын асырап алган атасы ал үчүн калың алат, ал эми калыңдын бир бөлүгү гана, эне сүтү катары кыздын биологиялык ата-энесине өткөрүлүп берилген. Эгерде ата-энеси тирүү болбосо, анда баары багып алган ата-энеге берилген.

Ата-энесинин экөө тең каза болгон учурда баланы тарбиялоо жана багуу ата-энесинин жакындарына жүктөлгөн. Чогулушта, каза болгон ата-эненин баласын асырап алуучулары негизинен атасы жактан тууган болуп эсептелгендер тарабынан дайындалган. Ошентип, асырап алуу

маселесин дайыма асырап алынган баланын ата-энесинин жакындары чечкен.

Адат укугунда бала никесиз төрөлсө, үй-бүлө башчысы менин балам деп кабыл алган болсо, анда никесиз төрөлгөн бала, мыйзамдуу балдар менен бирдей укукка ээ болгон. Адат укугу боюнча, никесиз же күйөөсүнөн эмес башка бирөөдөн төрөлгөн балдарды үй-бүлөнүн башчысы тааныбаса же кабыл албаса, анда ал балдар өмүр бою кемсинтүүлөргө кабылышкан [77, б. 256].

***Башка туугандардын ортосундагы жеке мамилелер.*** Биз жогоруда белгилегендей, кыргыздар үчүн үй-бүлөлүк байланыштар кыргыздардын адат укугу тарабынан жөнгө салынган ар кандай коомдук мамилелерди жөнгө салуунун маанилүү звеносу болгон.

Кыргыздардын адат укугунда баланын чоң атасы, чоң энеси, бир тууганы жана башка туугандары менен баарлашуу укугу белгиленген, мисалы, бала менен анын тай журтунун ортосунда өзгөчө мамиле болгон. Демек, кыргыздар кызынын уулун (жээнин) багып берүүгө алса, анда ага энчи бөлүп бербейт, жээн небереси таятасынын каражатынын эсебинен үйлөнгөн болсо да, кийин өз атасына кайтып келе беришчү. Жээн небере таятасынын мурасына укуктуу болгон эмес, анткени ал асырап алынган эмес, болгону багып (тарбиялап) берүү үчүн гана алынган бала катары эсептелген.

Адат укугунун жакшы жактарынын бири - ата-энесиз же камкорчусуз калган балдар үчүн жакындарынын өз ара жоопкерчилигинин системасын караштыра алган. Бул кубулуш кыргыз үй-бүлөсүнө өз ара жардамдашуу, өз ара жоопкерчилик сыяктуу улуу сапат, нарктуу өзгөчөлүк таандык экендигин билдирген.

Адат укугунун ченемдерине ылайык, мүлк бөлүштүрүү (энчи), кыздын калыңы жана себи кыргыздардын ортосундагы нике жана үй-бүлөлүк мамилелердин маанилүү жана өз ара тыгыз байланышкан институттары болуп саналган.

***Ата-эне менен балдардын ортосундагы мүлктүк мамилелер*ге** карата адат укугунда биринчи кезекте баланын жынысына жана анын жашына жараша айрым жоболор каралган жана адат укугу үйдөн бөлүнбөгөн жана бөлүнгөн уулдар деп дагы айырмалап караган.

Алгач балдар үчүн мүлктү бөлүштүрүү боюнча жалпы жоболорду карап көрөлү. Балдардын негизги мүлктүк укуктарынын бири энчи укугу болгон [84, б. 49]. Адат укугу уулдарга берилчү энчи менен турмушка чыккан кыздарга берилчү энчини айырмалап караган, анткени энчинин ар бир түрү өзгөчө мүнөзгө ээ болгон. Балдарды бөлүп чыгаруу үчүн мүлктү бөлүштүрүү адаттын татаал элементтеринин бири болгон.

Ата-эне балдарын кандайдыр бир мүлк менен камсыз кылууга милдеттүү болгон, муну: "Эркек болсо кулуну, энчилейин балама", "Эзелден кыргыз элимден энчилеген жери экен" сыяктуу кыргыз фольклорлору тастыктайт [149, б. 455]. Атасы көзү тирүү кезинде улуу балдарын үйлөнтүп, аларга белгилүү өлчөмдө мал, боз үй жана энчи деп аталган үй буюмдарын тартуулоого аракет кылган.

Адат укугу үй-бүлөдөгү ар бир уулдун белгилүү бир үлүштөрүн бекитип берген, мындан сырткары, жүйөлүү себептер болбосо, ата-эне бир да баланы энчисиз калтырууга укуксуз экендигин көрсөтүп койгон [84, б. 503]. Балдарынын бирин бөлүп чыгарууну чечкен үй-бүлө башчысы жакындарына ниетин жана бөлүнүп чыгып аткан балага мүлктүн кайсы бөлүгүн берерин билдирген. Үй-бүлө мүчөлөрүнө бөлүп берүүнүн өлчөмү үй-бүлөнүн мүлктүк абалына жана ата-энелердин каалоосуна жараша болот. Эгерде уулу бөлүнгөн энчиге ыраазы болбосо, анда ал жөнүндө түз атасына айта алган эмес, ал болгону ага туугандары аркылуу кыйыр түрдө айттыра алган.

Бөлүнбөгөн уулдары ата-энеси менен чогуу жашашкан, ал эми бөлүнгөн уулдары өз алдынча чарба жүргүзүшкөн. Бирок белгилей кетчү нерсе, кенже уул үлүш же энчи алууга укугу жок болгон, анткени ал ата-энеси менен бирге жашоосу шарт болгон, ал эми атасы каза болгондон

кийин кенже уулу минорат принциби боюнча калган бардык үлүштү мурастап калган. Демек, кенжесинин үлүшү бир туугандар бөлүнгөндөн кийин калган мүлктү, тактап айтканда: боз үй, үй мүлкү, мал болгон.

Энчиге бөлүнгөн мал-мүлктөн тышкары, атасы уулдарына колуктунун калыңын төлөп бериши керек болчу, ошондуктан, уулдарды бөлүүдө атасы колуктунун калыңын алып салгандан кийин калган бардык мүлкүн, кенже уулунан башка канча уулу болсо, ошончо бөлүккө бөлгөн.

Бөлүнгөн уулдарынын мүлкүнө атасы эч кандай укукка ээ болгон эмес, бирок экономикалык оор абалга туш болгон учурда атасы бөлүнгөн уулунан багуу жана жардам алуу укугуна ээ болгон. Эгерде ата-эне балдарынын үстүнөн арыз менен бийлерге кайрылса, анда карыган ата-энелерди багуу балдардын негизги милдеттеринин бири деп саналгандыктан, иш дайыма ата-эненин пайдасына чечилчү. Эгерде атасы менен апасы уулу менен жашаса, анда мындай иштер ата-эненин пайдасына дароо чечилчү. Бирок, бийлер балдардын үйлөнтүү, энчи сыяктуу даттанууларынан башка ата-энесине койгон дооматтарын кабыл алышкан эмес, анткени мындай иштер жакындарынын чөйрөсүндө чечилип, үлүшүн бөлүп берүү менен баласын бөлүп чыгарууга көмөк кылынган [110, б. 128].

Бөлүштүрүүнүн маанилүү себептеринин бири - мурас боюнча талаш-тартыштар болгон, ошондуктан мындай чыр-чатактарды болтурбоо үчүн атасы тирүү кезинде мүлктүн тиешелүү бөлүгүн үй-бүлөнүн бойго жеткен мүчөлөрүнө бөлүп берген. Эгерде атасы бөлүнбөгөн уулун мурастан ажыратууну каалаcа, анда тирүү кезинде сөзсүз түрдө аны бөлүп чыгарууга туура келген. Эгерде бөлүнбөгөндөр жок болсо (бул кенжеси каза болгондо гана мүмкүн), анда маркумдун бардык мүлкү бөлүнгөн уулдарына өтүп, алардын ортосунда тең бөлүштүрүлгөн.

Уулдарды бөлүп чыгаруу жашы улуулугуна жараша никелүү болгондон кийин гана жүргүзүлөт жана уулунун жаш курагы он беш

жаштан кем болбошу керек [96, б. 27]. Бирок бул жаш Кыргызстандын аймактарында ар кандай да болгон. Мисалы, Таластык кыргыздарда уулу 13 жаштан кем эмес жана үйлөнгөн болуусу шарт болгон [84, б. 43], ал эми Чүй жана Тянь-Шань кыргыздарында бойго жеткендик андан кечирээк деп саналаган, демек, бөлүнүү да кийинчерээк болгон [67, б. 480]. Эгерде бойго жеткен уулу бөлүнбөсө, анда атасы дагы эле ага тамак-аш жана тиричиликке керектелүүчү малдын белгилүү өлчөмүн берген [95, б. 41]. Балдары да, кыздары да бойго жеткенге чейин ата-энесине толук көз каранды болгон [148, б. 14].

Эгерде атасы белгилүү бир убакта баласынын өтүнүчү боюнча аны үйдөн бөлүп чыгара албаса, анда уулу үй-бүлөдөн эч кандай энчисиз эле бөлүнүп чыгып кетүү укугуна ээ болгон, бирок келечекте өзүнө тиешелүү болгон мүлктү талап кылуу укугунан ажыратылган.

Адат укугунда кызына да энчи каралган, ал септин бир бөлүгү деп эсептелген. Жумагулов А. белгилеп кеткендей: "Кыздар энчиге укуктуу болушкан, аны атасы кызы турмушка чыккан тоюнан кийин бир жылдан үч жылга чейинки аралыкта берген" [88, б. 41]. Энчи негизинен ар кандай малдан турган.

***Адат укугунун артыкчылыктуу белгиси катары алсак, бойго жете электердин курактык аралыгын белгилей алышкан:*** *ымыркай, наристе, тестиер, жеткинчек, өспүрүм* деген аталышта. Адат укугунун нормалары 15 жашка чыга элек балдардын менчикке укугу жок экенин, алар ал боюнча эч кандай мыйзамдуу бүтүмдөрдү түзө албастыгын белгилеген. Алардын дагы эле акылы толо элек, андыктан алардын бардык: сатып алуу, сатуу, карызга берүү жана башка ушул сыяктуу бүтүмдөрү жараксыз деп эсептелген [84, б. 47]. Э.Э. Молдоев да ушундай эле:- "Жашы жете электер, психикалык жактан оорулуулар жана аялдар бүтүмгө түз эмес, алардын өкүлдөрү – атасы, бойго жеткен уулдары жана жакын эркек туугандары аркылуу гана катыша алышкан. Шарият боюнча колдонууга тыюу салынган, "арам" деп таанылган мүлктү (алкоголдук

ичимдиктер, чочконун эти, булгаары ж.б.) сатып алуу-сатуу келишимдери жараксыз деп табылган” [190] деген пикирди карманат. Бийлер тууганларынын өтүнүчү жана суранычы боюнча мүлкүнө ысырапкорчулук менен мамиле жасагандардын үстүнөн камкорчу дайындай алышкан.

Кыздардын мүлктүк укуктары жөнүндө төмөнкүлөрдү айтууга болот. Абрамзон С.М. белгилеп кеткендей: “Кыздары өз үлүшүн мал менен эмес, буюм-тайымдар иретинде, көбүнчө өз колдорунан жасалган буюмдарды себинин бир бөлүгү катары алышкан. Бирок, кыздары турмушка чыккандан кийин ата-энесине биринчи жолу барганда кандайдыр бир кошумча - энчи алып турушкан” [67, б. 274].

Мындан тышкары, ата-эненин турмушка чыга элек кызынын мүлктүк укугу жана ошондой эле турмушка чыккан кызынын мүлкүнө болгон укуктары жөнүндө кеп кылууга да болот. Эгерде кыз атасы тирүү кезинде сөйкө салынган болбосо же кандайдыр бир дене-боюнун кемчилиги үчүн турмушка чыгууну каалабаган болсо, анда ал кыз атасы каза болгондон кийин бир тууган ага-инилеринин биринин үйүндө калып, мурастын бир бөлүгүнө ээ боло алышкан, ал эми бир тууганы ал кызды аны өлгөнгө чейин өз каражаттарынын эсебинен өмүр бою багууга милдеттүү болгон. Үй-бүлөлүү кыздын мүлкүнө ата-эненин укуктары чектелген, анткени ал кыздын мүлкүнө кыздын күйөөсү ээлик кылган. Эгерде, атасы оор абалга кабылган болсо, ал киши кызынын багуусуна, анын үйүндө калуу мүмкүнчүлүгү каралган, бирок күйөө баласынын уруксаты талап кылынган, ал эми энеси бага турган уулдары жок болсо, анда ал күйөө баласынын макулдугун албастан туруп эле кызынын үйүндө баш калкалоого укуктуу болгон.

Асырап алынган баланын укуктарына байланыштуу адат укугу жаңы үй-бүлөдө асырап алынган баланын укуктары ата-эненин өз балдарынын укуктары менен теңдештирилгендиктен, анын да энчиге укугу бар деп чечим чыгарган. Мүлктү бөлүштүрүүнүн тартиби бир

туугандардын ортосундагы бөлүштүрүүдөй эле каралган.

***Кыргыздарда адат укугу боюнча мурастоо.*** Азыркы юридикалык илимге ылайык, мурас укугу жарандык укуктун бир бөлүгү болуп саналат жана укуктун ушул тармагынын алкагында каралат. Ал эми, кыргыздардын адат укугуна ылайык, мурас институту атайын тигил же бул тармакка бекитилген эмес.

Кыргыздардын ***салттуу мурас укугу*** нике жана үй-бүлөлүк мамилелер институттары менен тыгыз байланышта болгон. Адат коомдук мамилелерди укук тармактары боюнча айырмалаган эмес, буга байланыштуу мурас институту нике-үй-бүлө мамилелеринин алкагында кеңири жөнгө салынган, ага бийлер Эрежеси, мисалы, 1906-1907-жылдардагы Олуя-Ата уездинин Эрежеси, 1893-ж. Токмок чукул уездинин № 31-, 40-, 41- Эрежелеринин нормалары далил болгон, ошондой эле көптөгөн илимпоздор, мисалы, Борубашов Б.И., Нурбеков К., Молдоев Э.Э. өздөрүнүн илимий эмгектеринде мурастоо мамилелерин нике жана үй-бүлөлүк мамилелердин алкагында карап кетишкен.

Кыргыздардын адат укугунда мурастоо деп мурас калтыруучунун (каза болгон адамдын) укуктары менен милдеттеринин мураскорлоруна өтүшүн түшүнүшкөн. Мураскордун мурас калтыруучу менен болгон туугандык мамилеси мураска укук берген маанилүү фактор болуп саналган. Мурас институту адат-укуктук ченемдер менен жөнгө салынган.

Мурастын ачылышына үй-бүлө башчысынын каза болуусу негиз болгон.

Адат укугу мурастын эки жолун караган: ***адат боюнча мурастоо*** **жана** ***керээз боюнча мурасоо.***

Кыргыздардын адат укугу боюнча аялы, уулдары, жакын туугандары мыйзамдуу мураскорлор деп эсептелген. Бирок, өлүм алдында жаткан адам бүт эрки менен бул салтты буза алган эмес, башкача айтканда мураскорлорду мурастан ажырата албайт, бар мүлкүн бирөөгө керээз кылып калтырса да керээз аткарылбастан, баары тике

мураскорлордун мүлкүнө айланган [99, б. 394]. Белгилей кетсек, тарыхый жактан да Рим укугунун ченемдерине ылайык, мыйзам боюнча мурастоо (successiolegitima) каза болгон адамдын укуктары менен милдеттерин керээз боюнча өткөрүп берүүдөн алда канча мурда пайда болгон. Бул алгач үй-бүлөнүн башчысы каза болгон учурда мүлк анын туугандарына салт боюнча үй-бүлө башчысынын эркине карабастан өтүп турганын билдирген. Мыйзам боюнча мурастоо нормалдуу тартип болгон, ал эми керээз боюнча мурастоо кадимки тартиптен четтөө гана болгон [102, б. 168]. Мындай абал кыргыздарда да болгон. 19-кылымга чейин мурасты бөлүштүрүү үй-бүлө башчысы - атасы каза болгондон кийин белгиленген үрп-адаттар боюнча ишке ашырылган.

Мурастоо тартиби адат укугу тарабынан белгиленген эрежелерге ылайык жүргүзүлгөн, ага ылайык мурас бардык уулдарга бирдей үлүштө өткөрүлгөн. Атасы тирүү кезинде уулдарын үйдөн бөлүп чыгарбаса, өлөөр алдында уулдарынын баарын чогултуп, күбөлөрдүн көзүнчө өлгөндөн кийин кимге эмне калтырылышын керээз кылып койгон [171, б. 41]. Ошентип, керээздин оозеки формасы салттуу жүгүртүүгө кирип, андан кийин жазуу түрү пайда болгон.

***Керээз боюнча мурастоо*** институтун карап көрөлү. Керээздин формасы оозеки же жазуу түрүндө болушу мүмкүн, эки учурда тең анын мыйзамдуулугу керээз калтыруучунун керээзи үй-бүлө мүчөлөрүнүн, мураскор уулдарынын көпчүлүгүнүн жана керээз калтыруучунун жашы улуу туугандарынын ичинен эки күбөнүн же кадыр-барктуу башка адамдардын катышуусунда жарыяланышы талап кылынган. Керээз жазуунун мындай түрү Россия империясынын тушунда кыргыз калкында да колдонулчу, бирок бул мезгилде Кыргызстандын аймагындагы башка улуттун өкүлдөрү керээз калтыруу үчүн нотариустун кызматын пайдаланып калышкан.

Керээзди калтырууда негизги шарт катары керээзди түзүү учурунда керээз калтыруучунун өзүнүн мүлкүн ажыратууга укуктуу болушу жана

жасап жаткан аракеттерин даана түшүнүүсү абзел эле. Кыргыздын адат укугу жыйнагынын 106-беренесинде: “Мурас калтыруучу өлгөндө мүлкүнүн тагдыры жөнүндө керээзин айтууда акылы тунук жана эс-тутуму бекем болууга тийиш” деп айтылат [137, б. 342].

***Адат боюнча мурастоо.*** Ар түрдүү изилдөөлөр жана материалдар көрсөткөндөй, кыргыздар арасындагы мурастоо тартиби жөнүндө маалыматтар ар кандай болгон, андыктан, кыргыздар арасындагы мурастык тартиптин жалпы жоболорун аныктоо үчүн адат укугу боюнча бүт материалды карап чыгуу зарылчылыгы бар.

Маселен, Н. Изразцов өз эмгектеринде “Өлгөн кыргыздын мүлкү анын уулдарынын, неберелеринин, ал эми алар болбосо, бир туугандарынын жана башка туугандарынын менчиги болуп саналат” деп белгилеген. Н. Изразцовдун материалдарына таянып, жалпы кыргыздардагы мурастоо тартиби төмөнкүдөй болгон деген корутундуга келүүгө болот :

1) уулдары, неберелери, чөбөрөлөрү мураска карата укукка биринчи кезекте ээ болгон;

2) андан кийин бир туугандар, аталаш туугандары жана алардын урпактары;

3) андан кийин гана абалары жана алардын урпактары.

Экинчи категориядагы мураскорлор биринчи категориядан эч ким, үчүнчү категориядагылар – биринчи менен экинчи категориядан эч ким жок болгон учурда гана мурастоо укугуна ээ болгон. Ар бир даражада мурас баарына тең бөлүштүрүлгөн [99, б. 394].

Кыргыздардын адат укугу боюнча мурастоо кезеги - түзүлүшү боюнча рим укугундагы мураскорлордун топторуна абдан окшош. Айтсак, римдик укуктун нормаларына ылайык, мүлк мураскорлордун үч тобуна (кезектерине): *өз мураскорлоруна (suiheredes), агнаттарына жана когнаттарына* мурасталган. Алардын мураскорлору - суихереддер *биринчи кезекти* түзгөн жана аларга мурас калтыруучунун балдары, ошондой эле

мурда каза болгон балдарынын неберелери кирген. Бул мураскорлор *зарыл мураскорлор* деп аталып калган, анткени алар мурасты өздөрүнүн эркине карабастан алышкан. Эгерде өлгөндөн кийин биринчи кезектеги мураскорлор калбаса, анда мураскорлордун *экинчи кезектеги* - агнаттары *agnatusproximus* (жакын туугандар) (мисалы, маркумдун бир тууганы) мураска чакырылган.

*Үчүнчү кезеке* кандаш туугандар – когнаттары *undecognati* кирген. Байыркы римдик укукта белгиленген мурасчыларды топторго бөлүү системасы кийинки кезектеги мураскору мурунку кезектеги бардык мураскорлору жок болгон учурда гана мураскорлукка чакырылышы мүмкүн болгон [133, б. 168]. Кийнчерээк, претордук мыйзам мураскорлордун үч эмес, төрт кезегин аныктаган. *Биринчи кезек* (*undeliberi*) керээз калтыруучунун балдарын камтыган, *экинчи кезек* бардык агнаттардан турган (*undelegitimy*), *үчүнчү кезекте* тууганчылыктын алтынчы даражасына чейинки когнаттар камтылган (*undecognati*), *төртүнчү кезекте* маркумдун (*undeviretuxor*) аман калган жубайы (аялы) кирет [133, б. 170].

Мурас кыргыздардын каада-салты боюнча үйдөн бөлүнүп чыга элек уулдарына, эгер жок болсо, бөлүнүп чыкандардын ортосунда бөлүштүрүлгөн. Эгерде маркумдун балдары жок болсо, анда анын мүлкү атасы тараптан туугандарына өткөн:

1) маркумдун бир туугандарына бирдей;

2) эгерде алар жок болсо, анда абаларына;

3) андан ары 3-4 атадан кошулган туугандарына.

Эгерде маркумдун эркек туугандары болбосо, анда анын мүлкү тең үлүштө жогоруда көрсөтүлгөн тартипте кыздарга бөлүштүрүлгөн.

К.К. Палендин изилдөөсүнө таянсак, анда, адат укугуна ылайык, мурас калтыруучунун атасы, апасы жана өгөй энесине белгилүү бир мурастык үлүштөр берилген. Мисалы, аталган мураскорлор мураска төмөнкү үлүштө катышкан: 1) мурас калтыруучунун жесири - 1/10; 2) атасы - 1/12де; 3) атасынын аялы - 1/12де; г) калган бөлүгү мурас

калтыруучунун уул-кыздарына бөлүштүрүлүп, энеси кызынан эки эсе көп алган [127, б. 444]. Кыргыздардын адат укугунун Жыйнагынын 123, 124-беренелерине ылайык: мурас калтыруучунун атасы тирүү болбосо, анда анын үлүшү чоң атасына өткөн. Эгерде апасы тирүү болбосо, анда анын үлүшү мурас калтыруучунун чоң энесине өткөн. Эгерде мурас калтыруучунун уулу тирүү болбосо, анда эркек неберелерине өткөн. Бул укуктан турмушка чыккан кызынын балдары (жээндери) пайдаланган эмес [137, б. 323]. Эгер керээз калтыруучудан кийин уулдары же алардын урпактары болбосо, анда балдарга тиешелүү болгон мүлктүн бир бөлүгү кыздарга тең бөлүштүрүлгөн [124, б. 80].

***Аял туугандардын мурастык укуктары***. А.Н. Изразцовдун эмгектери боюнча талдасак, анда аялдар эч качан мураскор болушкан эмес. Ал мындай деп жазат: “Мурас алууга эркектер гана укуктуу, ошондуктан, атадан кийин уулдар мурасташат, бирок эч качан аялдары менен кыздары мураскор болушпайт. Уулдары турмушка чыкпаган жесирлерди, эже-карындаштарын өздөрүнө багууга алып, тамактандырып, кийинтип, күйөөгө беришкен” [99, б. 395].

Бирок, биздин оюбузча, А.Н. Изразцовдун пикирине кошулууга болбойт, анткени аял толук кандуу мураскор болбосо дагы, мурастын белгилүү бир мыйзамдуу үлүшүнө ээ болгон, муну башка авторлор да, Эреженин нормалары да далилдешкен. Кыргыздардын адат укуктары Жыйнагынын 129-, 130-беренелерине ылайык, туугандардын ичинен анын кол алдында жашаган кыздары, жесирлери, энеси жана өгөй энелери мураскорлук укугунан өмүр бою пайдалана алышкан. Алар турмушка чыккандан же өлгөндөн кийин алардын мурастык үлүштөрү эркек мураскорлорго өткөн [137, б. 323].

Аялдар, сейрек учурларды эске албаганда, өздөрүнүн колдонуусуна келген кийим-кечелерди же үй буюмдарын гана мураска калтырышкан [137, б. 325].

Ал эми турмушка чыга элек кыздар боюнча айтсак: маркумдун

жалгыз турмушка чыга элек кызы болсо, ага жакын туугандарынан камкорчу тандашы же дайындалышы керек болчу. Камкорчу анын мүлкүн акылга сыярлык түрдө тескөөгө тийиш болгон. Кыз турмушка чыкканда камкорчу өз кызыкчылыгы үчүн калың алган, кыздын атасынын мал-мүлкү тууган-туушкандарына бөлүштүрүлгөн [124, б. 81]. И. Гродековдун айтымында: “Турмушка чыга элек кыздын өзү мүлк катары саналган. Атасы каза болгондон кийин, кызы үйдөн бөлүнүп чыга элек, башкача айтканда болочок колуктусунун калыңы үчүн каражат ала элек бир тууганы менен кошо калтырылган, анткени кыздын калыңына деп алган каражатты ал болочок колуктусу үчүн төлөй алуусу керек болгон” [84, б. 279]. Ошондой эле Н.А. Кисляков белгилегендей: “Өлгөндөн кийин уулдары жок болсо, атасынын бир туугандары же жакын туугандары анын жаш кыздарын өздөрүнө алып, мүлкүн өз ара бөлүштүрүп, аларды багып, кызды турмушка беришкен” [100, б. 102].

Маркумдун бир нече аялы менен ар бир никеден туулган балдары өзүнчө мыйзамдуу үлүшкө ээ болушкан, бирок улуу аялы-байбиче менен улуу баласы аксакалдык дегенди алышкан [147, б. 445]. Салт боюнча мурасты бөлүштүрүү тең болушу керек болсо да, мындай жергиликтүү үрп-адаттар да колдонулган, ага ылайык улуу мураскер артыкчылыктуу мурастоо укугуна ээ болгон жана өлгөн адамдын каалаган мүлкүн мураска ала алган.

Жесир аялдын макамы боюнча 1907-жылы Олуя-Ата уездинин элдик судьяларынын кезексиз съездинин Эрежесинин 5-,6-беренелерине ылайык, баласы жок жесир калса, ага мурастын төрттөн бир бөлүгү берилет, калганы маркумдун мураскорлорунун ортосунда бөлүштүрүлүп, жесирге ээн-эркин никеге туруу укугу берилген, эгерде балалуу жесир аял калса, анда ал мурастын сегизден бир бөлүгүн жеке өзүнө алат, калганы да маркумдан кийинки бардык мураскорлордун ортосунда бөлүштүрүлгөн [147, б. 460]. Бирок күйөөсүнөн эмес, башка бирөөдөн боюнда бар экени аныкталган жесир аял жесирлик укугунан

ажыратылып, күйөөсүнүн алачыгынан айдалып салынган [96, б. 32]. Ф.В. Поярков мындай деп белгилеген: “Күйөөсү өлгөндөн кийин жесир аялдын уулдары болсо, өзү да улгайган болсо мураскорлор бүт үй чарбасын башкарат... сейрек учурларда гана апасы менен кеңешет, бирок анын эч кандай тасири болгон эмес, ал эми кыздары калган болсо, анда маркумдун бир тууганадары, жакын же алыс тууганадары аларды мал-мүлкү менен кошо алып кетишет. Багып, турмушка узатышып, алар үчүн калың алышкан” [130, б. 12].

Кыргыздар мурастоодо *минорат принцибин* карманышкан, ага ылайык ата-энеси өлгөндөн кийин калган чарба кенже уулуна өткөн.

Минорат (лат. minor – кичине) – үй-бүлөнүн кенже мүчөсү мүлктүн басымдуу (кээде өзгөчө) мурастоочусу болуп саналган. Буга чейин бул принцип кээ бир укуктарда, тактап айтканда байыркы индиялык юридикалык жыйнактарда (мисалы, Гаутамада), орто кылымдардагы европалык укукта (анын ичинде англичандардын Шаар укугу), Русская правданын Үчтүк тизмегинин 100-беренесинде бекитилген [132, б. 479]. Адат укугу боюнча, кенже уул жашы улуу балдары үйдөн бөлүнгөндөн кийин атасынын калган мүлкүнүн мыйзамдуу мураскору болуп эсептелген. Кыргыздардагы минорат принциби азыркы заманда да күчүндө турат.

Дагы белгилей кетчү маселе, кыргыздардын жакыр үй-бүлөлөрүндө мүлктү, үлүштөрдү бөлүштүрүү болгон эмес. “Атасы каза болгон учурда кичүү уулуна чакан чарба мураска калган, калган уулдары өздөрүн багууга тийиш болушкан” - Токмок Эрежесинин 46-беренеси [147, б. 445].

***Жашы жете электер*** маркумдун негизги мураскорлорунун катарына кирген, бирок алар жашы жеткенге чейин аларга камкорчу дайындалган.

***Акыл эсинен ажырап калган адамдын*** мүлкү анын тирүү кезинде эле уулдарына мураска өткөрүлгөн, анткени алар оорулуу атасын багууга

тийиш болгон. Уулдары жок болсо, анда акыл эсинен ажырап калган адамдын аялы жана мал-мүлкү эң жакын эркек туугандарына өткөн [99, б. 394].

*Адат укугунун ченемдерине талдоо жүргүзүүнүн негизинде жашы жете элек балдардын жана жашы жеткен балдардын жеке мүлктүк эмес укуктары, мүлктүк укуктары, мурастоону жөнгө салуу жана камкорчулук кандай тартипте иш жүзүнө ашырылаарына күбө болдук.*

*Албетте адат укугунун ченемдеринин кемчилик жактары дагы бар, анткени үй-бүлөө башчысы уулдарына колукту тандоодо, кыздарына күйөө тандоодо, уул менен кыздын пикири эске алынган эмес. Мурастоо укуктук мамилелеринде уул бала кыздарга караганда артыкчылыктуу укуктарга ээ болгон. Мындан сырткары, жашы жетилүүдөгү курактык чек абдан эле төмөн болгон.*

*Ал эми адат укугунун артыкчылыктуу белгилерин айта турган болсок: ата-энесиз калган балдарды камкорчулукка алуу туугандардын милдети болуп саналган, бир үй бүлөнүн көйгөйү бүтүндөй уруунун көйгөйү болгон. Эгерде уул бала же кыз бала үй-бүлөнүн намысына шек келтирсе, бүтүндөй урууга сөз тийген. Уруунун кадыр барктуу аксакалдары мындай көйгөйлөрдү уруу ичинде чечишкен. Ар бир ата-эне өз балдары үчүн уят болуп калгылары келген эмес, ошондуктан балдарды тарбиялоодо абдан кылдат мамиле жасашкан. Ата-энелердин балдарына карата жоопкерчилиги абдан жогору болгон.*

**Биринчи бап боюнча тыянактар**

Диссертациялык изилдөөнүн биринчи бабын аяктап жатып төмөнкүдөй тыянактарды чыгарууга болот:

1. Жашы жете электердин укуктук макамын туулгандан он сегиз жашка чейинки адам укуктарынын, эркиндиктеринин жана милдеттеринин теориялык-укуктук жактан шартталган тутуму катары кароого болот. Кыргыз Республикасынын мыйзамдары төмөнкүдөй: а) тармактык; б) курак; в) социалдык максаттар; г) аракетке жөндөмдүүлүк чөйрөсү; д) адамдын

укуктук көрсөтмөлөргө карата болгон мамилеси; ж) жагдайлык абал; и) форма менен маңыздын катышы сыяктуу бир катар классификациялык критерийлер боюнча жашы жете электердин субмакамдарын аныктоого мүмкүндүк берет.

2. Дүйнөлүк практикага окшош эле Кыргызстанда да жашы жете электердин укуктары жана эркиндиктери тиешелүү укуктук булактар: Улуттук мыйзамдар, эл аралык ченемдик укуктук актылар менен жөнгө салынат. Аталган укуктук булактарда жашы жете элек балдардын жашоого болгон укуктарынан баштап Граждандык кодекс жаана Кылмыш-жаза кодекстеринин негизинде жоопкерчиликке ээ болуу жагдайлары дагы каралган.

3. Укуктук каада-салттарды колдонуу Адат укугунун колдонулуу практикасына тиешелүү көрүнүш. Адат укугу – белгилүү бир тарыхый этапта салттуу жүрүм-турум эрежелеринен келип чыккан, мамлекеттик бийлик органдары тарабынан көзөмөлдөнгөн кыргыз коомунун мүлктүк, саясий жана башка ченемдеринин жана үрп-адаттарынын системасы. Жеке мүлктүк эмес жана мүлктүк мамилелерди жөнгө салууга карата салттык укуктун ченемдери императивдик мүнөздө болгон, уруу ичинде өз ара мамилелер жардамдашуу принциптерине негизделген. Мурастоо, камкорчулук, калың жана сеп кыргыздардын ортосундагы нике жана үй-бүлөлүк мамилелердин маанилүү жана бири-бири менен тыгыз байланыштагы институттары болгон.

Үй-бүлөдөгү мүлктүк мамилелерди жөнгө салуу үй-бүлөлүк менчик принцибине негизделген. Адат баланын жынысына жана жашына жараша балдардын мүлктүк укуктарын жана милдеттерин жөнгө салган, андан ары адат үйдөн бөлүнбөгөн жана бөлүнгөн уулдарын, турмушка чыккан жана чыга элек кыздарын айырмалап караган. Бардык балдар энчиге укуктуу болгон. Жашы жете элек балдарга камкорчу дайындалган эгерде ата-энеси жок болсо. Асырап алынган балдар жакындары менен менчик укугу боюнча бирдей болгон.

# ЭКИНЧИ БАП. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА ЖАШЫ ЖЕТЕ ЭЛЕКТЕРДИН УКУКТУК МАКАМЫН КАМСЫЗДОО

## 2.1. Жашы жете элек жактардын укуктарынын кепилдикке алынышы

**Изилдөөнүн обьектиси** болуп жашы жете элек жактардын укуктук макамынын калыптануусу, ишке ашырылуусу, корголуусу жана өркүндөтүлүү процессинде жаралган коомдук мамилелер эсептелинет.

**Изилдөөнүн предмети** болуп изилдөөнүн обьектисинде чагылдырылган жашы жете элек жактардын укуктук макамын сактоо боюнча өлкөбүздүн ченемдик укуктук актылары, эл аралык укуктук ченемдер жана окумуштуулардын эмгектери саналат.

**Диссертациялык изилдөөнүн методологиялык негизин** таанып билүүнүн жалпы илимий диалектикалык методдору жана андан келип чыгуучу жекече илимий методдор түздү. Изилдөөгө системалык мамиле жасоонун негизинде укуктук-тарыхый, формалдуу-юридикалык, социологиялык, укуктук салыштыруу методдору колдонулду.

Мамлекет жашы жете элек жактардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын камсыз кылууда *Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 10-,20-,22-,26-,27-,28-, 46-, 47* беренелерине ылайык өсүп келе жаткан келечек муунду коргоо-сактоо максатында Кыргыз Республикасынын калкынын жогорку моралдык жана улуттук жалпы баалуулуктарына, жалпы коомдук аң-сезимине шайкеш келбеген иш-чараларды мыйзамдын диктатурасы аркылуу чектей алат, өлкөнүн баа жеткис байлыгы – бул балдар экендигин баса белгилөө аркылуу мамлекет алардын ар тараптуу, б.а. интеллектуалдык, адеп-ахлактык, дене-бой (физикалык) жана негизгиси руханий (идеялогиялык) жактан өнүгүүсүнө өзгөчө өбөлгө болуучу шарттарды түзүп берүү аркылуу келечек ээлеринин атуулдук жана мекенчилдик тарбия менен бой жетүүсүн ыроо кылат, мамлекет ага кошо, ар бир окуучуга, билим берүүнүн сапатына жана педагогикалык жамааттын өкүлдөрүнүн макамын жакшыртууга мүмкүн

болгон камкордугун көрөт, балдардын эмгегин мыйзамсыз пайдаланууга тыюу салат, балдарга камкордук көрүү, тарбиялоо боюнча атасынын да, энесинин да укугу жана милдети бирдей экендиги, ар бир бала дене-боюнун жана акыл-эсинин өөрчүүсү, руханий жана адеп-ахлактык жетилүүсү, о.э. социалдык жактан өнүгө алуусу үчүн зарыл болгон бардык шарттардан пайдалана алууга укуктуу, андыктан мамлекет ата-энесиз же алардын камкордугунан ажырап калган балдарга (эрезеге жеткиче) камкордук көрөт, заманбап билим жана татыктуу тарбия берүүгө болгон аракетин жумшайт, муну менен катар аларга башталгыч, орто, атайын орто жана жогорку кесиптик билимдерди акысыз алуусуна шарт түзөт, аларга социалдык жактан тиешелүү камсыздоо чараларын көрсөтөт деген сыяктуу ченемдер так каралганы алкоого татыйт.

*КР Балдар жөнүндө Кодексинин 2-главасында* баланын үй-бүлөдө жашоого жана тарбиялануусуна, ден соолугунун коргоолуусуна, билим алуусуна, өз пикирин эркин билдирүүсүнө, кесипке багытталуусуна, турак-жайга болгон укуктарынын сакталуусуна, абийиринин, кадыр-баркынын, инсандык кол тийбестигинин корголуусуна болгон укуктарынын негизги кепилдиктери каралган. Демек, жашы жете элек жактардын укуктары жана эркиндиктери толугу менен кепилдиктердин жардамы аркылуу ишке ашырылаары бышык. Мунун өзү, жашы жете элек жактардын укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын камсыз кылуунун жана коргоонун шарттарынын, о.э. каражаттарынын тутумунда дал *укуктук кепилдиктер* маанилүү орунду ээлей тургандыгын көрсөтүп турат.

Юридикалык адабияттарда кепилдик укуктук системанын маанилүү элементин билдирген өз алдынча категория катары каралат. Кепилдик (гарантия) термини Француз тилиндеги (garantie) деген сөздөн которгондо “камсыздоо” дегенди билдирип, көптөгөн коомдук жана табигый илимдер тарабынан кеңири колдонулуп келет. Укук илиминин теориясынын көз карашы менен алганда кепилдиктерди социалдык-саясий жана укуктук делген түшүнүктөрдүн бир мезгилде катар кеткен жыйындысы катары

карайт.

“Жашы жете элек жактардын укуктарына байланыштуу, мыйзам менен чындыктын жана о.э. теориянын ортосунда чоң ажырым бар” деп Т.В. Лобанова ырастайт [160, б. 154]. “Адам укуктарынын кепилдиктеринин көйгөйү азыркы өлкөлөр үчүн актуалдуу болуп саналат, мында кагаз жүзүндөгү укуктардан аларды жеке адам ишке ашырганга чейинки ажырым өтө чоң. Атап айтканда, бул жобо жашы жете элек жактарга тиешелүү, анткени алардын укуктарын жүзөгө ашыруу мүмкүнчүлүктөрү чектелүү” - деп белгилейт Е.В. Марковичева [188, б. 89].

Юриспруденциядагы “камсыздоо” түшүнүгү адатта “кепилдик” сөзүнүн этимологиясы менен шартталуучу кепилдиктер системасына байланыштуу [126, б. 122]. Укук таанучулар “мыйзамдуулуктун жана укук тартибинин кепилдиктери”, “инсандын укуктары менен эркиндиктеринин кепилдиктери”, “жеке адамдын укуктук макамынын кепилдиктери” деген сөздөрдү активдүү колдонуп жүрүшөт. Биздин оюбузча, жашы жете элек жактардын иш жүзүндөгү макамын мыйзамдар менен аныкталган укуктук макамына шайкеш келишин камсыз кылуучу факторлордун айкалышы катары жашы жете элек жактардын укуктук макамынын кепилдиктери жөнүндө сүйлөшүү туура болот эле деп эсептейбиз.

Субъектке тиешелүү болгон укуктар менен эркиндиктерин жүзөгө ашыруунун кепилдиктерин классификациялоонун ыраатын ала турган болсок, анда жашы жете элек жактардын укуктук макамын ишке ашыруунун кепилдиги сыңары кабыл алынуучу “жалпы” жана “атайын” факторлорду бөтөн-бөтөн карап кетүү абзел. *Жалпы* факторлор булар укуктук эмес болуп саналат. Аларга: саясий (КР Конституциясынын 24-беренеси), социалдык, руханий (КР Конституциясынын 47-беренеси) жана материалдык (КР Конституциясынын 4-главасы) факторлорду кошобуз, ал эми *атайын* факторлор - укуктук болуп саналат. Мисалы: КР Конституциясынын 6-главасында жана КР Балдар жөнүндө кодексинин 2-главасында каралган жашы жете элек жактардын укуктарын камсыз кылуунун кепилдиктерин

айтсак болот. Жашы жете элек жактардын укуктук макамынын материалдык, б.а. *экономикалык кепилдиктери* мамлекет тарабынан жалпы калктын жана балалуу үй-бүлөлөрдүн, о.э. түздөн-түз жашы жете элек жактардын жыргалчылыгынын жогорулашына өбөлгө боло турган шарттарды түзүүнү боолголойт. Мамлекеттин экономикалык абалы – келип-келип адам укуктарынын негизги кепилдиги болуп саналат [103, б. 81]. Баланын укуктарын камсыз кылуу механизминин биринчи элементи - бул иш-чараларды каржылоону, жеңилдиктерди берүүнү, балдар укуктарын коргоочу уюм же органдардын материалдык-техникалык базасын камсыз кыла алуучу экономикалык жана укуктук негиздер болуп эсептелинет [187, б. 128].

*Социалдык кепилдиктер* гуманизм, адилеттүүлүк жана теңдик принциптерине негизделген адамдын укуктук макамынын (КР Конституциясынын 19-беренесинин 3-пункту) экономикалык негизин тереңдетет. Мамлекеттин социалдык функциясы саламаттыкты сактоо жана социалдык камсыздоо институттарын өнүктүрүү, кирешелерди адилеттүү бөлүштүрүү, жашоо үчүн минималдуу шарттарды түзүү, медициналык камсыздандыруу маселелерин чечүү, социалдык жөлөкпулдардын көлөмүн, жумуш орундарынын санын сактоо же көбөйтүү жана башка ушул сыяктуу, жарандардын, анын ичинде жашы жете элек жактардын абалын, макамын жакшыртууга, өркүндөтүүгө, өнүктүрүүгө багытталган. Аларды экономикалык абал менен айкалыштырууга мүмкүн деп боолголосок болот, анткени биринчиден, экономикалык жана социалдык кепилдиктердин курамдарынын ортосун так айырмалоого дээрлик мүмкүн эмес, экинчиден, изилдөөнүн экинчи бөлүмүндө көрсөтүлгөндөй, көптөгөн укук таануучулар адамдын жана жарандын социалдык-экономикалык укуктарынын жана эркиндиктеринин бирдиктүү тобун бөлүп көрсөтүүгө ыктап келишет.

Инсандын укуктук макамын ишке ашыруунун *саясий кепилдиктерин* сөз кыла турган болсок, ал КР Конституциясынын 24-беренесинин 1-пунктуна ылайык, Кыргызстандын аймагында жана юрисдикциясында

турган бардык жарандардын укуктары менен эркиндиктери мамлекет тарабынан камсыз кылынары айтылат, андан сырткары эч ким жынысына, өң-келбетине (расасына), сүйлөгөн тилине, ден-соолугунун мүмкүнчүлүгүнө, кандайдыр бир улуттук курамга таандуулугуна, тутунган диний конфессиясына, жашына, саясий көз караштарына, алган билимине, тектик таандуулугуна, мүлктүк же дагы башка жагдайларына байланыштуу эч кандай басмырлоого жатпашы, мыйзам менен сот адилеттүүлүгүнүн алдында толук бирдей экендиги милдеттүү түрдө таанылат дегенди түшүндүрөт. Бул кепилдиктер мамлекеттеги саясий туруктуулукту камсыздаары бышык.

Жашы жете элек жактардын укуктук макамын ишке ашыруунун *руханий (идеологиялык) кепилдиктери* - бул баланын укуктук макамын ишке ашырууну жана коргоону камсыздап берүүчү маданий жана адеп-ахлактык курам болуп эсептелинет. КР Конституциясы (47-б. 1-п.) келечек муунга руханий-маданий багытта жана адеп-ахлактык жактан, о.э. дене-бой жактан өнүгүү укугун, мындан сырткары, ар бир инсанга (34-б. 1-п.) дин тутунуу эркиндигин кепилдеп берет. Мунун бардыгы адамдын укуктук макамын гумандаштырууга жана демократиялаштырууга өбөлгө түзөт.

Теориялык жактан алганда, субъективдүү укуктар менен эркиндиктерди жүзөгө ашырууну жана коргоону камсыз кыла алчу укуктук каражаттар/ыкмалар катары укуктук макамдын юридикалык кепилдиктерин кабылдашат.

Н.В. Витрук “Укуктарды коргоо” жана “Укуктарды сактоо” түшүнүктөрүнүн тыгыз биримдигин жана өз ара байланышын бир нече ирет өз эмгектеринде баса белгилеп кеткен. Субъективдүү укуктарды коргоону жана сактоону шарттуу түрдө бөлүп туруп, ал ушул кубулуштардын ар бирине өзүнчө аныктама берген жана алар бүгүнкү күндө адамдын укугунун корголушу боюнча жүргүзүлгөн изилдөөлөрдө ийгиликтүү колдонулуп жатат. Ошентип, ал *укуктарды коргоо* деген - бул укуктарды жана милдеттерди жүзөгө ашыруудагы тоскоолдуктарды четтетүү, милдеттерди аткарбоо о.э. укуктарды кыянаттык менен пайдаланууга каршы күрөшүү, о.э.

укуктар менен милдеттердин бузулушунун профилактикасы жана алдын алуу аракеттери деп эсептейт [80, б. 448]. Автордун пикири боюнча, коргоо - милдеттенмени аткарбай калганда же укуктан кыянаттык менен пайдаланган учурда, аларды жүзөгө ашырууга тоскоолдук жаралганда же укуктун же милдеттенменин өзү жөнүндө талаш-тартыш жаралганда пайда болот.

Укуктарды жана милдеттерди коргоо (сактоо)) түшүнүктөрүнүн теориялык маңызын ачууда Н.В. Витруктун позициясынын өзгөчөлүгүнө көңүл бура турган болсок, ал аталган эки кубулушту тең бөлүп көрсөтүү менен катар эле бир бүтүнгө бириктирип, “коргоо” жана “сактоо” деген сөздөрдү синоним катары колдонууну туура көрөт**.**

Адам укуктарынын: укуктарды коргоо жана укуктарды сактоо деген эки башка феномени укуктук реалдуулукта жашайт деп эсептешет кээ бир авторлор.

“У*кук коргоо* ишмердүүлүгү”, С.Н. Кожевниковдун көз карашы боюнча, профилактика, бөгөт коюу сыяктуу чаралардан, андан сырткары субъективдүү укуктарды коргоо жана юридикалык милдеттенмелерди, о.э. жоопкерчиликтерди камсыздап берүү сыяктуу чараларды көрүүдө жатат [101, б. 161]. Демек, бул юридикалык терең кесипкөйлүк көз караштан алганда “укукту коргоо” жана “укукту сактоо”деген түшүнүктөр *бүтүн* жана *бөлүк* катышында каралат.

Биздин оюбузча, каралып жаткан эки түшүнүк тең көз карандысыз жашоо укугуна ээ. “Укуктарды коргоо” категориясына *тар* (бузулган юридикалык абалды калыбына келтирүү максатында жүргүзүлүүчү түздөн-түз *коргоо*,) же *кеңири* (*сактоо* сымал) чечмелөө берилиши мүмкүн. Ошентип, жашы жете электин укуктук макамын коргоо сыяктуу эле, макамын сактоо жөнүндө айтса жараша берет.

Укуктук макамдын юридикалык кепилдиктерин классификациялоонун ушул эле ыкмасы бар дегенге болбойт. Мисалы, Т.В. Лобанова жалпы юридикалык кепилдиктерин жана соттук адилеттүүлүктүн кепилдиктерин баса белгилейт. Бирок, биздин оюбузча, мындай бөлүштүрүүнү ийгиликтүү

деп атоого болбойт, анткени жалпы кепилдиктер адамга тиешелүү болгон укуктар менен эркиндиктерди коргоонун түрлөрүн (өзүн-өзү коргоо, соттук коргоо, эл аралык коргоо) камтыйт. Булардын баары тең жоопкерчиликтин юридикалык чараларын колдонуусуз текке жарабай калаары бышык.

Укуктук макамдын *жалпы* (юридикалык эмес) жана *атайын* (юридикалык) кепилдиктери илимпоздор тарабынан башкача чечмелөөлөрдө дагы каралат.

“Кепилдиктердин эки түрүн даана байкоого болот. Айрымдары укуктар менен эркиндиктердин бүтүндөй баарын же алардын кандайдыр бир бөлүгүн гана коргоо, сактоо жана камсыз кылуу шарты же каражаты катары кызмат кылышса, ал эми кийинкилери болсо, кээ бир укуктар менен эркиндиктерди гана коргоп келет. Биринчиси жалпы мүнөзгө, экинчиси атайын мүнөзгө ээ” – деп жазат Л.Д. Воеводин. Ошентип, кепилденген субъективдүү (чоң же кичине) укуктардын жана милдеттенмелердин жыйындысы - классификациялоонун критерийи болуп калат [81, б. 304].

Ошол эле учурда, А.С. Мордовец жеке кепилдиктерди атоо аркылуу адамдын укуктук макамынын түрүнө жараша *жалпы* жана *атайын* кепилдиктерди бөлүп көрсөтөт. “Атайын кепилдиктер - айрым категориядагы субъектилердин корголушуна салым кошот, жеке кепилдиктер - мыйзамдын негизинде конкреттүү турмуштук жагдайларда субъективдүү укуктардын жүзөгө ашырылышын камсыз кылат” - деп жазат [119, б. 311].

Субъективдүү укуктарды жүзөгө ашыруу автоматтык түрдө пайда болбойт, бул көбүнчө мамлекеттик органдардын, кызмат адамдарынын жана коомдук уюмдардын иш-аракетинин натыйжасы болуп саналат. Ошондуктан, жашы жете элек жактардын укуктук макамын жакшыртуу боюнча кепилдиктердин көзкарандысыз түрү катары *уюштуруучулук* кепилдиктерди бөлүп көрсөтүү теориялык жактан негизделген жана иш жүзүндө маанилүү деп эсептейбиз.

Кепилдиктердин уюштуруучулук деп аталган түрү: уюштуруу-

техникалык, процедуралык жана көзөмөлдүк болуп бөлүнөт. Бул мамлекеттеги органдардын, анын кызмат адамдарынын жана коомдук деп саналган бирикмелердин ишмердүүлүгүнүн багытталышына жараша болот. Алардын мазмунуна, тиешелүүлүгүнө жараша, мамлекеттин социалдык жана укуктук саясатын аныктоо, кабыл алуу жана чечүү; мамлекеттик жана коомдук көзөмөл; маалыматты иштеп чыгуу, байланыш каражаттарын пайдалануунун уюштуруу жол-жоболору камтылат.

Уюштуруучулук иш-аракет функционалдык мамилеге ылайык да мүнөздөлүшү мүмкүн. Мында мамлекеттин ишинин негизги функциялары жана калыптанган саясий тутумунун бардык топтору жарандын укуктук макамынын сакталуусунун, корголуусунун, жакшыруусунун бирден-бир кепилдиги катары иш алып барат. Мамлекеттин да, жарандык коомдун институттарынын да функцияларына карата баа берүүгө болгон мындай мамиле, биздин пикирибизде, кыйла акылга сыярлык кадам болот, анткени, аталган иш-аракеттер инсандын муктаждыктарын жана кызыкчылыктарын канааттандыруу мүдөөсүнө ээ.

Ошону менен бирге, жашы жете элек адамдын формалдуу макамын жүзөгө ашыруунун жана реалдуу жашоодогу макамын коргоонун натыйжалуулугун объективдүү болгон жагдайларга гана көз каранды кылып коюуга болбойт. Бул жерде: адам мамлекет берген мүмкүнчүлүктөрдү колдонобу, жокпу, өз укугун коргойбу, милдетин аткарууга кандай жоопкерчилик менен мамиле жасоону өзү чечет деген сыяктуу субъективдүү факторлордун орду да оорчундуу.

Бирок жогоруда айтылган чечимдерди аң-сезимдүү кабыл алуу үчүн зарыл болгон социалдык жетилгендиктин белгилүү бир деңгээлине жеткен жашы чоңдор үчүн мүнөздүү көрүнүш, себеби жашы жете элек жактардын макамы, анын мыйзамдуу өкүлдөрү тарабынан бир кыйла көбүрөөк деңгээлде жүзөгө ашырылат. Ушул эле кезде, жашы жете элек жарандын укугун, эркиндигин жана милдетин камсыз кылууга алардын катышуу даражасына жана мыйзамдуу өкүлдөрү менен болгон укуктук

байланышынын деңгээлине жараша болот [75, б. 45].

Жашы жете элек жактардын формалдуу жана реалдуу макамдарын жүзөгө ашыруу жашы жете элек жактардын өздөрүнүн жана алардын мыйзамдуу өкүлдөрүнүн укуктук жактан маалымдуулугуна, аң-сезимине, социалдык жана укуктук иш-аракетине, эрктүү жана башка жеке сапаттарына жараша туюндурулат.

Адамдын укуктарын жана милдеттенмелерин билүүсү - бул расмий укуктук макамды иш жүзүндөгү макамга ийгиликтүү өзгөртүүнүн зарыл шарты. Колдо болгон маалыматты иш жүзүндө адам колдоно бербейт. Социологдордун айтымында, жарандардын бир кыйла пайызы жөн эле окуп коюу же укуктук маалыматты көңүлдөнбөй эле угуп коюу менен гана чектелишет, аны колдо болгон мүмкүнчүлүктөрдү ишке ашыруу үчүн колдонушпайт, о.э. жүктөлгөн милдеттердин чектерин жана мазмунун так түшүнө беришпейт. Ошол эле учурда, “укуктук апатия” ар дайым эле объективдүү факторлордон (мисалы, керектүү ресурстардын жетишсиздиги) улам пайда боло калбайт - ал субъекттин укуктук активдүүлүгүнүн төмөндүгүнөн улам келип чыгышы мүмкүн.

Объективдүүлүктөн көз каранды болгон кепилдиктер да көп деп эсептейбиз, мында негизги салмак же оорчулук мамлекеттин ар кандай институттарына жүктөлөт, анткени субъективдүү укук менен эркиндикти ишке ашырууга жана коргоого туура келет. Кепилдиктердин объективдүүлүгү - ар бир адамдын укуктук макамынын бекемдиги жана туруктуулугу үчүн ажырагыс шарт экендигин түшүнүү абзел.

М.В. Шугуров жеке адамдын укуктук макамынын кепилдиктер тутумунда эң эле перспективалуу болуп “Адам укуктарынын улуттук деңгээлде токтоп калуусу эмес, бирок аларды урматтоону жайылтуу жана өнүктүрүү боюнча эл аралык жана улуттук аракеттердин синергиясын жакшыртуу боюнча натыйжалуу чараларды иштеп чыгуу. Адам укуктарын көп деңгээлдүү камсыз кылуу жана өнүктүрүү заманбап дүйнөлүк тартиптин чыныгы өзөгү катары орношуна шарт түзөт” [151, б. 55] деп баса белгилейт.

Ошентип, жашы жете элек жактардын укуктук макамын жакшыртуу кызыкчылыгында, алардын укуктарынын, эркиндиктеринин жана милдеттенмелеринин улуттук (мамлекеттин ички) жана эл аралык (универсалдуу, планетардык) кепилдиктерин айкалыштыруу зарыл.

Кыргызстанда жашы жете элек жактардын укуктук макамын өркүндөтүүнүн эл аралык кепилдиктерине токтолобуз.

Эл аралык деңгээлде, жашы жете элек жактардын укуктук макамын коргоо маселесин бир катар *келишимден сырткаркы*, *келишимдик* (конвенциялык) органдар жана *өкмөттүк эмес* уюмдар камсыздап келет.

Жашы жете элек жактардын укуктук макамынын *келишимдик эмес* кепилдигине БУУнун: Башкы Ассамблеясы, Коопсуздук Кеңеши, Экономикалык жана Социалдык Кеңеш (ЭКОСОК), БУУнун Адам Укуктары боюнча Комиссиясы, БУУнун Балдар Фонду (ЮНИСЕФ), БУУнун билим берүү, илим жана маданият маселелери боюнча Уюму (ЮНЕСКО) жана БУУнун айрым башка органдары жана уюмдары кирет. Алар жаш курагына, расасына, жынысына, тилине, динине жана башка маселелерге карабастан, адам укуктарын ишке ашырууга жана коргоого көмөктөшүүчү ар кандай функцияларды аткарышат.

*Конвенциялык орган* (“Адам укуктары боюнча комитет”, “Кыйноолорго каршы комитет” жана башкалар) алардын жоболорунун аткарылышын камсыз кылуу максатында адам укугун коргоо боюнча эл аралык келишимдер (пактылар, конвенциялар) тарабынан белгиленген. Келишим түзүүчү органдар катары  Баланын укуктары боюнча Бириккен Улуттар Уюмунун комитети - жашы жете элек жактардын укуктарын түздөн-түз (конвенциялык деп саналган башка уюмдар келечек муундун өкүлдөрүнүн укуктарын кыйыр түрдө) коргоого катышат.

Бул универсалдуу органдардын иш-аракеттери: 1) адам укугун коргоо боюнча эл аралык келишимдерди ратификациялаган мамлекеттердин отчетторун карап чыгуу; 2) адам укуктарын коргоо жана ишке ашыруу көйгөйлөрү боюнча атайын изилдөөлөрдү уюштуруу; 3) мамлекеттердин

даттанууларын жана келишимдин жоболорунун бузулгандыгы жөнүндө жеке даттанууларды кароо; 4) адам укуктарын пайдаланууну илгерилетүү боюнча сунуштарды берүү сыяктуу формаларда жүзөгө ашырылат.

Адам укуктары боюнча Европа Соту - аймактык деңгээлде инсандын (жеке адамдын) укуктук макамын, абалын коргоонун/сактоонун эң натыйжалуу механизми болуп эсептелинет. Бул сот туруктуу иштеп жаткандыгы менен айырмаланат. Алар Конвенцияларда же анын протоколдорунда таанылган укуктары бузулгандыгы тууралуу арызданган жеке жактар, бейөкмөт уюмдар же адамдардын тобу тарабынан келип түшкөн даттанууларын карашат [49].

Жогоруда айтылган эл аралык институттардын бардыгы коомдук бийлик мүнөзүнө ээ жана мамлекеттердин ассоциациясы тарабынан келишим түзүүчү тараптардын тиешелүү эл аралык укуктук документтердин жоболорун аткаруусуна кепилдик берүү үчүн түзүлгөн. Өкмөттү колдогон сектор менен катар адамдын укуктук макамынын *эл аралык кепилдиктер* тутумуна төмөнкү коомдук уюмдар: “Юристтердин эл аралык комиссиясы”, “Адам укуктары боюнча эл аралык федерация”, “Эл аралык социалдык камсыздоо ассоциациясы” кирет.

Керектүү маалыматтарды топтоштуруу жана баа берүү жолу аркылуу мамлекеттердин адам укуктары чөйрөсүндөгү, жаатындагы (жалпы, же белгилүү бир социалдык топтун: аялдар, балдар, ден-соолук жагынан мүмкүнчүлүгү чектелүү адамдардын өкүлдөрү боюнча) ишине мониторинг жүргүзүүлөр, о.э. адамдын укуктук макамынын мезгилдин талабына жооп берген эл аралык стандарттарын иштеп чыгууга катышуулар мамлекеттер аралык адам укугун коргоо боюнча өкмөттүк эмес уюмдардын көпчүлүгүнүн маанилүү функциялары болуп саналат.

“Адамдын укуктук макамынын көйгөйлөрү менен алектенген эл аралык органдардын жана уюмдардын адам укуктарын коргоо/сактоолор менен байланышкан ишмердүүлүгүнө жүргүзүлгөн талдоолорго таянуу аркылуу субъективдүү укук жана эркиндик мамлекеттен тышкаркы

төмөнкүдөй кепилдиктер:

- адам укуктарын коргоо боюнча келишимдерди (пакт) жана конвенцияларды ратификациялоолор;
- эл аралык укуктук көзөмөлдөр;
- эл аралык укуктук санкциялар;
- адам укуктарын эл аралык соттук коргоо;
- мамлекеттердин биргелешкен аракеттерин координациялоо;
- эл аралык укуктук кеңешмелер жана адам укуктары боюнча жолугушуулар" боюнча ишке ашырылат деген ойду А.В. Корнев билдирип кеткен [104, б. 44]

*Биздин пикирибизде, адамдын укуктары менен эркиндиктерин коргоонун/сактоонун мамлекеттен сырткаркы кепилдиктеринин тизмесине жана жогоруда аталган универсалдуу жана регионалдык органдардын ишинин формаларына таянып, Кыргыз Республикасында жашы жете элек жактарга таандык укуктук макамдарды жогорулатуу боюнча төмөнкүдөй багыттарды бөлүп көрсө болот: жашы жете элек балдардын кызыкчылыгына багытталган эл аралык келишимдерди (пактыларды, конвенцияларды) ратификациялоо, жашы жете электрдин укуктук макамынын көйгөйлөрү боюнча эл аралык жолугушууларга катышуу, ата-мекендик изилдөөлөрдү уюштуруу, жашы жете элек жактардын укуктарын ишке ашырууга көмөктөшүү максатында эл аралык мониторинг органдарынын сунуштарын жана чечимдерин эске алуу аркылуу балдар чөйрөсүндөгү көйгөйлөр боюнча эл аралык социалдык, илимий-усулдук изилдөөлөргө талдоо жүргүзүү зарыл жана кепилдиктерге байланышкан иш жүзүнө ашпай жаткан маселелерге системалуу мамиле жасоо.*

## 2.2. Ювеналдык юстицияны өнүктүрүү жашы жете элек жактардын укуктарын камсыздоонун формасы катары.

Учурда дүйнөдө жашы жете элек жактарга карата соттук адилеттүүлүктү жүзөгө ашыруу көйгөйү эң актуалдуу көйгөйлөрдүн бири болуп саналат.

Кылмыш жасаган деп шектелген же айыпталган балдардын укуктарынын бузулушу боюнча маселелер дүйнө жүзү боюнча тынчсызданууну күчөтүп келет. БУУнун алдындагы “Балдар укуктары боюнча комитети” тарабынан көптөгөн өлкөлөр дал ушул жашы жете элек жактарга карата соттук адилеттүүлүктү ишке ашыруу саясаты жана практикасы боюнча сынга дуушар болуп келишет. Эл аралык коомчулук жашы жете элек жактарга карата соттук адилеттүүлүк деген түшүнүк менен катар эле кыргыз тилинде “жашы жете элек жактарга карата соттук адилеттүүлүк” деген фраза менен дал келүүчү “ювеналдык юстиция” деген терминди колдонушат.

Кыргызстанда жашы жете элек жактардын укуктук макамын жакшыртууга жардам берүү максатында Ювеналдык юстиция тутуму да иштелип чыккан. Белгилей кетсек, ювеналдык юстиция маселелери көптөн бери талкууланып келет. Ювеналдык юстициянын маселесинин жактоочулары катары биринчи кезекте юристтер эмес, мугалимдер, психологдор, дарыгерлер, социалдык кызматкерлер, башкача айтканда “татаал” өспүрүмдөрдүн көйгөйлөрү менен күн сайын бетме-бет кез келгендер болушкан. Адатта, кадрдык таңкыстык, юридикалык эски көз караш, каржылык таңкыстык сыяктуу факторлор ювеналдык юстициянын калыптануу процессин жайлатып жаткан себеп катары саноого болот. Ушуну менен катар эле коомдо, жашы жете элек жактардын укугу менен кызыкчылыктарын коргоп-сактап турууга жоопкер болгон мамлекеттик уюмдардын өкүлдөрү соттук адилеттүүлүктү иш жүзүндө кантип аткаруу керектиги тууралуу даана-так түшүнүккө ээ эмес. Ювеналдык юстициянын максаты - баланын жыргалчылыгы деген өңүттөн кароо абзел.

КР Балдар жөнүндөгү Кодексинде (88-б.) жашы жете элек жактардын иштери боюнча адистештирилген сотту ювеналдык юстициянын тутуму катары эсептейт. Арийне, мындай адистештирилген сот 2012-жылдан бери киргизиле элек. *2021-жылдын 1-декабрынан мыйзамдуу күчүнө кирген Кылмыш-жаза процессуалдык Кодексинин* 5-беренесинин 8-, 9-пункттарында балдар иштери боюнча *адистештирилген тергөөчү, прокурор, сот жана адвокат* жөнүндө каралган.

Ошону менен бирге, акыркы мезгилдерде Кыргыз Республикасынын бийлиги тарабынан жашы жете элек жактарга ылайыктуу деп саналган соттук адилеттүүлүк стандарттарын мыйзам чөйрөсүнө киргизүү боюнча кадамдар жасалгандыгын белгилей кетүү оорундуу деп эсептейбиз.

И.И. Мартиновичтин пикири боюнча алсак, ювеналдык юстиция тутумуна ювеналдык соттор, ювеналдык прокурорлор жана адвокаттар, квалификациялуу психологдордун кызматы, социалдык кызматкерлер жана башка адистер, о.э. жашы жете элек жарандар үчүн атайын тарбия берүү жана жаза аткартуу мекемелери кирет [242, б. 49].

1899-жылы 2-июлда АКШда Чикагодо (Иллинойс штаты) жашы жете электерге арналган, атайын соттук кызмат түзүлгөн. Көп өтпөй мындай соттор дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүндө (Англияда - 1905-жылдан, Канадада - 1908-жылдан, Бельгияда - 1912-жылдан, Францияда - 1914-жылдан, Грецияда - 1924-жылдан) иштей баштаган [173].

Ар кайсы мамлекеттердин ювеналдык юстиция тутумдары бири-биринен бир нече өзгөчөлүктөрү менен айырмаланат, аларды изилдөө дүйнө жүзүндөгү ювеналдык юстиция боюнча адистештирилген органдарды уюштуруунун үч модели жөнүндө сөз кылууга мүмкүндүк берет: *үй бүлөлүк соттор, ювеналдык соттор жана атайын соттук коллегиялар.*

Чет өлкөлөрдүн тажрыйбасы ювеналдык юстицияда юридикалык эмес билимдерди колдонуу мүмкүнчүлүктөрү кыйла чоң экенин көрсөтүүдө. Мисалы, франциянын жазык процессинде соттук жараянда жашы жете элек өспүрүмдүн бардык социалдык-психологиялык өзгөчөлүктөрү, жасаган

жосуну жана аны курчап турган микро чөйрө камтылган атайын "экинчи досьенин" түзүлүшү [173].

*"Үй-бүлөлүк"* деп аталган сот кызматы кылмышка шектүү деп кармалган жашы жете элек жактарга, о.э. камкордукка, коргоого жана көзөмөлгө муктаж жеткинчектерге тиешелүү маселелердин баардык түрүн карайт, ата-энелик милдеттерин адилетсиз аткаргандыгы үчүн, ата-энелик ыйгарым укуктарын кыянаттык менен пайдалангандыгы үчүн алардын мыйзамдуу өкүлдөрүнө карата укуктук чаралар колдонулат, ата-энелер менен балдарынын ортосунда жаралган мүлктүк келишпестиктерди, жарандык сот өндүрүшүнүн башка маселелерин чечет. Жашы жете элек өспүрүмдөрдүн укук бузууларын кароо айрым үй-бүлөлүк соттордун компетенциясына кирет.

Экинчи модель татаал юрисдикцияга ээ болгон *ювеналдык соттордун* бирдиктүү автономдуу тутумун түзүүнү камтыйт. Мындай автономдуу ювеналдык юстиция, атап айтканда, революцияга чейинки Россияда түзүлгөн. Биринчи өспүрүмдөр соту 1910-жылы 22-январда Санкт-Петербургда ачылган. 1917-жылга чейин мындай соттор кээ бир башка шаарларда иштеген. *Ювеналдык сот* үч категориядагы иштер боюнча иш алып барган:

1) жашы жете элек жактар тарабынан жасалган кылмыштар;
2) жашы жете элек жарандарды жабырланткан кылмыштар;
3) жашы жете элек өспүрүмдүн ата-энеси тарабынан өз милдеттерин аткарбоо, балдардын кароосуз калуусу жана башкалар менен байланышкан иштер.

Аталган соттордун ишмердүүлүгү жогору бааланган [173].

Ошол эле учурда Д.Н. Бахрах адистештирилген сотторду, анын ичинде ювеналдык сотторду түзүү маселесин талкуулоодо, автономдуу сот институттарын түзүү жөнүндө сөз кылуунун кажети жок экендигин – болгону соттордун адистешүүсү жетиштүү болушу мүмкүн деп туура белгилеген [86].

Ювеналдык сотторду түзүүнүн теориялык фундаменти катары “*Бакубаттуулук модели* («welfare model»)” эсептелген, анда негизги акцент кылмышкерге эмес, мыйзам бузууга түрткү болгон жана кылмышкердин көзөмөлүнөн тышкары турган факторлорго көңүл бурулат. А бирок, аталган моделдин карама-каршы модели бар: “*адилеттүүлүк модели* («justice model»)”, ага ылайык, ар бир адам, анын ичинде жашы жете элек адамдар, жасалган мыйзамсыз аракеттер үчүн сөзсүз жооп бериши керек [174].

Азыркы учурда, чет өлкөлүк соттор ювеналдык соттук адилеттүүлүктү жүзөгө ашырууда эки моделди тең айкалыштырууга аракет кылышат. Ошол эле учурда, айрым мамлекеттер (мисалы, Канада, Жаңы Зеландия, АКШ, Англия) акыркы жылдары “*бакубаттуулук моделин*” артыкчылыктуу колдонуудан баш тарта башташты, анткени алар балдардын рецидивинин өсүшүнө шарт түзөт деп эсептешет.

Алгачкы ювеналдык сотторду түзүүдө эки негизги талап коюлган: процессти адистештирүү (иштерди, эрезеге жеткен айыпталуучуларды карап жаткан жерлерден бөтөнчө атайын жайларда кароо, жашы жете элек жарандарды алгачкы камак жайларында чоңдордон обочолонтуу, ушул сыяктуу иштерди кароо боюнча адистештирилген судья бөлүп берүү) жана сот өндүрүшүн жөнөкөйлөтүү (ишти сотто кароо процессинде жашы жете элек адамга болгон терс таасирлерди азайтуу максатында сот өндүрүшүнө бей формалдуулук мүнөздү ыйгаруу).

2016-жылдын март айында Бишкек шаарынын Ленин райондук сотунда кылмыштардын курмандыгы же күбөсү болуп калган балдар үчүн адистештирилген бөлмө ачылып, балдардын мыйзамга каршы келген иштери боюнча соттук отурумдар өткөрүлгөн [209]. 2016-жылдын аягына чейин дагы 10 (он) сотто балдарга ылайыктуу соттук адилеттүүлүк бөлмөлөрү ишке киргизилген. Каракол шаарында жана Жалал-Абад облусунун Сузак райондук ички иштер бөлүмдөрүндө, сотторунда “*Мыйзам менен келишпестикте турган балдар үчүн жагымдуу бөлмөлөр*” ЮНИСЕФтин жана Улуу Британиянын Кыргызстандагы элчилигинин колдоосу менен

түзүлгөн [107].

Бүгүнкү күндөгү балдар процесси, юристтердин айтымында, жетишээрлик деңгээлде эмес.

Жаша жете элек жактарга байланыштуу иштерди кароо практикасында, “Болду күнөөсү далилденди, тиешелүү жаза колдонуу абзел” деген, альтернативаны караштырбаган жөнөкөй процедурага өтүп алышкан. Тилекке каршы, өспүрүмдөргө каршы козголгон кылмыш иштери кээде бир нече жыл бою каралып, а өспүрүмдөр болсо тергөө изоляторлорунда (СИЗО) ошончо убакыт адилеттүү чечимди күтүп жата берүүгө мажбур болушат.

Кыргызстанда жашы жете элек жактарга карата соттук адилеттүүлүктү жакшыртуу, өркүндөтүү жана өнүктүрүү боюнча 2014-2018-жылдар үчүн кабыл алынган Мамлекеттик программаны жүзөгө ашыруу максатында жашы жете элек жактардын иштери боюнча атайын адистештирилген тутум да түзүлгөн [230].

БУУнун алдындагы “Баланын укуктары боюнча комитетинин” Жалпы тартиптеги №10-эскертүүлөрүнүн 51-пунктуна ылайык мыйзам менен келишпестикте турган балдар үчүн кылмыш жасоо менен ал аракетке карата алуучу акыркы жооптун ортосундагы мезгил мүмкүн болушунча кыска болушу керек деген бир эл аралык деңгээлдеги пикирге келишти. Бул мезгил канчалык узун болсо, берилүүчү чаранын тарбия берүүчүлүк таасири өз күчүн жоготуп, андан да начар акыбалга, башкача айтканда баланын кадыр-баркына ошончолук залал келтирилет. Бул контекстте, комитет, ошол Баланын укуктары жөнүндө Конвенцияга (37-б. d) п.) [61] шилтеме келтирет.

Бирок, КР Министрлер Кабинетине караштуу Жазаларды аткартуу боюнча мамлекеттик кызматынын №14-мекемесиндеги жашы жете элек өспүрүмдөрдүн өздүк делолоруна жүргүзүлгөн талдоо көрсөткөндөй, сот жараяны учурунда эркиндигинен ажыратуу жайларында балдардын болуу узактыгы бир жылга жетиши, ал эми кээ бир учурларда андан да көп болушу мүмкүн экен (сүрөт 2.2.1.).




*2.2.1-сүрөт. Сот процессинин созулуусу. Сүрөттөлүш КР Акыйкатчысы (Омбудсмени) институтунун атайын докладынын негизинде автор тарабынан түзүлдү.*

БУУнун алдындагы “Баланын укуктары боюнча комитетинин” №10-Жалпы тартиптеги эскертүүлөрүнүн 40-пунктунда ювеналдык юстиция тутумунда иштеген адамдардын кесиптик сапаттары бул укуктарды же кепилдиктерди туура жана натыйжалуу жүзөгө ашыруунун ачкычы экендигин баса белгилейт.

Мисалы, милиция кызматкерлери, прокурорлор, балдардын мыйзамдуу өкүлдөрү, соттор, пробация кызматкерлери, социалдык кызматкерлер сыяктуу адистерди окутуу өтө маанилүү болуп саналат жана алар ырааттуу, о.э. үзгүлтүксүз жүргүзүлүшү керек. Бул адистер баланын, айрыкча, өспүрүмдүн физикалык, акыл-эстик жана социалдык өнүгүүсү, мындан сырткары жашы жете элек жактардын (мүмкүнчүлүгү чектелгендер, кароосуз калгандар, башпаанек сурагандар, жер которгондор, качкындар, о.э. түрдүү азчылыктарга таандык балдар) ар кандай аялуу категорияларынын өзгөчө муктаждыктары жөнүндө жакшы маалымат алуулары абзел.

*“Пробация жөнүндө”* КР Мыйзамына таянсак, балдар анын негизги субъекттеринин бири болуп саналат. Бул мыйзам (7-бап.) жашы жете элек

жактардын ортосундагы укук бузууларды алдын-алуу, жашы жете электердин укуктарына урматтоо менен мамилеге баруу, мыйзамдар менен келишпестикте тургандарды кайрадан коомдоштуруу жана интеграциялаштыруу максатын көздөгөн ювеналдык пробация баяндалган. Мыйзамдын 36-беренеси жашы жете элек жактарга карата пробациянын ишинин багыттарын, анын негизинде жашы жете электер менен иштөөнүн конкреттүү көрсөткүчтөрүн көрсөтүү менен сүрөттөйт.

Балдардын катышуусунда жүргүзүлгөн мамилелерди жөнгө салуучу улуттук мыйзамдарды өркүндөтүү Кыргызстандагы жашы жете элек жактардын укуктук макамын жакшыртып берүүчү багыттарды аныктоодо өзгөчө көңүл бурууга татыктуу.

КР Ички иштер министрлигинин убактылуу кармоо жайларында (УКЖ) кармоо шарттарына карата жүргүзүлгөн мониторинг көрсөткөндөй, камакка алынган, мурда соттолгон жана кылмыш жазасын өтөгөн, эрезе жашынан өткөндөр менен эрезеге жете элек жактардын чогуу болуп калуусу ыктымал. Жаралган мындай кырдаалдар өзгөчө аянычтуу жыйынтыктарга алып келиши мүмкүн, анткени убактылуу кармоочу жайларында чогуу болуу мөөнөтү көптөгөн күнгө жетсе мыйзам менен келишпестикте болгон өспүрүмдөрдүн криминалдашып кетүүсүнө өбөлгө жаралат [205]. Айта кетсек, тергөө изолятору (СИЗО) бар жерлерде, чындыгын алганда, жашы жете элек жарандарды жаш курагы боюнча чоңдор менен биргеликте, о.э. 24 сааттан ашык убакытка кармоого уруксат берилип келет.

“Кыйноолорду алдын алуу боюнча Кыргыз Республикасынын улуттук борбору” жана Кыргызстандагы кыйноолорго каршы коалиция тарабынан жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн жыйынтыгы боюнча даярдаган докладында да убактылуу кармоочу жайларда жашы жете элек жактарга карата болгон мамилелер же кармоочу жайдын шарты тууралуу да кенен маалыматтар айтылган [90]. Тактап айтканда, аталган докладдын “Категориялар боюнча бөлүштүрүү” деген пунктунда адам укуктарын сактоо боюнча Эл аралык документтердин ичинен “Манделланын Эрежеси (Правила манделлы)” аттуу

документтин 11-пунктунун талаптарын шилтеме катары келтиришкен.

Анда:

- эркектер менен аялдарды өзүнчө жайларда кармоо же таптакыр бөлөк жайларга жайгаштыруу керек;
- тергөөгө камалгандар соттолгондордон өзүнчө жайгаштырылууга тийиш;
- жашы жете элек кылмышкерлерди чоңдордон бөлөк кармоо керек деген ченемдерин баса белгилеп кетишкен.

Кыргыз Республикасынын Улуттук мыйзамдары камакка алынуучуларды бөтөн-бөтөн жайгаштыруу боюнча талап кылынган эл аралык стандарттарга көбүн эсе жооп берет. Бирок, өкүнүчтүүсү өзгөчө жагдайларда тиешелүү көзөмөлдү аркалоочу прокурордун жазуу жүзүндөгү макулдугунун негизинде жеңил кылмыштар үчүн алгачкы жолу кылмыш-жаза жоопкерчилигине тартылып жаткан жашы жеткен адамдарды, жашы жете элек балдар жаткан камераларда кармоого жол берилет [17].

Учурдагы реалдуулуктун бөтөнчө жана өзгөчө көйгөйү - бул укуктук сабатсыздык, тактап айтканда жарандардын өз укуктары менен милдеттерин билбестиги.

КР Кылмыш-жаза процессуалдык Кодексинде (102-б. 3-п.) жашы жете элек жактардын кармалгандыгы жөнүндө маалыматты эң биринчи кезекте анын ата-энесине, алар жок болсо камкорчусуна (көзөмөлчүгө), андан кийин жашы жете элек жактардын укуктарын коргоо боюнча мамлекет тарабынан ыйгарым укукка ээ органга кечиктирбестен ыкчам билдириш керек экендиги жөнүндө каралган. Мындай билдирүүнү же кайрылууну дароо, ыкчам жеткирүү мүмкүн болбосо, анда аны КР Кылмыш-жаза процессуалдык Кодексине (460-б. 4-п.) ылайык кармалган мезгилден тартып 3 (үч) сааттын аралыгында билдириш керектиги так белгиленген.

№14-тарбиялоочу колонияда жүргүзүлгөн текшерүүнүн жүрүшүндө жашы жете электердин ишин баалоодо, жашы жете электин кармалуусу жөнүндө кабарды ата-энелерге качан же канча убакыттан кийин уккандыгы

жөнүндө маалымат алууга мүмкүнчүлүк болгон эмес. Талдоого алынган иштердин ичинен 42 пайызында гана балдардын кармалгандыгы тууралуу оозеки же жазуу жүзүндө ата-энелерге кабар берилгендиги көрсөтүлгөн.




*2.2.2-сүрөт. Балдары кармалгандыгы тууралуу ата-энелердин маалымдуулугу. Сүрөттөлүш КР Акыйкатчысы (Омбудсмени) институтунун атайын докладынын негизинде автор тарабынан түзүлдү.*

Диаграммада аталган №14-тарбиялоо колониясындагы мониторинг учурунда жашы жете элек жактарга карата иштер боюнча жүргүзүлгөн талдоолордун натыйжалары келтирилген. 36,8% учурларда (балдардын үчтөн биринен көбү) адвокат берилген эмес. Бул көрүнүштөр камакка алуу жана тергөө жүргүзүү чараларында жашы жете элек жактардын укуктары укук коргоо өкүлдөрү  тарабынан одоно бузулгандыгынан кабар берет.

Камакка алуу түрүндөгү бөгөт коюу чарасы соттор тарабынан гана кабыл алынышы мүмкүн. КР Кылмыш-жаза процессуалдык Кодексинин 12-беренеси жашы жете элек жарандарды 24 сааттан ашык эмес кармоо керектигин аныктайт.

КР Өкмөтүнө караштуу Жазаларды аткартуу боюнча мамлекеттик кызматтын №14-тарбиялоо колониясында өткөрүлүп жаткан жашы жете элек

өспүрүмдөрдүн иштеринин анализине таянуу менен, жашы жете элек жарандарды 24 (жыйырма төрт) сааттан ашык кармоого болбойт деген ченем сакталбайт деп айтууга болот. Себеби жалпы кармоолордун дээрлик 16% учурунда, жашы жете элек жарандар “бөгөт коюу чарасы” боюнча соттун атайын чечими жок болсо да 24 (жыйыйырма төрт) сааттан ашык убакыт кармалышкандыгы буга так далил боло алат. Кармоолордун 69% учурларында, жашы жете электер КР Өкмөтүнө караштуу Жазаларды аткартуу боюнча мамлекеттик кызматынын тергөө жайларына (СИЗО) өткөрүлүп берилбестен, КР ИИМдин убактылуу кармоочу жайында 24 (жыйырма төрт) сааттан ашык отурушкан. Бул Улуттук жана эл аралык ювеналдык юстиция мыйзамдарын одоно бузуу болуп саналат [142].

Балдардын укуктук макамын изилдеген илимпоздор дагы ювеналдык юстиция тутумун түзүүнү колдоп келишет. Бирок ювеналдык юстиция тутумунун мыйзамдарга имплементацияланышына каршы чыккандар дагы аз эмес.

Кыргызстанда ювеналдык юстицияны киргизүү балалыктын социалдык көйгөйлөрүн чечүүнүн жолдорунун бири катары сунушталууда. Бирок, чет өлкөлүк тажрыйбаны талдоо көрсөткөндөй, бул өз үй-бүлөсүнөн тышкары өскөн балдардын санынын көбөйүшүнө алып келиши мүмкүн, бул “бакма” индивиддердин көбөйүшүн гана камсыздайт, өз кезегинде бул *ювеналдык юстиция түшүнүгүнүн эң негизги терс жагы* катары бааланаары көптөгөн окумуштуулардын пикири боюнча далилденген.

Мисалы, Франциянын ювеналдык юстициясынын өзгөчөлөнгөн белгиси катары үй-бүлөнүн иштерине кийлигишүү жана жашы жете элек өспүрүмдү соттун чечими менен үй-бүлөдөн алып коюу жол-жобосунун жөнөкөйлүгү саналат [134, б. 80].

Жашы жете элек жактардын иштери боюнча соттордогу жана социалдык кызматтардагы иштердин абалы жөнүндө Франциянын өкмөтүнө жасаган отчетунда социалдык иштер боюнча башкы инспектор П.Навес жана юридикалык департаменттин башкы инспектору Б.Катала: “Көптөгөн балдар

ата-энесинен ажыратылып, баш калкалоочу жайларга жана үй-бүлөлөргө жайгаштырылууда. Соттор жана социалдык кызматкерлер мыйзамды тынымсыз бузуп жатышат. Мыйзам менен укук колдонуу практикасынын ортосунда чоң айырма бар. Судьялар балдарды ата-энесинен ажыратышы керек, анткени алардын иш-аракетинин жыйынтыгы ата-энесинен ажыратылган балдардын саны менен өлчөнөт, алар канчалык көп балдарды ата-энесинен ушундай жол менен коргогон болсо, ошончолук тезирээк кызматтык тепкич боюнча көтөрүлүшөт” [91] деп билдиришкен.

Францияда балдарды жазалоого каршы мыйзам кабыл алынган. Аталган документке ылайык ата-энелерге тарбиялык максатта зомбулуктун көп кайталануучу түрлөрүн колдонууга тыюу салынат. Ал мыйзамда, кала берсе, жашы жете элек баланын бетине, желкеге чаап коюларга да тыюу салынган. Мындан сырткары, балдарды сөгүп-кагуу жана ар кандай жол менен басынтуудан алыс болуу керектиги көрсөтүлгөн. Франциянын Жарандык Кодексине (371-1-б.) таянсак, анда жаш жубайлардын жарандык абалын (никени) каттоо учурунда эле ата-эненин балдарга карата болгон милдеттерин, т.а. бала жаңы төрөлгөндөн тартып эч кандай физикалык же психологиялык зомбулукка кабылбаш керектигин билдиришет. Ушул эле маалымдама ар бир бала төрөлгөндө атайын толтурулуучу медициналык китепченин биринчи бетинде болот жана ал бойго жеткенге чейин эске алынаары белгиленген.

Дүйнөдө 56 мамлекет, анын ичинде Косово жана Түштүк Судан да балдарды физикалык жактан жазалоого мыйзамдуу түрдө тыюу салган. Мисалы, Австрияда 2011-жылы кабыл алынган мыйзамга ылайык зордук-зомбулуктун же эксплуатациянын курмандыгы болгон жашы жете элек бала компенсация жана реабилитация алууга укуктуу. Швецияда балдарды физикалык жазалоого 1966-жылдан тартып эле тыюу салынган, бирок ал ур-токмокко алуу катары квалификацияланса гана кылмыш жоопкерчилигине тартылат. Литвада балдарга зордук-зомбулук көрсөткөнү үчүн эң көп дегенде беш жылга эркинен ажыратылышы мүмкүн, бирок адатта алар тарбиялык-

түзөтүү жумуштары же шарттуу түрдө кесүү менен аяктайт. Жалпысынан Евробиримдикте балдарды физикалык жактан жазалоого толук тыюу сала элек беш гана өлкө калды - Бельгия, Улуу Британия, Италия, Словакия жана Чехия.

Японияда 2020-жылдын 1-апрелинде жашы жете элек жактарга физикалык жаза колдонууга толук тыюу салуу боюнча мыйзам күчүнө кирген. Бирок мыйзам бузуучуларга жазанын кандай түрлөрү бар экени мыйзамда көрсөтүлгөн эмес [211].

Германия өлкөсүндө балдарды ата-энесинен ажыратуу практикасы боюнча  немис укук коргоочусу Максим Жиленков тарабынан жүргүзүлгөн талдоолорго караганда, 1995-жылдарда 23 миңден ашуун бала ата-энесинен ажыратылган болсо, арадан 20 жыл өткөн соң, б.а. 2015-жылга карата ата-энесинен ажыратылган балдардын саны 77 миңден ашкан [179].

Швецияда жана башка Скандинавия өлкөлөрүндө камкорчулук органдарына балдарды үй-бүлөлөрдөн ажыратып, аларды фостердик үй-бүлөлөргө же балдар үйүнө жайгаштыруу укугун берген мыйзамдар 20-кылымдын башында эле кабыл алынган. Швециялык эксперттер 2012-жылы Европа Кеңешинин Башкы катчысына Швецияда жана коңшу Скандинавия өлкөлөрүндө балдарды үй-бүлөдөн ажыратуу фактылары боюнча баяндама менен кайрылышкан. Докладда 1920-жылдан тартып бүгүнкү күнгө чейин Швеция бийлиги 300 миңден ашуун баланы ата-энесинен ажыратып, мажбурлап фостердик үй-бүлөлөргө жайгаштырганы, башкача айтканда, жыл сайын 4 миңге жакын бала ажыратылып туурары айтылган. *2022-жылдын 13-февралында* жүздөгөн демонстранттар *Швециянын Гетеборг* шаарында камкорчулук кызматынын аракеттерине каршы жүрүшкө чыгышкан. Митингчилер социалдык кызматтар Балдарды камкордукка алуу мыйзамын (LVU) туура эмес колдонуп жатат деп эсептешет. Алар балдарды ата-энесинен себепсиз ажыратып, натыйжада жалпы үй-бүлө мүчөлөрү жапа чегип жатканын жүйө келтиришкен [236]. Швециялык эксперттер белгилегендей, балдарды фостердик үй-бүлөлөргө берүү керек деп саналган

учурлар да жок эмес. "Башка учурлардын баардыгында, үй-бүлөдө убактылуу көйгөйлөр болгондо, алар өтө эле радикалдуу эмес жолдор менен чечилиши мүмкүн жана чечилиши керек эле" деген пикирди карманышат.

Казакстанда 2020-жылдын октябрь айында ата-энелер үй-бүлөлүк зомбулукка эмес, турмуш-тиричиликтеги зомбулукка байланыштуу эрежелерди камтышы мүмкүн деп аталган мыйзам долбооруна каршы кол топтошкон. Казакстандыктар балдардын укугун коргойбуз деген жүйөлүү шылтоо менен мамлекеттик органдар үй-бүлөнүн иштерине кийлигише баштайт деп кооптонушкан. Мындан тышкары, бул көрүнүш батыш өлкөлөрүндөгүдөй эле, кандайдыр бир үчүнчү тараптын сигналы боюнча, соттук териштирүүсүз же соттун чечимисиз эле, мамлекеттик органдардын өкүлдөрү өз каалоосу боюнча баланы үй-бүлөсүнөн ажыратып, ал тургай ата-энесин ата-энелик укуктан ажырата алышат [234].

Окумуштуулардын көп жылдар бою жүргүзгөн изилдөөлөрү көрсөткөндөй, баланын ата-энесинен ажырап калуусу эч кандай кесепетсиз кала бербейт. Ата-энесинен бөлүнүп калган бала акыл-эс (психологиялык) жактан жабыркап, зака жеп калуусу толук ыктымал, бул фактор анын болочок жашоосуна тескери таасирин тийгизбей койбойт. Бала кезинде ата-энесинин мээриминен же тарбиясынан ажырап калган балдарда аң-сезимдик же дене бойлук жабыркоолордун саны, ыктымалдуулугу, башка балдарга караганда 2-3 эсе жогору экендиги окумуштуулар тарабынан айтылып келет.

Баланы үй-бүлөдөн ажыратуу - бул радикалдуу кадам, ошондуктан аны ажыратуу үчүн да, үйдөгү жагымсыз чөйрө балага келтире турган зыян үчүн да катуу критерийлер белгилениши керек. Ийгиликтүү эмес үй-бүлө деген жыйынтык чыгаруу үчүн абдан күчтүү далилдери болушу керек. Иш жүзүндө, социалдык кызматтын кызматкерлери жана балдарды үй-бүлөдөн ажыратуу боюнча сунуштарды берип, чечим кабыл алган жактар мындай далил келтирүүгө кызыкдар эмес. Бул балдарды туулган үй-бүлөсүнөн ажыратуу жана мамлекеттик камкордукка берүү боюнча көптөгөн жагымсыз чечимдерге алып келет, натыйжада балдардын үй-бүлөдө жашоого болгон

укуктары бузулууга дуушар болот.

Норвегияда болуп өткөн окуя буга мисал боло алат. Өз үй-бүлөлөрүнөн ажырап, асырап алган үй-бүлөлөрдө тарбияланган балдар чоңойгондо ювеналдык соттун курмандыктары фондуна биригишкен жана бүлүнгөн балалык кез үчүн мамлекеттен 60 миллион евродон ашык доо коюп сот аркылуу өндүртүп алышкан [152].

*Албетте, жашы жете элек кылмышкерлерди жазалоо системасына өзгөртүү кийирүү зарылчылыгы эч кандай шек жаратпайт, болгону келтирилүүчү жазалар балдарды кайрадан криминалдык чөйрөгө кошуп, алардын жашоосун тескерисинче катаалдатпашы керек.*

*Биздин пикирибиз боюнча Кыргызстанда ювеналдык юстициянын кээ бир ченемдери же элементтери үй-бүлөнү, энеликти жана жашы жете элек жаранды коргоону кепилдеген улуттук конституциялык мыйзамдардын негиздерине, улуттук улуу баалуулуктарга карама-каршы келет. Кыргызстанда балдардын укуктарынын мыйзамдык кепилдиктери балдарды тарбиялоону камсыз кылуу жана алардын укуктарын коргоо максатында үй-бүлөнү колдоо принциптерине гана негизделген. Ал эми Батыштын ювеналдык юстиция системасы ата-энелердин укуктарына караганда баланын укуктарынын артыкчылыктуулугуна негизделген, бул кээде ата-энелердин жана бүтүндөй үй-бүлөнүн укуктарынын жана кызыкчылыктарынын туруктуулугуна доо кетирет. Демек үй-бүлөлүк баалуулуктарга негизделген каадаларды эске алуу аркылуу ювеналдык юстициянын механизмдерин киргизүү жана өнүктүрүү перспективасына кылдаттык менен мамиле кылуу керек болот. Ата-энелердин балдарды тарбиялоого болгон негизги милдети улуттук жана эл аралык мыйзамдарда бекем белгиленген, анын бузулушу коомдун кеңири чөйрөлөрү тарабынан кабыл алына бербейт.*

*Үй-бүлөдөгү зордук-зомбулук тууралуу көп айтылып келет. Бирок үй-бүлөлүк зомбулук көйгөйү – бул мамлекеттин натыйжасыз иш алып баруусунун кесепетинен эле эмес, тескерисинче коомдун өзүнүн көйгөйү,*

*анын адеп-ахлаксыздыкка, ыймансыздыкка байланышкан көйгөйү болуп саналат. Бул көйгөйлөрдү күч колдонуу же батыш өлкөлөрүндөгү ювеналдык юстиция системасындагыдай – балдарды үй-бүлөдөн күч менен ажыратып алуу жолу аркылуу эмес, башка ыкмалар менен: коомду жана үй-бүлөнү өлкөбүздүн руханий-адеп-ахлактык салттарында кайра жаралтуу аркылуу чечүү керек.*

## 2.3. Укуктук маданиятты жогорулатуу жашы жете элек жактардын укуктарын камсыздоо механизминин негизги шарты катары

Укуктук мамлекеттин калыптанышы көбүн эсе коомдогу маданияттын, тагыраак айтканда укуктук маданияттын деңгээлине жараша болот. Ар кандай саясий институттардын иштешине маданияттын таасири абдан чоң. Азыркы коомдун алдында саясий жана укуктук маданиятты жогорулатуу милдети турат.

Жарандардын укуктук маданиятын жана аң сезимин көтөрүү үчүн мамлекет тарабынан тиешелүү шарттардын түзүлүүсү шарт экендиги тууралуу ченем КР Конституциясынын 48-беренесинин 3-пунктунда так көрсөтүлүп берилген.

***Укуктук маданият*** – бул укукка жана мыйзамдуулукка карата оң мамилени калыптандыруучу, коомдук пайдалуу жүрүм-турумду камсыз кылуучу көз караштардын, баалоолордун, ишенимдердин системасы болуп эсептелинет. Укуктук маданият төмөндөгүдөй элементтерди өзүнө камтыйт: мыйзамдарды билүү жана түшүнүү; укукка сый мамиле кылуу; жашоодо укуктун ченемдерин колдонуу жана сактоо; инсандын укуктук аң сезиминин деңгээли; укуктук ой жүгүртүүнү өнүктүрүү. Аталган элементтердин сапаттык деңгээли коомдогу ар бир эле инсанда жана жашы жете электерде жогору эмес болгондугуна байланыштуу жашы жете элек жактардын укуктары, мыйзамдык кызыкчылыктары бузулууларга (ущемление), чектөөлөргө дуушар болуп келет. Мамлекет укуктук маданияттын жогорку деңгээлин калыптандырууда жетектөөчү ролду ойнойт. Андыктан, мамлекет

негизги басымды, жумушу жашы жете электер менен байланышкан жактардын жана жашы жете элек жактардын (“Балдар иштери боюнча комиссия (БИК)”, ата-энеси, асырап алуучулар, камкордук кылуучулар, көзөмөл кылуучулар, мугалимдер, тарбиячылар, адистиги балдар менен иштөөгө түздөн-түз байланыштуу боло турган студенттер жана жашы жете элек жактардын өздөрү) укуктук маданиятын жогорулатуу үчүн төмөнкүдөй аракеттерди көрүүсү зарыл:

- укуктук документтер менен тааныштыруу;
- зарыл болгон укуктук билимдер менен жабдуу;
- мектепке чейинки билим берүү мекемесинде жана үй-бүлөдө, билим берүү процессинде балдардын укуктарын сактоо жана коргоо үчүн ата-энелердин жоопкерчилигин калыптандыруу жана жогорулатуу.

А.С. Гречин белгилегендей, “Укуктун жана укуктук кубулуштардын, о.э. институттардын пайда болушу белгилүү бир багытталыштын жалпы маданиятынын өнүгүшүн белгилеп кетет” [83, б. 21]. “Укуктук маданият” түшүнүгү коомдо калыптанган бүтүндөй, жалпы маданияттын концепциясы менен абдан татаал түрдө байланышат жана өңчөйлүү өңүткө ээ. Өз кезегинде укуктук маданиятты бүтүндөй, жалпы маданияттын өнүгүүсү үчүн белгилүү бир өбөлгөлөрдү түзүүчү бөлүгү катары саноого болот.

Атайын укуктук, илимий адабияттарда укуктук маданияттын маңызы, анын түзүмү, мазмуну, анын укуктук аң-сезим менен болгон байланышы тууралуу бирдиктүү көз караш жок. Мунун баары “укуктук маданият” түшүнүгүнүн татаалдыгын жана дараметин күбөлөндүрөт.

“Укуктук маданият - бул белгилүү бир адамдардын коомчулугунун мыйзам, анын аткарылышы, мамлекеттик органдардын, чиновниктердин ишмердүүлүгү жөнүндө ойлорунун комплекси” болуп саналат, деп эсептейт С.А. Комаров [103, б. 131].

***Коомдун укуктук маданияты*** - бул баалуулуктун феномени, коомдун өнүгүүсүндөгү жетишкендиктердин бир түрү экендигин түшүнүү абзел. Ал

социалдык прогресстин элементи катары каралат жана мурунку муундардын тажрыйбасын карманып келет. Коомдун прогрессивдүү өнүгүшүнө салым кошуу аркылуу укуктук маданият инсандын укуктарын жана эркиндиктерин ишке ашыруунун шарты катары, коомдогу адамдын коопсуздугунун жана стабилдүүлүгүнүн кепилдиги катары кызмат кылат. Жогорку деңгээлдеги укуктук маданияттын негизинде гана жалпы жарандык коом калыптана да, өнүгө да берээри бышык.

Г.В. Назаренко укуктук маданиятты мыйзам чыгаруу, укук коргоо жана сот тутумунун органдарынын ишмердүүлүк маданиятын, укуктук аң-сезим маданиятын, укуктук жүрүм -турум маданиятын камтыган системалуу билим катары карайт [122, б. 196].

Укукту белгилүү бир маданий баалуулук катары кароого болот. Бул көз караштан алганда, иштелип чыккан мыйзамдар жогорку маданияттын жемиши, үзүрү катары, ал эми маданий баалуулуктар катары мыйзамдуулук менен укуктук тартипти айтууга толук негиз бар. Мыйзамдар укуктук маданияттын ар кандай көрүнүштөрүнө таасирин тийгизет, анткени алар белгилүү бир укуктук идеологиянын чагылышы жана белгилүү юридикалык институттардын пайда болушуна түрткү берет, алардын болуусу же жоктугу укуктук маданияттын белгилүү бир деңгээлинен көз каранды болот. Ар кандай иш-аракеттерди жасоо менен инсан жеке иш-аракеттерин коомдо кабыл алынган маданий маанай менен айкалыштырат.

Таблица 2.3.1. Укуктук маданияттын абалдары

| № | Абалдын аталышы | Абалдын маңызы |
|---|---|---|
| **1.** | Ички | мында кээ бир психикалык процесстерди чагылдырат |
| **2.** | Ченемдик | укуктук ченемдердин жыйындысын фиксациялайт |
| **3.** | Жүрүм-турумдук | аракеттердин мүнөзүн көрсөтөт |
| **4.** | Объективдүү | укуктук аракеттердин натыйжасын бекемдейт |

*Автор тарабынан түзүлдү.*

Маданиятты кеңири, о.э. сыйымдуу түшүнүк катары сыпаттоо керек. Укуктук билим берүү укуктук маданияттын жашоо циклында маанилүү орунду ээлейт. Башка өңүттөн караганда, укуктук маданиятты калыптандыруу – бул укуктук билим берүүнүн жалпы, белгилүү бир

юридикалык билимдердин жыйындысынын кандайдыр бир жеке адамда болушу анын укуктук маданиятынын калыптануусуна локомотив катары кызмат кылат. В.П. Сальников белгилегендей, адамдын укуктук билими үч абалда: укуктук маданий багытта, аларды ишке ашыруу үчүн чыгармачылык активдүүлүктө жана ишке ашыруунун натыйжасында көрүнөт [136, б. 632].

Кыргыз Республикасынын аймагында балдардын укугу менен тиешелүү кызыкчылыктарын коргоого катышкан мамлекеттик, о.э. муниципалдык органдардын, юридикалык жана физикалык жактардын ишмердүүлүгү Балдар жөнүндө Кодекси менен жөнгө салат.

Балдардын укугу менен тиешелүү кызыкчылыктарын коргоо боюнча атайын органдар төмөнкүлөр:

| |
|---|
| 1) Кыргыз Республикасынын Министирлер Кабинети; |
| 2) Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Балдар укугу боюнча ыйгарым укуктуу өкүл; |
| 3) Балдар иштери боюнча комиссия (БИК); |
| 4) Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органы жана алардын социалдык маселелер боюнча комиссиялары |

Пикирибизде, жашы жете элек жактардын укуктук аң-сезимин калыптандыруу жаатында мамлекеттик органдардын бирдиктүү жана координацияланган иш-аракеттери ар кандай маалыматтык-үгүт иштеринин эффективдүүлүгүн максаттуу түрдө жогорулатышы мүмкүн. Ал о.э. ведомстволор аралык мамилелердин чегинен чыгып, балдардын жана мектеп окуучуларынын көйгөйлөрү менен алектенген жана кызыкдар болгон структуралардын (ар кандай ӨЭУлар; юридикалык клиникалар; жаштардын бош убактыларын өткөрүүнү камсыздаган жайлар) кеңири чөйрөсүн камтышы да мүмкүн. Мунун баары жашы жете элек жарандарды укуктук жактан социалдаштыруу процессине кеңири коомдук көзөмөлдү орнотууга өбөлгө түзүшү керек.

Жашы жете элек жактардын адеп-ахлактык сапаттарын жана алардын

мыйзамдуу жүрүм-турумун калыптандырууда билим берүү тутумуна маанилүү роль таандык. Бирок, мугалимдер жамаатынын мүмкүнчүлүктөрүн пайдалануу, айрыкча мүнөзү катаал (трудные) өспүрүмдөр менен иштөөдө, көпчүлүк учурда мектептин дубалдары менен гана чектелип келишет.

Мамлекетибиздин Саламаттык сактоо министрлигинин алдындагы “Эне жана баланы коргоо боюнча Улуттук борборунун (ЭБКУБ)” изилдөө тобу тарабынан *Мектеп жашындагы балдардын дени сак жүрүмүн изилдөө* (Health Behavior Of School-Aged Children, HBSC) аттуу изилдөөсүнө таянсак, анда окуучулардын мектепке болгон мамилесин аныктоо боюнча сурамжылоо жүргүзүлгөн. Жыйынтыгында мектепти жакшы көргөн окуучулардын эң көп үлүшү 11 жаштагылар (60,5% кыздар жана 51,9% балдар). Ошол эле учурда алар чоңойгон сайын мектепке болгон мамилеси начарлайт (10%дан ашык), 15 жашка чейин мектепти чындап жакшы көргөн өспүрүмдөрдүн үлүшү кыздарда 33,8%, балдарда 41,4% түзгөндүгү аныкталган [30].

Адеп-ахлактын калыптанышына үй-бүлөдөгү тарбиялоонун, жашаган жериндеги жакынкы чөйрөнүн жагымсыз шарттарынынын тийгизген терс таасирлерин дал ушул мектеп башкалардан мурда ачып бере алышы мүмкүн. Мектептеги укуктук билим берүүгө көп көңүл буруу керек. Мектепте калыптануучу укуктук билим - бул балдардын адам, инсан катары калыптануусуна гана өбөлгө, көмөк жаратат. Натыйжада төмөнкүдөй компетенциялар менен көндүмдөр калыптанат:

- укуктарга жана мыйзамдарга урмат-сый мамиле кылуу;
- коомдун заманбап укуктук баалуулуктарына шайкеш келген жана негизделген түшүнүктөрү жана мамилелери;
- инсандын укугун, эркиндигин жана кызыкчылыгын сактоо, о.э. анын жарандык позициясын мыйзамдуу жүзөгө ашыруу үчүн жетиштүү көндүмдөр жана жөндөмдөр тарбиялоонун, андан сырткары билим берүүгө байланышкан жараяндардын жүргүзүү боюнча максаттуу жана уюштурулган тармак болуп эсептелет.

Жалпылап айтсак, жашы жете элек жактардын кызыкчылыгын көздөгөн укуктук билим жана тарбия берүү бир нече компоненттерден турушу абзел:

- жашы жете элек жарандардын мыйзамдуу өкүлдөрүн, алардын укуктары жана милдеттери боюнча атайын адистештирилген басылмалардын жардамы менен окутуу;

- мугалимдерге билим берүү (адам укуктарынын концепциялары жана аларга болгон расмий мамилелер, адам укуктарын окутуу методикасы окуп үйрөтүлүүчү кыска мөөнөттүү курстарды же семинарларды уюштуруу);

- жашы жете элек жарандарга билим берүү жана агартуу (Мектептин программасына "Укук таануу" ("Укуктун негиздери") сыяктуу өз алдынча курстарды киргизүү, конкурстарды, олимпиадаларды уюштуруу, юридикалык темалар боюнча жайкы адистештирилген программаларды ишке ашыруу);

- жумушу балдардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын ишке ашыруу жана (же) коргоо менен байланышкан мекемелердин жана уюмдардын кызматкерлеринин укуктук билимин жогорулатуу (квалификацияны жогорулатуу боюнча кыска мөөнөттүү курстарды, тематикалык семинарларды уюштуруу);

- адистиги балдар менен иштөөгө түздөн-түз байланыштуу боло турган студенттер үчүн баланын укуктук макамы боюнча атайын курстарды киргизүү.

Г.Т. Суранчиева, жашы жете элек өспүрүмдөрдүн арасында жүргүзүлгөн социологиялык сурамжылоонун натыйжалары, жашы жете элек балдардын бардык категориялары арасында укуктук билимдин деңгээлинин төмөндүгүн көрсөттү, бул укуктук агартуу жана укуктук билим берүү боюнча иш алып барууга чакырылгандар үчүн сигнал деп эсептейт.

Сурамжылоо жүргүзүү үчүн анкета иштелип чыгып, изилдөөнүн репрезентативдүүлүгүнө жетишүү үчүн респонденттерди ылгоо өткөрүлгөн. Жалпысынан 150 жашы жете элек балдар менен маектешүү жүргүзүлүп,

аларга үч категориядагы респонденттер камтылган: 1) шаардык мектептердин жогорку класстарынын окуучулары (50 адам), 2) айылдык мектептердин жогорку классынын окуучулары, 3) Чүй жана Нарын облустары (бардыгы 70 адам) жана Бишкектеги “Ош” жана “Дордой” базарларында эмгек ишмердүүлүгү менен алектенген жашы жете электер (30 адам, арабакечтер). Изилдөө Street law жана Every child долбоорунун алкагында жүргүзүлгөн.

Анкетада жашы жете элек балдардын бардык категориялары үчүн бирдей суроолор берилген (респонденттин тандоосу боюнча мамлекеттик жана расмий тилдер колдонулган). Ошол эле учурда, укуктук аң-сезимдин негизги компоненттери, жогоруда айтылгандай, логикалык-ченемдик (когнитивдик), эрктик (волевая) жана эмоционалдык-бейнелик (эмоционально-образная) чөйрө болгон деп боолголонот. Ага ылайык үч блоктон турган суроолор иштелип чыккан. Биринчи блокто юридикалык билим, экинчисинде жүрүм-турум мамилеси, үчүнчүсүндө мыйзамга жана укуктук сезимдерге баа берилген. Күтүлгөндөй эле, шаардык (борбордук) мектептердин жогорку класстарынын окуучуларынын укуктук аң-сезиминин деңгээли салыштырмалуу жогору - (51,3%), айылдык мектеп окуучуларыныкы - 49,7% жана эмгек ишмердүүлүгү менен алектенген балдардыкы - 35,4% болуп чыккан.

Изилдөө көрсөткөндөй, респонденттердин бардык категорияларында жашы жете элек жактардын алардын укуктук даярдыгына канааттануу деңгээли төмөн. Мисалы, мектеп окуучуларынын жарымынан көбү укук таануу боюнча сабактарды окуу планына киргизүү керек деп эсептешет жана базарларда иштеген балдардын дээрлик бардыгы, эгер убакыт болсо, акысыз укуктук коргоо кызматын колдонууга даяр. Жашы жете элек балдарды “балдардын укуктары” (50% дан ашык), үй-бүлөлүк мыйзам (25% дан ашык), экономикалык укуктар (25% га жакын), кылмыш-жаза жоопкерчилиги (23,9%), укуктук тутум (15% дан аз) сыяктуу темалар кызыктырат.

Жашы жете электер: кемсинткен жана мазактаган мамилелерден эркин

болуу, өз көз карашына ээ болуу, өз пикирин айта алуу укуктарын (24,4%) адамдардын кадимки жашоосу үчүн эң негизгиси деп эсептешет. Ошол эле учурда, укуктардын бузулушунун конкреттүү кырдаалдары келтирилген суроолорго бардык категориялар тарабынан берилген жооптор, маалымдуулуктун орточо деңгээлин да көрсөтө алган эмес [143, б. 82].

Жашы жете элек жактардын укуктук аң-сезиминин калыптанышына таасир этүүчү негизги факторлор төмөнкүлөр: 1) үй-бүлө жана жакынкы чөйрө; 2) курдаштары жана референттик топтор; 3) жашы жете элек өспүрүмдүн институтташтырылган социалдык чөйрөсүн түзүүчү мектеп жана расмий мекемелер; 4) көчө чөйрөсү; 5) белгилүү бир коомго таандык укуктук тармак; 6) укук жаратуу жана укук колдонуулардагы тажрыйба; 7) укуктук таасир этүү формалары менен усулдары.

Мына ушул, аталган факторлордун таасири белгилүү бир нукка түшөт, т.а. укуктук билим жана тарбия берүү, жалпыга маалымдоо каражаттарынын жана башка маданий байланыш каражаттарынын ишмердүүлүгү, каада-салттардын, диндин таасири.

Аталган факторлордун ичинен жалпыга маалымдоо каражаттарынын укуктук аң сезимдин калыптанышына тийгизген оң таасири менен катар эле ал каражаттардын башка зыяндуу таасирлеринен коргоо маселеси дагы актуалдуу бойдон калууда.

Заманбап маалымат-коммуникациялык технологияларынын эволюциясынын натыйжасында, көзөмөлдөөгө мүмкүн болбогон маалымат агымдары баланын психикасына терс таасир этүү көйгөйүн жаратты. Дүйнөлүк коомчулуктун пикири эл аралык укуктук актыларда (конвенцияларда, декларацияларда, макулдашууларда, пакттарда) чагылдырылат. Узак мезгилдерден бери терс маалыматтын адамга тийгизген таасири боюнча көптөгөн изилдөөлөр жүргүзүлүп келет. Ал түздөн-түз же жарым-жартылай жаап-жашырылган түрдө жүргүзүлүп жаткан зордук-зомбулукту, баңгизатты, порнографияны терс маалыматтардын катарына кошуп келишет. Бул изилдөөлөрдүн натыйжалары эл аралык жана улуттук

деңгээлдеги чечимдерди иштеп чыгууга жана алардын кабыл алынуусуна негиз боло алат. Эгерде мамлекет өзүнө эл аралык милдеттенмелерди алса, бул мамлекеттин ички мыйзамдарында балдардын терс маалыматка жетүүсүн чектөөгө багытталган жаңы укуктук ченемдерди ишке ашырууга мүмкүндүк берет. Ал ченемдердин сакталышы үчүн жоопкерчилик республикалык деңгээлде мамлекеттик жана жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарына, мыйзамдуу бизнеске жана үй-бүлөлүк институттарга жүктөлөт.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 10-беренесинин 4-пунктунда кээ бир баалуулуктарга, б.а. эл-журттун адеп-ахлак ченемдерине, социалдык аң-сезимге карама-каршы келген иш-чаралар мыйзамдын тосмосу менен чектелет деген ченем каралганы да бекеринен эмес болуусу түшүнүктүү.

Келечек муундун негизги өкүлдөрүнүн ар тараптуу коопсуздугун камсыздооону жакшыртуу максатында 2023-жылдын август айында “КР Балдардын ден соолугуна, дене бой, интеллектуалдык, психикалык, руханий жана адептик өнүгүүсүнө зыян келтирүүнүн алдын алуу боюнча чаралар жөнүндө” деген мыйзамына бир топ алгылыктуу өзгөртүүлөр киргизилилгени кубандырбай койбойт. Анда жашы жете элек жактарга, алардын ден-соолугуна, аң-сезиминин өсүүсүнө өбөлгө түзүүчү жана тоскоол болуучу маалымат, коопсуздук, маалымат продукциясы, маалыматтык программалар жана берүүлөр, техникалык чектөөлөр, талаптар, маалымат-телекоммуникациялык тармактар каралган.

БУУнун жана башка эл аралык уюмдардын бир катар документтеринде [55] балдардын психикасына терс таасирин тийгизген маалыматка жетүү мүмкүнчүлүгүн чектөө зарылдыгын белгилеген жоболор бар. Алардын ичинен БУУнун Балдардын укуктары боюнча Конвенциясы өзгөчө мааниге ээ, ал бардык катышуучу мамлекеттер тарабынан жашы жете элек жактардын укуктарын, жыргалчылыгын жана кызыкчылыктарын эске алуунун кепилдигин билдирет.

Ар бир баланын кызыкчылыктарын камсыз кылуунун негизи болуп

балдарды алардын психикалык абалына зыян келтирүүчү ар кандай маалымат булактарынан коргоого багытталган жоболорду мамлекеттер тарабынан да, бүтүндөй эл аралык коомчулук тарабынан да иштеп чыгуу боюнча милдеттенмелерди аткаруу саналат. Анткен менен, өсүп келе жаткан муундун кызыкчылыктарын камсыз кылуу үчүн пайдалуу маалыматты ар кандай формада (оозеки, кол жазма же басма түрүндө, маалыматты берүүнүн башка түрлөрүн жана каражаттарын пайдалануу менен) алууга, издөөгө же таркатууга болгон мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарбайт. БУУнун Балдардын укуктары жөнүндө конвенциясынын преамбуласына ылайык анын гармониялуу жана толук кандуу өнүгүүсү жакындардын чөйрөсүнө гана таандык болгон сүйүү, камкордук жана түшүнүшүү атмосферасын түзүүнү талап кылат. Ошондуктан, ата-энелер балдарды тарбиялоо жоопкерчилигин толук өз мойнуна алуусу керек.

Балдардын укуктары жөнүндө Конвенция өзүнүн негизги жоболорунда эки пунктка көңүл бурат: биринчиси баланын маалымат алууга болгон укугун коргоо болсо, экинчиси - аларды терс маалыматтан коргоо боюнча кепилдиктерге тиешелүү. Экөө тең катышуучу-мамлекеттердин жана эл аралык коомчулуктун артыкчылыктуу милдеттеринин тизмесинде турат, бирок алардын ишке ашырылышы дайыма эле үмүттү актай бербейт. Баланын укуктары боюнча Бириккен Улуттар Уюмунун конвенциясынан сырткары, балдарды терс маалыматтардан коргоо боюнча жоболорду камтыган башка эл аралык укуктук актыларды да эске алуу зарыл. Алар:

Таблица 2.3.2. Эл аралык укуктук актылар

| № | Укуктук ченемдин аталышы | Кабыл алынган жылы |
|---|---|---|
| 1. | «Адам укуктарынын жалпыга таандык декларациясы» | 1948 |
| 2. | «Адамдын негизги укуктарын жана эркиндиктерин коргоо боюнча Европалык конвенция» | 1950 |
| 3. | «Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар боюнча эл аралык пакт» | 1966 |
| 4. | «Жарандык жана саясий укуктар боюнча эл аралык пакттын факультативдик протоколу» | 1966 |
| 5. | «Акыл-эси кем адамдардын укуктары боюнча декларация» | 1971 |
| 6. | «Жарандык жана саясий укуктар боюнча эл аралык пакт» | 1971 |

| | | |
|---|---|---|
| 7. | «Бардык адамдарды кыйноодон жана башка катаал, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиледен же жазалоодон коргоо жөнүндө Декларация» | 1975 |
| 8. | «Адамдарды сатууга жана башкалардын сойкулугун эксплуатациялоого каршы күрөшүү боюнча Конвенция» | 1981 |
| 9. | «Кыйноолорго жана башка катаал, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамилеге же жазага каршы конвенция» | 1984 |
| 10. | «Укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин жүрүм-турум кодексин натыйжалуу ишке ашыруу боюнча көрсөтмөлөр» | 1989 |

Балдарды терс маалыматтардын таасиринен, кесепетинен коргоодо буга чейин келтирилген эл аралык укуктук актылардан сырткары жашы жете элек жактарга карата соттук адилеттүүлүккө байланыштуу ар кайсы жылдарда кабыл алынган бир катар жалпыга бирдей эрежелердин мааниси да абдан чоң. Булар 1985-жылкы “Пекин эрежелери”, 1990-жылкы “Эркиндигинен ажыратылган жашы жете элек балдарды коргоо эрежелери” жана 1990-жылы кабыл алынган “Эр-Рияд принциптерин” атай кетсек болот.

Жаш муундарга, балдардын ар тараптуу өнүгүүсүнө тоскоол болуучу жагдайлар менен абалдары жок шарттарды жаратуу зарылдыгы бул документтердин өзөгүн түзөт. Бул максатка жетүү үчүн эл аралык коомчулук жана ар бир жеке мамлекет балдардын мыйзам бузууларына жана укук коргоо органдары менен кагылышууларга орун калбай турган жашоону камсыз кылууга багытталган бардык чараларды көрүшү керек. Баарынан мурда камкордукка жана өзгөчө мамилеге муктаж болгон социалдык жактан жетишсиз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн кичинекей өкүлдөрүнө (балдарга) күч-аракет жумшоо абзел. Кабыл алынган эрежелер бардык катышуучу мамлекеттерден өспүрүмдөрдүн жүрүм-турумдары өзгөрүүлөргө дуушар болушу мүмкүн экендигин эске алуу абзел, бул болсо табигый көрүнүш. Дал ушул өткөөл куракта алардын көбү мыйзамга да, азыркы коомдо кабыл алынган социалдык ченемдерге да шайкеш келбеген аракеттерди да жасай алышат. Демек, жашы жете элек жактардын арасындагы кылмыштуулуктун өсүп кетишине бир эле учурда тоскоол боло алчу, аларды толук кандуу өнүктүрүүчү, өзүн урматтоосу жана бакубат жашоосу үчүн зарыл болгон бардык шарттарды түзүү абзел. Өспүрүмдөр кылмыш жасаса, анда укук коргоо кызматкерлери адилеттүүлүктү сактап, кырдаалга ачык баа бериши

абзел.

Эл аралык укуктук актылар гезиттердин, журналдардын жана интернет-сайттардын, аудиовизуалдык маалыматтын таасиринин масштабын эске алуу менен иштелип чыккан. Ага ылайык бардык катышуучу-мамлекеттер балдарды коргоо үчүн, алардын маданий өнүгүшүнө жана психикалык саламаттыгына жок эле дегенде, бир аз кесепети тийиши ыктымал болгон маалыматтардын таратылуусун токтотушу керек. Мындай эл аралык укуктук актыларга: “ЕЭКтин телерадиоберүү боюнча директивасы”, “1910-жылдын 4-майындагы порнографиялык басылмаларга бөгөт коюу боюнча Париж макулдашуусу”, “Европа Кеңешинин ММК жана адам укуктары боюнча Декларациясы (1970-ж.)”, Европа Кеңешине мүчө мамлекеттердин Министрлер комитетинин № R (89) 7 номерлүү “Зомбулукту, ырайымсыздыкты же порнографиялык мазмунду камтыган видео жазууларды жайылтуу принциптери жөнүндөгү” 1989-жылдын 22-апрелиндеги жана № R (97) 19 номерлүү “Электрондук маалымат каражаттарында зомбулук көрсөтүү жөнүндө” 1997-жылдын 30-октябрындагы рекомендациялары кирет [167]. Көптөгөн эксперттердин пикири боюнча, жогоруда аталган актылардын ичинен эң маанилүүсү – *Трансчегаралык телекөрсөтүү боюнча Европа конвенциясы*, анын максаты – зордук-зомбулукту, уятсыздыкты, улуттар аралык кастыкты козутууну жана коомду туруксуздаштыруучу о.э. социалдык ченемдерге карама-каршы келген бардык үгүттөөлөргө бөгөт коюу болуп эсептелет.

Балдар күн сайын бир нече саат бою сыналгыны тиктешет, андан да көбүрөөк убакытты алар курбуларынан бат үйрөнгөн жөндөмдөрүн колдонуу аркылуу интернетте өткөрүшөт. Балдар МКТ (маалымат-коммуникациялык технологиялары) куралдарында оюн ойноо, баарлашуу, интернетте блог жазуу, музыка угуу, өз сүрөттөрүн жайгаштыруу жана интернетте баарлашуу максатында башка адамдарды табуу үчүн колдонушат. Балдар менен ата-энелердин ортосундагы медиа сабаттуулуктун айырмачылыгы бир топ эле чоң, ата-энелердин көбү балдары интернетте эмне кылып жатканы тууралуу

дээрлик билишпейт. Виртуалдык дүйнө балдарга көптөгөн мүмкүнчүлүктөрдү сунуштоо менен катар эле ошончолук тузактарды да коё алат. Электрондук, санариптик жана интерактивдүү ММКларды колдонуу балдардын өнүгүүсүнө олуттуу оң таасирин тийгизет: ары кызыктуу, ары тарбиялайт жана коомдоштура да алат. Бирок, ал колдонуунун өңүтүнө жараша балдарга жана коомчулукка ар кандай деңгээлдеги зыяндуулукту да келтириши мүмкүн. Бул виртуалдык дүйнө балдардын жашоосун чыныгы жашоого окшоштура да алат, мисалы: көптөгөн достору болот, мамилелер жасалат.

• ***Зомбулук***: Зордук-зомбулук мейли ал сыналгыда, кинолордо же видео оюндарда көрсөтүлбөсүн балдарга терс таасирин тийгизет. Бул балдарды өтө эле агрессивдүү кылып коюшу мүмкүн же аябай эле мерез кылып коюшу мүмкүн. Бул өзгөчө сезимтал балдардын психикасына травма алып келүү коркунучу чоң. Алардын укуктук аң сезиминде мындай зордук-зомбулук менен коштолгон аракеттер кадимки жүрүм-турум эрежелериндей эле кабыл алынып калуу тобокелчилиги бар экендигин танууга болбойт.

• ***Керектөө идеологиясы***: Ар кандай формадагы жарнактар балдарды, алар аркылуу ата-энелерди кээ бир тамак-аштарды, кийим-кечелерди, жада калса үй тазалоочу каражаттарды, машине жана саякатка жолдомолорду сатып алууда манипулятор катары көрүшөт. КР “Телекөрсөтүү жана радиоуктуруу жөнүндө” Мыйзамы (40-б. 2-п.) ченемдери аркылуу эрте мененки саат 07:00 дөн баштап, кечки саат 23:00 гө чейинки убакта балдарга зыянын тийгизе турган көрсөтүүлөрдүн берилишине тыюу салынгандыгы жогоруда келтирилген кооптонууларга карата Кыргыз Республикасынын жообу катары жасалган кадам деп саноого болот. Буга улап айтсак, теле-радио уюмдарына жашы жете элек жактардын физикалык, интеллектуалдык жана руханий өнүгүүсүнө зыян келтирүүчү программаларды жана берүүлөрдү уктурууга, о.э. жарыялоого тыюу салынарын караган. Мындан сырткары, бир топ өлкөлөр балдарды жагымсыз жана коомдук баалуулуктарга карама-каршы келүүчү маалыматтардан коргоо максатында

тиешелүү улуттук мыйзам актыларын да кабыл алышкан. Мисалы: Россия федерациясы, Казахстан, Өзбекстан, Таджикстан мамлекеттери. Кыргызстанда да ушундай тариздеги мыйзам актысын кабыл алуу үчүн биринчи жолу 2012-жылы, ал эми экинчи жолу 2021-жылы аракет жасалган. Бирок, бул аракеттерден эч кандай майнап чыкпоосуна атайын эксперттер менен Өкмөттүк топтордун корутундулары негиз болгон.

*Биздин пикирибизде, жашы жете элек жактарга укуктук билим жана тарбия берүүгө ылайыкташтырылган шарттарды, жагдайларды түзүү мамлекеттин, ата-энесинин эң маанилүү милдети, ал эми аларда калыптанган жогорку деңгээлдеги укуктук аң сезимдер мыйзамдуулуктун өнүгүшүнүн негизги фактору болуп саналат.*

## Экинчи бап боюнча тыянактар

1. Жашы жете элек жактардын укугу менен милдеттерине карата кепилдиктер тууралуу сөз кылганда, алгач, жашы жете элек жарандар да, алардын мыйзамдуу өкүлдөрү да, жана кызмат адамдары да өз укуктарын жана милдеттерин ишке ашыра алгыдай шарттардын болушун, экинчиден өз милдеттерин тиешелүү түрдө аткарбаган жана жарандардын укугу менен кызыкчылыктарына каршы келген кадамдарга барган адамдарга карата мыйзамдуу чараларды колдонууну эске алуубуз абзел. Бул чөйрөдө мамлекеттик саясат жашы жете элек жактарды укуктук жактан камсыздоого, үй-бүлөнү мамлекет тарабынан ар тараптуу колдоого, балдардын жашоо сапатынын негизги көрсөткүчтөрүнүн мамлекеттик минималдуу социалдык стандарттарын белгилөөгө жана колдоого артыкчылык берилиши керек.

2. Дүйнөдө жашы жете элек жактардын укуктук макамын же абалын жакшыртуу максатында ювеналдык юстиция системасы иштелип чыккандыгы белгилүү. Бирок, аталган система Кыргыз Республикасынын аймагында толук кандуу колдонуу практикасына жетише элек. Анткени, бир тараптан сот тутумун каржылоонун чабалдыгы, мыйзамдардагы келишпестиктер, кадрлардын жетишсиздиги болсо, экинчи тараптан ювеналдык юстиция маселесинин концептуалдык ченемдеринин кыргыз

элинин каада-салттарына дал келбөөчүлүк жактары да бир топ изилдөөчүлөрдүн жана укук таанууучулардын каршылыгына дуушар болууда.

3. Жашы жете элек жактардын укуктук маданиятынын структуралык элементтери болуп негизги укуктук көрсөтмөлөрдүн тутумун билүү, укуктун принциптерин түшүнүү, мыйзамдарды, укук тартибин терең сыйлоо, алардын талаптарын аткаруу зарылдыгына ынануу, активдүү укуктук чөйрөдөгү турмуштук позиция жана мыйзамдуу коомдук активдүү жүрүм-турум процессинде укуктук билимди ишке ашыруу жөндөмдүүлүгү эсептелет. Социологиялык изилдөөлөр далилдегендей, жашы жете элек жактардын өздөрүнүн дагы, алардын мугалимдеринин дагы, жашы жете элек жактардын укуктарын коргоого түздөн-түз тиешеси бар жактардын дагы укуктук билиминин деңгээли бир кыйла төмөн экендиги белгиленген.

Азыркы шарттарда жалпыга маалымдоо каражаттары (ММК) укуктук маданияттын ажырагыс элементи, инсандын руханий жашоосунун бир бөлүгү, аны социалдаштыруунун маанилүү каражаты. Жалпыга маалымдоо каражаттары өспүрүмдөрдүн жашоосунун маанилүү курамдык бөлүгүнө, укуктук билим берүү системасынын маанилүү элементине айланууда, анткени ал адамды коомдук мамилелердин тутумуна кошуп, укуктук чындыкка болгон мамилесин аныктоого, укуктук кырдаалды туура баалоого үйрөтөт, ошону менен бирге эле терс жактары дагы бар.

# ҮЧҮНЧҮ БАП. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА ЖАШЫ ЖЕТЕ ЭЛЕКТЕРДИН УКУКТУК МАКАМЫН ӨРКҮНДӨТҮҮ ЖОЛДОРУ

## 3.1. Жашы жете элек жактардын укуктук макамын өркүндөтүүнүн көйгөйлөрү

Кыргыз Республикасы БУУнун алдындагы "Баланын укуктары боюнча комитетинен" бир катар сунуштарды алган. Сунуштардын олуттуу саны балдарга карата зомбулуктун ар кандай түрлөрүнө каршы күрөшүү маселелерине тиешелүү. Комитет кылмыш курмандыктары жана күбөлөрү болгон балдардын соттук адилеттүүлүккө жеткиликсиздигине кайдыгерлик менен мамиле кылууларга тынчсыздангандыгын билдирген.

Тилекке каршы, өлкөдө жашы жете элек жактарга карата зомбулук көйгөйү актуалдуу бойдон калууда. Жаш балдарга карата зомбулук үчүн жазасыз калуу, о.э. кылмыш курмандыктары жана күбөлөрү болгон жаш балдардын соттук адилеттүүлүккө жетүүсүн чектөө аталган маселедеги негизги көйгөйлөрдүн бири экени талашсыз. Акыркы жылдары балдарга карата зордук-зомбулук көрсөтүү фактыларынын статистикасы көбөйүп, зомбулуктун мүнөзү барган сайын ырайымсыз болуп бaратат. 2019-21-жж. КР Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин (ЭСКММ) маалыматы боюнча, зомбулукка (физикалык, сексуалдык же психологиялык зомбулукка) кабылган балдардын саны 45%га өскөн [243 ].

Акыйкатчы институтунун расмий сурам-талабына карата КР Башкы прокуратурасынын берген жообун үңүлө турган болсок, анда 2022-жылы жашы жетелек жарандарга карата жасалган кылмыштардын төмөнкү таблицада көрсөтүлгөн маалыматтарга күбө болобуз [244] :

Таблица 3.1.1. Кылмыштардын саны

| Кылмыштардын саны | Тергөөнүн жыйынтыктары | | |
|---|---|---|---|
| | Токтотулганы | Сотко ашырылганы | Өндүрүштө калганы (токтотулган иштерди кошкондо) |
| 14786 | 3945 | 4311 | 6530 |

*Таблица автор тарабынан түзүлдү.*

Таблицада келтирилген көрсөткүчтөрдү диаграммалык сүрөттөлүш түрүндө да келтирсек, төмөнкүдөй көрүнүштү көрө алабыз:




*3.1.1-сүрөт. Кылмыштардын санынын графикалык сүрөттөлүшү автор тарабынан түзүлдү.*

КР Ички иштер министрлигинин (ИИМ) расмий сайтына жайгаштырылган маалыматына таянсак, 2022-жылдын 31-декабрына карата, жашы жете элек жактарга карата жасалган зомбулук жана ырайымсыз мамиле боюнча 210 (балдарга карата 88, кыздарга карата – 122) кылмыш иши катталган [238].

2023-жылдын алгачкы алты айлыгында Кыргыз Республикасынын

генералдык прокуратурасынын билдирүүсүнө ылайык жашы жете электер кылмыштын ар кандай түрлөрү боюнча төмөндөгүдөй көрсөткүчтөр менен жоопкерчиликке тартылышкан:

1. Уурулук боюнча – 436;
2. Тоноо – 136;
3. Ден-соолукка анча оор эмес зыян келтирүү – 19;
4. Ден соолукка катуу, оор зыян келтирүү – 18;
5. Каракчылык – 15;
6. Ден соолукка жеңил залал келтирүү – 7;
7. Опузалап талап кылуу – 4;
8. Жасалма акчаны же баалуу кагаздарды жасоо – 4;
9. Никеге туруу максатында ала качуу - 2 [219].

2021-жылдын декабрь айына карата зордук-зомбулукка кабылган балдардын демографиялык курамы төмөндөгүдөй бөлүштүрүлгөн. Зордук-зомбулукка кабылгандардын жалпы санынын 42% - 8 (сегиз) жаштан 14 (он төрт) жашка чейинки категориядагы балдар. Негизинен 8-14 жаштагы балдар физикалык зомбулукка кабылышат, бул физикалык зомбулукка кабылгандардын 43% түзөт.

Ал эми сексуалдык зомбулукка 15-17 жаштагы балдар кабылышат, бул зомбулукка кабылган жалпы балдардын 51% түзөт. Психологиялык зомбулукка болсо 8-14 жаштагы балдар кабылышат, бул психологиялык зомбулукка кабылгандардын 49% көрсөткүчүн түзөт.

Балдардын жалпы санынын 44% - бул ата-энеси, өгөй атасы жана өгөй энеси тарабынан, 33% - бейтааныш (чоочун) адамдар, о.э. 15% - жакындары тарабынан ар кандай зомбулуктарга кабылып калышат [196].

Талдоо көрсөткөндөй, алдыраакта аталган балдарды (зомбулуктун курмандыктарын жана алардын үй-бүлөлөрүн) алар начар абалда жана оор турмуштук кырдаалда турса да, тиешелүү жергиликтүү кызматтар тарабынан өз убагында аныктоо жана социалдык жактан күзөтүү боюнча иштер жүргүзүлгөн эмес.

Ошондой эле, жүргүзүлгөн талдоолор көрсөткөндөй, балдарга карата жасалган зомбулуктун жогорудагы фактыларына үй-бүлө институтунун, үй-бүлөлүк баалуулуктардын наркынын түшүп кетүүсү, жоопкерчиликтүү ата-эне болуу жөндөмүнүн жана билиминин жоктугу негизги себеп экендиги белгилүү болду. Зордук-зомбулук фактыларынын көбөйүшү балдарга карата зомбулуктун себептерин жоюу боюнча профилактикалык иштердин начардыгын көрсөтүп турат. Балдарды коргоо маселелери боюнча мамлекеттик жана муниципалдык бийлик органдарынын деңгээлиндеги чаралар түзүлгөн кырдаалга эч жооп бере албайт.

Мамлекеттик жана муниципалдык органдар ата-энесинин камкордугусуз калган бардык балдарды, өзгөчө эмгек мигранттарынын балдарын өз убагында аныктоого тийиш. Мамлекет өлкөдөгү ар бир бала жөнүндө, өзгөчө анын укуктары бузулуп, өмүрү менен ден соолугуна коркунуч жараткан учурларда билип турушу абзел.

Балдар укуктары боюнча мурдагы ыйгарым укуктуу өкүлдүн ою боюнча: “Тез арада жоопкерчиликтүү ата-эне институттарын, мамлекеттик социалдык буюртма механизми аркылуу турмуштук оор кырдаалга тушуккан балдарга жана үй-бүлөлөргө социалдык кызматтарды көрсөткөн мультидисциплинардык профилактикалык борборлорду түзүү жана камкорчулукка/көзөмөлчүлүккө алуунун жол-жоболорун жөнөкөйлөтүү зарыл” деп эсептейт.

Ошол эле учурда, заманбап санариптик жана коммуникациялык чечимдердин негизинде зомбулук фактыларын алдын алуу боюнча маалыматтык түшүндүрүү иштери да үзгүлтүксүз жүргүзүлүп турушу керек. Билим берүү системасында тарбиялоо жана балдарга карата капысынан же атайылап жасалып калчу зомбулуктардын алдын алуу маселелери боюнча окуучулардын ата-энелери менен өз ара аракеттенүүнү күчөтүү керек.

Бардык мамлекеттик жана муниципалдык органдардын, саламаттыкты сактоо жана билим берүү уюмдарынын, укук коргоо органдарынын туруктуу жана пландуу, макулдашылган иши гана зомбулукту алдын ала алат. Мындай

ишке формалдуу мамиле кылуу - балдардын тагдыры, өмүрү менен ойногонго барабар.

КР Президентинин алдындагы *Балдар укугу боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдүн негизги, маанилүү милдеттеринин бири* – бул мамлекеттик, жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдары, билим берүү жана медициналык уюм-мекемелер, социалдык камсыздоо уюмдары, кызмат адамдары тарабынан жашы жете элек жактарга жана балалуу үй-бүлөлөргө карата укук жана кызыкчылыктарды мыйзамдуу түрдө ишке ашыруу, сактоо-коргоо механизмдеринин иштешинин натыйжалуулугуна мониторинг жүргүзүү жана талдоо болуп саналат.

2021-жылы КР Балдар укугу боюнча ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппараты тарабынан республиканын аймактарына атайын мониторинг жүргүзүлгөн: Нарын облусуна (Нарын шаары, Нарын, Ат-Башы, Ак-Талаа жана Кочкор райондору), Талас облусуна (Талас шаары, Талас, Кара-Бура, Бакай-Ата райондору) жана Жалал-Абад облусуна (Кара-Көл жана Таш-Көмүр шаарлары, Токтогул, Аксы, Ала-Бука жана Чаткал райондору) болуп жалпысынан 5 жолку иш сапары аткарылган, анда билим берүү, саламаттыкты сактоо жана социалдык коргоо системасынын 43 мекемесине карата жүргүзүлгөн. Мониторингдин жыйынтыгы жана балдардын укуктарына карата аныкталган көйгөйлөрүн чечүү боюнча сунуштар мамлекеттик органдардын жетекчилерине жеткирилген [196].

Кыргыз Республикасынын Президентинин Нарын, Талас жана Жалал-Абад облустарындагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрү, райондун акимдери, айыл өкмөт башчылары жана социалдык мекемелердин кызматкерлери менен өз ара аракеттенүү иштери уюштурулган.

Ошол эле мезгилде, ата-энесинен ажыраган жана камкордугусуз калган балдарды турак-жай менен камсыз кылуу боюнча атайын программанын жок экендиги аныкталган.

Бүгүнкү күндө жетим балдарга турак жай же жер тилкесин берүү боюнча борборлоштурулган маалыматтар жок. КР Министрлер Кабинети

тарабынан бекитилген 2026-жылга чейин «***Менин үйүм***» программасында 2021-жылына карата жогоруда аталган категория үчүн социалдык турак-жай, жетим балдар үчүн жеңилдетилген турак-жайды киргизүү боюнча чаралар каралган эмес [196].

Мониторингдин жыйынтыгы боюнча эл аралык тажрыйбанын негизинде мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына ата-энесиз, о.э. алардын камкордугусуз калган балдарды жашоонун эң бир маанилүү элементи болгон мүлк – тиешелүү турак-жайлар менен камсыздоо боюнча олуттуу сунуштар берилген.

Улуттук статистикалык комитеттин 2022-жылдын жыйынтыгы боюнча берген маалыматы боюнча, эмгекке тартылган 5-17 жаштагы балдардын пайыздык үлүшү 35,1 пайызды түздү. Ушул эле мезгилде, жашы жете элек жарандар арасында балдар (21,6%) эмгегинин таралышы кыздарга (13,5%) караганда, ал эми шаар жергесиндеги өспүрүмдөргө (3,6%) караганда айыл жергесинде эмгекке тартылган өспүрүмдөрдүн үлүшү (31,5%) жогору экендиги айтылат [226].

Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин (ЭСКММ)) аймактык башкармалыктары, бөлүмдөрү турмуштук катаал кырдаалга кабылган балдарды такай аныктап жатканын CABAR.asia сайтынын өкүлдөрүнө билдирген. Аталган министрликтин өкүлдөрү тарабынан 2021-жылы 171 бала эмгекке тартылганы аныкталган [213].

Балдардын төрөлүшүнө жана тарбияланышына байланыштуу үй-бүлөлөрдү колдоо боюнча мамлекет тарабынан көрсөтүлүп жаткан материалдык жардамдын көлөмүн көбөйтүү боюнча саясатка карабастан, балалуу үй-бүлөлөрдүн басымдуу, көпчүлүк бөлүгү дале болсо ортодон төмөнкү жашоо деңгээлинде калып келет, бул балдарды багууга жана тарбиялоого карата терс таасирин тийгизүүдө. Үй-бүлөлүк жакырчылык көптөгөн жашы жете элек жактарга медицина, билим берүү жана маданият жаатындагы негизги социалдык кызматтардан пайдаланууну кыйындатат. Үй-бүлөлүк көйгөйлөр: социалдык жетимчилик, балдарды

эксплуатациялоонун ар кандай түрлөрү, кароосуз жана көзөмөлсүз калган балдар көйгөйлөрү дале болсо сакталып калууда.

Акыркы мезгилдерде, деп белгилейт О.Ю. Косова, балдарды тарбиялоо жана багуу боюнча милдеттерин аткарбагандыгы үчүн ата-энелердин моралдык жоопкерчилигинин деңгээли кыйла төмөндөдү [106, б. 49].

КР Балдар укугу боюнча ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппараты алимент өндүрүү, балдардын укугу менен кызыкчылыктарын коргоо-сактоо боюнча ата-энелердин (аларды алмаштырган адамдардын) укуктары жана милдеттери боюнча 2021-жылы атайын мониторинг да жүргүзүп көргөн, мониторингдин маалыматтары дагы ушуну тастыктап турат: мамлекетте жашы жете элек жарандарды багуу үчүн алимент төлөбөө маселеси өтө курч бойдон калууда.

Статистика боюнча, Кыргызстанда ар бир бешинчи түгөй ажырашып жатышат [233], алардын дээрлик үчтөн бири баш кошушканына беш жылга жакын убакыт жашабай жатып ажырашып кетишүүдө. Жыйынтыгында 13,3 миңге жакын бала ата-энесинин бирөөсүнөн ажырап калууда. Эми мында, мыйзамдуу катталган никеде төрөлгөн балдардын гана саны көрсөтүлгөн.

“КР Саламаттык сактоо министрлигине тиешелүү Эне жана баланы коргоо улуттук борборунун (ЭБКУБ)” изилдөө тобу “Мектеп жашындагы балдардын дени сак жүрүмүн изилдөө” [30] аттуу изилдөөлөрүнүн жүрүшүндө тиешелүү сурамжылоо жүргүзүлүп, анда:- өспүрүмдөр кандай үй-бүлөдө өскөндүгү тууралуу маалымат алуу үчүн алар үйдө кимдер менен чогуу жашаарын сурашкан. Сурамжылоого катышкан 9649 өспүрүмдүн 74,0%ы биологиялык ата-энесинин экөөсү менен тең үйдө чогуу жашаарын, калган 26,0%ы үйдө толук жашабагандыгын билдиришкен.

Биологиялык ата-энесинин экөөсү менен тең чогуу жашабаган өспүрүмдөрдүн төмөнкүдөй себептерди келтиришкен: ата-энесинин ажырашуусу (38,0%), ата-энесинин биринин өлүмү (11,0%) жана эмгек миграциясы (11,5%). Ошондой эле, апасы менен жашаган өспүрүмдөрдүн саны 92,6%, атасы менен 78,5%, өгөй энеси менен 1,0%, өгөй атасы менен 1,5% жана башка адамдар менен 9,5% (туугандарынын же мамлекеттин

камкордугунда) деген жыйынтык изилдөөнүн натыйжасында чыгарылган.

Алсак, статистикалык маалыматтарга ылайык, никелердин 70%га жакыны 20-29 жаштагы жарандардын арасында түзүлөт, алардын ичинен ар бир бешинчи нике кийинчерээк бузулуп кетүүгө дуушар болот.

Ошол эле учурда, ажырашуулардын көбөйүшүнүн жана нике активдүүлүгүнүн төмөндөшүнүн туруктуу тенденциясы байкалууда.

Улуттук статистика комитетинин маалыматтарынан көрүнүп тургандай, 2022-жылы катталган ажырашуулардын саны 2021-жылга салыштырмалуу 1,2%га өскөн (2021-жылы – 12 миң 037, 2022-жылы – 12 миң 197 ажырашуу), ушул эле мезгилде мыйзамдуу никеге туруулардын саны 5%га төмөндөгөн (2021-жылы - 50 миң 747, 2022 - 48 миң 232 никеге туруу) [200].

Таблица 3.1.2. Никеге туруу жана ажырашуулардын саны

| | **2021** | **2022** | **Өсүү/кемүүсү** |
|---|---|---|---|
| **Никеге туруулар** | 50747 | 48232 | -5% |
| **Ажырашуулар** | *12037* | 12187 | 1,2% |

*Таблица автор тарабынан түзүлдү.*

Мында, ажырашуулардын демилгечилери катары эки жыныстын өкүлдөрү тең чыгышат, болжол менен бирдей катышта арыз берилген, б.а. арыз берген аялдар – 54% түзсө, арыз берген эркектер – 46% түзгөн.

Кээ бир бейрасмий маалыматтарга карасак, алимент төлөөчүлөрдүн саны акыркы үч жылда 68%га өскөн.

2021-жылы алимент төлөөчүлөрдүн жалпы санынан 3,4% төлөөчүлөр алимент боюнча карызы үчүн издөөгө алынган жана алимент төлөбөгөндөрдүн 0,8% кылмыш иштерине өткөрүлүп берилген. Алардын карызы 20 миң сомдон 1,5 миллион сомго чейинки сумманы чапчыйт.

Кээ бир аталар 10 жылдан ашык акча төлөбөй келишет. Кыргызстанда алимент төлөбөгөндөрдүн 8% гана аялдар болуп эсептелинет. Бүгүнкү күндө алименттерди өндүрүү, ата-энелердин (аларды алмаштырган адамдардын) укуктары жана милдеттери жөнүндө маселелер Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен жөнгө салынат [196].

Жашы жете элек жактардын муктаждыгы пайда болгон учурда дагы ата-энелеринен аларды алмаштыруучулардан каражат ала албай калуусу карызкорлордун жоопкерчиликсиздик мамилеси эле эмес, о.э. сот аткаруучулардын аракетсиздиги, андан сырткары бюрократташтырылган жана качып жүргөндөрдү издөө жана жоопко тартуу механизминин натыйжасыздыгы менен шартталат. Коомдун криминалдашуусу күчөп, оор кылмыштардын саны көбөйүп жаткан учурда алимент төлөбөй коюулар укук коргоо органдары менен соттор үчүн андай деле маанилүү эмес тартип бузуулардай туюлат.

Бул контекстте балдарды багуу үчүн алименттерди өндүрүү боюнча соттун чечимдерин аткарбоолор өзгөчө орунду ээлейт.

КР Үйбүлө Кодексинде (85-б.) ата-энелер жашы жете элек балдарын ачка калтырбастан, тиешелүү түрдө багууга милдеттүү экендигин баса белгиленген, бирок бүгүнкү күндө алимент өндүрүүнүн натыйжалуу механизми иштелип чыга элек.

“КР Сот аткаруучулардын макамы жөнүндө жана аткаруу өндүрүшү тууралуу” Мыйзамына (12-б. 1-п. 15-пп.) ылайык, сот актысын аткарбаган карызкорлорго карата, карызкорду издеп табуу сыяктуу жана карыз тараптын Кыргызстандын аймагынан чыгып кетүүсүнө убактылуу чектөөлөр каралган.

Балдарга колдоо көрсөтүү боюнча милдеттенменин аткарылбай жатышы, аларга карата физикалык зомбулук көрсөтүү көйгөйү менен толукталып келе жатат.

БУУнун Балдар Фонду тарабынан 2018-жылда жарыяланган Көп көрсөткүчтүү кластердик изилдөөсүндө [220] Кыргыз Республикасында жашап жаткан жашы жете элек жактардын 74% катуу жазалоолорго кириптер болгону маалымдалган. Аталган көрсөткүчтүн көбөйүүсүн, окумуштуулар, зордук-зомбулуктун көбөйүүсүнүн натыйжасы эмес, мындай окуяларды аныктоонун ыкмаларынын эффективдүүлүгүнүн натыйжасы катары түшүндүрүүгө аракет жасап да келишет. Балдар чоңойгон сайын

жакындары тарабынан физикалык жана психологиялык зомбулукка кабылуу ыктымалдыгы жогорулай турганы белгиленген.

Мындай кырдаалда эң аярлуу топ катары мигранттардын балдары саналат, аларга каршы кылмыштардын саны күн сайын өсүүдө.

Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги 2022-жыл ичинде өлкө боюнча эмгек мигранттарынын балдарын аныктоо максатында 148 миң 920 үйдү кыдырып изилдөө жүргүзгөн [228].

*А*лсак, ата-энеси миграцияда жүргөн 88 миң 34 бала, анын ичинен 73 миң 546 (83,5%) бала тышкы мигранттардын, 14 миң 448 (16,5%) бала ички мигранттардын балдары экендиги аныкталган.

Аныкталган учурда 5,4 миң бала эч кандай туугандык байланышы жок адамдар менен жашап жатышкан. Мындан сырткары, ата-энеси мигрант катары иштеп жүргөн балдарынын ичинен 863 бала алдын ала камкорчулукка, 256 бала соттун чечими менен камкорчулукка/көзөмөлчүлүккө, 28 бала багып алуучу үй-бүлөлөргө, 24 бала интернаттык мекемелерге жайгаштырылган [194].

Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин алдындагы "Жарандарды чет өлкөдө ишке орноштуруу борборунун" директорунун "Азаттыкка" берген маалыматы боюнча 2022-жылдын 9-февралында берген маалыматы боюнча чет өлкөлөрдө Кыргызстандын 1 миллион 118 миң жараны иштейт. Орусияда 1 миллион 63, Казакстанда 30 миңге жакын, Түркияда 20 миң, АКШ жана Араб өлкөлөрүндө 10 миң, Германия, Канада жана Италияда 6 миң, Түштүк Кореяда Кыргызстандан 5 миңден ашуун эмгек мигранты бар [199].

Кыргызстан БУУ-н адам укуктары боюнча эл аралык 8 (сегиз) келишиминин жана 6 (алты) факультативдик протоколунун, анын ичинде Балдардын укуктары боюнча Конвенциянын (БКК) катышуучусу болуп саналат. Бул Эл аралык стандарттар дүйнө жүзү боюнча бардык балдарга, анын ичинде мигранттардын балдарына ажырагыс укуктарды берет [197].

Дүйнөдө, айрыкча КМШ өлкөлөрүндө миграция маселелери өтө

орчундуу маселелерден болуп саналат. Бириккен Улуттар Уюму атайын КМШ нын 12 өлкөсү үчүн бардык эмгек мигранттарынын, үй-бүлө мүчөлөрүнүн укугун коргоо-сактоо боюнча атайын Конвенция иштеп чыгып, аны 2008-жылы Кишинев шаарында кабыл алышкан. Кыргыз Республикасы да четте калбастан, бул Конвенцияны 2009-жылы 26-ноябрында № 305-Мыйзамы менен ратификациялаган [31]. Аталаган Конвенциянын башкалардан артыкчылыгы болуп эмгек мигранттарын медициналык камсыздандыруу маселелеринде тараптардын кызматташуусу (17-б.) каралган.

Эл аралык нормалар улуттук мыйзамдарды жана саясатты иштеп чыгуунун негизин түзөт. Ушуга байланыштуу, миграциялык кырдаалды жакшыртуу максатында Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 29-январындагы ПЖ №4 –Жарлыгы [41] чыгып, анда Кыргыз Республикасындагы миграциялык процесстерге байланышкан көйгөйлөрдү чечүүнүн жолдору, о.э. камкорчулук жана көзөмөлчүлүк маселелерине байланышкан маалыматтар камтылган.

Кыргыз Республикасынын аймагында кездешип жаткан социалдык жетимчилик (ата-энеси бар туруп баланын кароосуз жана көзөмөлсүз калуусу), балдарды эксплуатациялоонун ар кандай түрлөрү (оор жумуштарга тартылуусу), балдарга карата зордук-зомбулуктар (уруп-сабоолор) статистикалык маалыматтарга ылайык көп учурда миграциялык маселелерге байланыштуу жашы жете элек жактарга карата *камкордуктун милдетүүлүгү* мыйзамдарда белгиленбегендиктен келип чыгып жатат. ***Кыргыз Республикасынын Тышкы миграция жөнүндө Мыйзамынын 46-беренесинде*** жарандардын Кыргыз Республикасынын аймагынан чыгуу укугун убактылуу чектеген бир нече пункттан турган негиздер каралган, айтсак: алименттик, келишимдик же кээ бир аткарылбаган милдеттенмелер аткарылганга чейин-деген, жана башка бир нече пункттар каралган. *Бирок ата-энелердин Кыргыз Республикасынын аймагында ата-энесинин кароосунан ажырап калып жаткан жашы жете элек уул-кыздарына*

*карата мүлктүк эмес милдеттенмелерди аткарбагандыгы үчүн аймактан тышка чыгып кетүүнү чектеген ченем каралган эмес.* Мүлктүк баалуулук биринчи кезеке коюлган.

Эмгек мигранттарынын балдарынын категориясы юридикалык жактан так бекитилген же мыйзамдуу аныктамага ээ эмес. КР Балдар жөнүндө Кодексинде да, башка ченемдик укуктук актыларында да “эмгек мигранттарынын балдары” деген түшүнүк жок, а бирок “ата-энесинин камкордугусуз жана турмуштук катаал кырдаалда калган балдар” категориясын түшүндүргөн аныктама бар.

Турмуштук татаал кырдаалга тушуккан жашы жете элек жарандарды аныктоонун тартибин иретке келтирүү максатында 2015-жылдын 22-июнунда атайын № 391-Жобо да кабыл алынган. Ал жобого ылайык, жашы жете элек жаранды турмуштук татаал же оор кырдаалда турат деп таануу же табуу үчүн үй-бүлөнүн жашоо шарттарын текшерүү актысынын негизинде балдардын укугун коргоо боюнча атайын ыйгарым укукка ээ органдардын аймактык, жергиликтүү бөлүмдөрү чечим кабыл алуусу жана башка иш-аракеттери каралган. Мындан сырткары, Жободо түрдүү жана тиешелүү иш-чаралардын жыштыгы, ким тарабынан жана качан жүргүзүлөрү, кандай ченемдик укуктук акт менен бекитилээри так көрсөтүлгөн эмес. Кала берсе, турмуштук татаал жана оор кырдаалда калган жашы жете элек жаранды жана анын үй-бүлөсүн коштоп жүрүү боюнча практикалык социалдык иштерди түздөн-түз жергиликтүү деңгээлде жүргүзө турган социалдык кызмат да жок. Эмгек мигранттарынын балдарынын укуктарын коргоону ишке ашыруудагы негизги көйгөйлөрдүн бири балдардын так санын көрсөткөн электрондук маалымат базасынын жоктугу, адистердин жетишсиздиги жана социалдык кызматкерлердин көп алмашуусу болуп саналат. Бул көйгөйдүн келип чыгышынын себептери болуп көбүнчө базаны түзүүгө жана кармоого каражаттын жетишсиздиги, социалдык кызматкерлердин эмгек акысынын аздыгы саналат, анын натыйжасында жашы жете элек өспүрүмдөр менен иштөө тажрыйбасы жок кызматкерлер жумушка алынат.

Балдарды коргоо боюнча социалдык кызмат түзүлүшү керек. Бүгүнкү күндө социалдык иштер райондук деңгээлде гана жүргүзүлүп, айыл өкмөттөрүнө жетпейт. Үй-бүлөгө, о.э. балдарга колдоо көрсөтүү бөлүмдөрүнүн кызматкерлеринин иш жүктөмү абдан жогору. Кээ бир аймактарда бир кызматкерге 58 миңге чейин бала туура келет. Ошондуктан бардык маселелерди, көйгөйлөрдү өз убагында чече албайт, окуядан кийин гана эмне болгонун биле алышы мүмкүн" [212].

Белгилей кетсек, балдарга камкордук жана көзөмөлдүк кылуу маселелери КР Балдар жөнүндө кодексинин тиешелүү ченемдери (9-гл.) менен жөнгө салынат жана "Камкорчулук жана көзөмөлчүлүк жөнүндө" жободо көбүрөөк ачыкталып берилет. Бул Жободо да "камкорчулукка жана көзөмөлчүлүккө муктаж адамдар" деген түшүнүк берилген, ал жашы жеткен аракетке жөндөмсүз жарандарды, аракетке жөндөмдүүлүгү чектелген жарандарды, жагдайлардан улам камкордукка, көзөмөлчүлүккө, тарбиялоого, мыйзамдуу аракеттерди жасоого муктаж болгон жашы жете элек жарандарды билдирет. А бирок, бул жободо эмгек мигранттарынын балдары үчүн өзүнчө критерий жок экенин дагы белгилей кетүү керек.

Балдарын камкордуксуз калтырып кетүүлөрдүн кээ бир учурларын карап кетели. Мисалы, баланы ата-энеси чоң энесине калтырышкан. Ошол эле учурда чоң-эне КР Балдар жөнүндө Кодексинин 76-беренесине ылайык камкорчу болуп дайындалган эмес. А чынында чоң эне неберге карата эч кандай чечим чыгара албайт. Ошентип, эгерде балага шашылыш операция жасоо зарылчылыгы келип чыккан учурда, "КР жарандарынын саламаттыгын сактоо жөнүндө" мыйзамына (74-б.) ылайык, 16 (он алты) жашка чыга элек жарандарга медициналык жактан кийлигишүү үчүн берилүүчү макулдукту жашы жете элек балдардын ата-энелери, асырап алган ата-энелери, камкорчусу тарабынан эле жүзөгө ашырылат. Мындай учурда камкорчу болуп эсептелбеген жашы жете элек баланын чоң-энеси ага карата медициналык жактан кийлигишүүгө уруксат берүүчү чечимди кабыл алуу укугуна ээ эместиги көрүнүп турат.

Юнисеф тарабынан жүргүзүлгөн изилдөөлөргө негизинде алынган төмөнкү статистиканы карап көрөлү. Өлкөдөн сыртта жүргөн эмгек мигранттарынын 22 баласынын ичинен - 13 бала (59%) камкордукка алынып, чоң ата, чоң энесинин колунда, 6 бала (27%) тууганадарынын үй-бүлөсүндө - абасы жана таежеси менен жашашкан. Калган 3 бала (13%) өзүнүн бир туугандары менен жашаарын билдиришкен. Бул маалыматтар камкорчулардын жооптору менен дал келет – камкорчулар көбүнчө эмгек мигранттарынын сурамжыланган балдарынын чоң ата, чоң энелери (52 камкорчунун 39у же 75%). 8 (сегиз) учурда (15,4%) камкорчулар болуп балдардын абалары жана таякелери, ал эми 5 (беш) учурда (9,6%) улуу агалары болгон. Сурамжылоого алынган 52 камкорчунун ичинен 10 (19,2%) гана камкорчулукка расмий катталган. Калган 41 камкорчу (78,8%) атайын каттоодон өтүшкөн эмес, калган 1 учурда башка жагдай болгон [202].

Камкорчулукту каттоого алууда тоскоол болуучу төмөнкү негизги себептерди көрсөтүштү (41 жооп):

- Камкордукту жол-жоболоштуруунун узак процесси – 16 жооп (39,1%);
- Ата-энелер документтерин өз убагында жол-жоболоштурбай коюшкан – 13 жооп (31,7%);
- Коррупция – 9 жооп (21,9%);
- Нотариус аркылуу берилген камкордук – 3 жооп (7,3%).

Ал эми коомдук жана мамлекеттик кызматтардын 41,2% өкүлдөрү камкорчулар камкордукка алуу үчүн кайда кайрылууну билишпейт деп эсептесе, 31%ы “Кайдыгерлик, ата-эненин жана камкорчуларынын жоопкерчиликсиздиги же баланын тууганадарынын колунда калганын жашырууга даярдыгы камкорчулукка катталбоого себеп болууда” деп эсептешет [202].

Сурамжылоого алынган мамлекеттик кызмат өкүлдөрүнүн пикири боюнча, камкордукка алууну *расмий жол-жоболоштуруу* бир катар олуттуу артыкчылыктарды берет:

- Камкорчунун макамы жогорулап, социалдык жөлөкпул алууга мүмкүнчүлүк түзүлөт (48%);
- Жашы жете элек жактардын укуктары жакшыраак корголот, балдардын өлүмү азаят жана үй-бүлөлүк баалуулуктар жаңырат (40%);
- Балдардын саны боюнча жана ошол балдар тууралуу так маалыматтарды алууга мүмкүнчүлүк болот (36,9%);
- Камкорчулардын жоопкерчилиги жогорулайт (21%);
- Социалдык кызматтардын жумушу жөнөкөйлөштүрүлөт жана жеңилдетилет (14,7%) [202].

Миграциянын натыйжасында социалдык жетимчилик кескин көбөйүп, жашы жете электер физикалык жана башка ар кандай зордук-зомбулуктарга дуушар болушууда. Жашы бир аз жетилген балдар өз өмүрүнө кол салуу, кылмыштуулук же укук бузуу коркунучуна кириптер болуу тобокелчилиги да жок эмес.

КР Саламаттык сактоо министрлигине тиешелүү “Эне жана баланы коргоо улуттук борборунун (ЭБКУБ)” изилдөө тобунун изилдөөсүнө таянсак [30], 2022-жылы изилдөөгө катышкан өспүрүмдөрдүн 16,1%ы өз жанын кыюу жөнүндө да ой болгонун айтышкан. Өспүрүмдөрдүн 12,1%ы өз жанын кыюуну пландап көрүшкөн, ал эми өспүрүмдөрдүн 2,7%ы өз жанын кыюуга чындап аракет кылышкан. Белгилей кетчү нерсе, өзгөчө жаш-курактын өсүшү менен жыныстык жана курактык айырмачылыктар болгон. Кыздарда өз жанын кыюу ойлору жана аракети жаш өткөн сайын көбөйсө, балдарда тескерисинче азайган.

Таблица 3.1.3. Суициддин абалдары

| № | Аракети | 15 жаш курактагы кыздар | 11 жаш курактагы кыздар |
|---|---|---|---|
| 1. | Өз жанын кыюу тууралуу ойлонуп көргөндөр | 24,2% | 13,7% |
| 2. | Өз жанын кыюуну пландаштыргандар | 21,1% | 8,5% |

*Таблица автор тарабынан түзүлдү.*

Мындан сырткары, 15 жаштагы кыздар (4,3%) ошол эле курактагы балдарга (1,7%) караганда өз жанын кыюуга көбүрөөк аракет кылышкан.

КР Билим берүү жана илим министрлигинин берген маалыматы боюнча, ата-энелердин өз балдарынын, мугалимдердин окуучулардын көйгөйлөрүнө жетиштүү деңгээлде көңүл бурбоосу, жашы жете элек балдардын психикасына терс таасирин тийгизген үй-бүлөлүк жана турмуш-тиричиликке байланышкан чыр-чатактар, аларды алдын алуу субъекттеринин ишиндеги кемчиликтер жашы жете электер арасында өз жанын кыюуларга (суицид) алып келүүдө.

Аталган министрликтин билдирүүсү боюнча жыл сайын 100 гө жакын өспүрүмдөр өз жандарын кыюуга аракет жасашат.




*3.1.2-сүрөт. Суициддердин санынын графикалык сүрөттөлүшү автор тарабынан түзүлдү. Булагы: Цифры за 2019-2020 гг. - по данным Минобразования КР* [195].

Башкы прокуратура кызматынын маалыматына таянсак [195], акыркы үч жылда балдарга караганда кыздар арасында өз жанын кыюу же кыюуга аракет кылуу фактылары дээрлик эки эсе көп катталган.




*3.1.3-сүрөт. Суицид аракеттеринин жынысы боюнча санынын графикалык сүрөттөлүшү автор тарабынан түзүлдү. Булагы: Цифры за 2019-2020 гг. - по данным Минобразования КР* [195].

Буга миграциялык процесстерден тышкары, биздин оюбузча, социалдык жашоо деңгээлинин начарлашы, аймактык укук коргоо, социалдык камсыздоо жана жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын, жашы жете электер боюнча инспекциялардын кызматкерлеринин, БИК кызматкерлеринин, райондук билим берүү борборлорунун, мугалимдердин жана айыл өкмөттөрүнүн натыйжасыз иштеши себеп болууда.

Жашы жете элек жактарга карата жасалып кетчү зомбулуктарды мамлекеттик органдар тарабынан алдын алуу жана көзөмөлдөө, о.э. турмуштук жактан татаал абалда турган жашы жете элек балдарды аныктоо боюнча иштиктүү, ырааттуу жана натыйжалуу иш-чаралар өткөрүлбөй келет.

2020-жылдагы пандемиялык чектөөлөр жана аралыктан окутууга өтүү дээрлик бардык балдардын аң-сезимине, жан дүйнөсүнө абдан чоң таасирин тийгизди. Билим берүү министрлигинин маалыматы боюнча, 2020-жылы 83 мектеп окуучусу, колледж жана кесиптик лицейдин 15 студенти өз жанын кыйган. Жалпысынан алганда бул көрсөткүчтөр мурунку жылдарга окшош эле болгон, бирок карантин киргизилден тартып 10 күн аралыгында 12 жаштан 16 жашка чейинки курактагы 7 өспүрүм өз жанын кыйган [195].

Бүт өлкө дендароо абалда калды, бийлик коңгуроо кагып, балдарга

жана ата-энелерге онлайн психологиялык колдоо чараларын шашылыш уюштура баштады. Мындан тышкары, ошол күндөрү дээрлик күн сайын Интернетте ата-энелердин агрессивдүү жүрүм-туруму: кыйкырык, үй тапшырмасын түшүнө албай жаткандыгы үчүн балдарын уруп-сабап жатышкандыгын айгинелеген видеолор да таркап жатты.

Ош шаарындагы №3 мектеп-гимназиясынын социалдык мугалиминин айтымында, өзүн-өзү изоляциялоо ата-эне менен балдардын ортосундагы тирешүүнүн деңгээлин көрсөтүп бере алды.

Билим берүү министрлигинин маалыматы боюнча, өспүрүмдөрдүн өз жанын кыюуга 90% үй-бүлөлүк көйгөйлөр, дагы 10%ында жоопсуз сүйүү жана башка көрүнүштөр себеп болот.

Миграция жана зордук-зомбулук өспүрүмдөрдүн суицидине катуу таасир этүүдө. Чүй облусунда 14 жаштагы кыз кан тамырын кесип, бул дүйнө менен кош айтышууга аракет кылган. Маалым болгондой, ал тууганадарынын өтүнүчү менен чогуу жашаган 62 жаштагы абасы тарабынан бир нече жолу сексуалдык зомбулукта жүргөн. Жабыркаган тараптын жактоочусунун айтымында, ал жээнине “оозуңду ачсаң атаңды өлтүрөм” деп айткан. Ошол эле учурда кыздын ата-энеси зордук-зомбулуктун алгачкы баскычтарында кызынын арыздарына көңүл бурушкан эмес [195].

Мындан улам, жашы жете элек жактардын өлүмүнө себепкер болуучу кылмышкерлер үчүн аныкталуучу жазаларды, биздин пикирибизде, бир топ эле катаалдаштыруу абзел. Аны менен бирге, мамлекеттик, жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу, аймактык, жергиликтүү укук коргоо органдары тарабынан ыкчам, кечиктирилгис жана токтоосуз реакция жасалуусу шарт.

БУУнун Баланын укуктары жөнүндө Конвенциясынын 19-беренеси баланын, зомбулуктун ар кандай терс формаларынан коргонуу укугун ишке ашыруунун алкагында “... балдарга зомбулук кылуу, ыдык көрсөтүү учурларын алдын алуу, аларды табуу, тиешелүү тараптарга билдирүү жана териштирүүгө өткөрүп берүү, тергөө жүргүзүү, жабыркагандарды дарылоо жана көзөмөлдөө” жана башка ушул сыяктуу чараларды жүзөгө ашыруу

милдетин бардык катышуучу-мамлекеттерге жүктөйт.

Мындан тышкары, интернат типтүү балдар мекемелеринде тарбияланиуудагы ата-энесиз жана алардын камкордугусуз калган балдардын абалы олуттуу тынчсызданууну жаратууда, башкача айтканда бардык эле жерлерде бул мекемелерди тиешелүү түрдө каржылоо боюнча мыйзамдын талаптары аткарылбай келет. Мыйзамдардын чабалдыгы жана мамлекеттик органдардын өзүм билемдиктери социалдык жетимдердин өздүгүн тастыктаган документтерсиз, мүлксүз калтыруу менен бирге билим алууга, саламаттыкты сактоого жана медициналык жардамга болгон конституциялык укуктарын жүзөгө ашырууда кедергисин тийгизип келүүдө.

КР Башкы прокуратурасынын маалыматына караганда, жашы жете элек жактарга карата 2020-жылы -788 кылмыш жана жорук, ал эми 2021-жылы - 2287 кылмыш жана жорук, б.а. 1499 кылмыш жана жорук көбүрөөк жасалган. 2020-2021-жылдарга карата зордук-зомбулукка кабылган балдар боюнча маалыматтар категориялар боюнча төмөнкүдөй көрсөткүчкө ээ болгон [207].

Таблица 3.1.4. Зомбулуктардын абалдары

| № | Жылы | Зомбулуктун категориялары | | |
|---|---|---|---|---|
| | | Физикалык зомбулук | Сексуалдык зомбулук | Психологиялык зомбулук |
| 1. | 2020-жыл | 171 | 71 | 39 |
| 2. | 2021-жыл | 222 | 118 | 77 |
| № | Жылы | Жалпы | Зомбулуктун категориялары | |
| | | | Сексуалдык зомбулук | |
| 1 | 2022-жыл | 400 | 55 | |

*Таблица автор тарабынан түзүлдү.*

Е.А. Саламахина “дүйнөдөгү бир дагы мамлекет баланын укугун сактоо жаатында өзүн үлгү катары көрсөтө албайт [135, б. 68]. Жада калса, өспүрүмдөр арасындагы кылмыштуулуктун көбөйүшү, жашоо деңгээли төмөн үй-бүлөлөрдүн болушу, медициналык жардамдын жетишсиздигинен балдардын өлүмү жана кароосуз калган балдардын санынын өсүшү да эң

демократиялуу жана экономикалык жактан өнүккөн мамлекеттерге мүнөздүү” - деп эсептейт. Бирок, бул билдирүүнүн маңызына ынансак да, Т.В. Лобанованын:- “балдардын укуктарын ишке ашыруудагы жана коргоодогу көйгөйлөр ар кайсы өлкөлөр үчүн бирдей болушу мүмкүн, бирок бул көйгөйлөрдүн сандык жана сапаттык мүнөздөмөлөрү бир топ айырмаланат” [161, б. 171].

КР Башкы прокуратурасынын басма сөз кызматынын 24.kg агенттигине билдирген маалыматы боюнча, мамлекет тарабынан көрүлүп жаткан чараларга карабастан, 2022-жылдын алгачкы 3 айында эле жашы жете элек жактарга карата 392 кылмыш иши козголгон. 2021-жылы ушул эле мезгилде балдарга каршы 409 кылмыш иши козголгон болчу.

2022-жылы козголгон 392 иштин 95и сотко жөнөтүлгөн. “Балдарга каршы кылмыштар боюнча сотко жиберилген иштердин саны өстү”, - деп билдирди көзөмөл органы.

Балдарга карата жасалган кылмыштардын көбү Бишкек шаарында – 203. Ош шаарында – 56, Жалал-Абадда – 40, Чүй облусунда – 36, Ысык-Көл облусунда – 23, Ошто – 17, Нарында – 4, Таласта – 7, Баткен – 6 [193].

Кыргызстандын учурдагы социалдык-экономикалык абалы жетим балдардын жана ата-энесинин камкордугусуз калган балдардын көбөйүшүнө алып келүүдө.

КР Улуттук статистикалык комитетинин маалыматы боюнча 2021-жылы балдар үйлөрүндө жана жетим балдар үчүн интернаттарда 1 миңге жакын жетим жана ата-энесинин камкордугусуз калган балдар болгон [206].

Ал эми КР Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин маалыматы боюнча өлкөдө карантин киргизилгенге чейин ИТБМде 10 868 бала (эркек балдар – 6036, кыздар – 4832) болгон. Жыныстык жактан алганда ИТБМде балдар кыздарга караганда 23% көбүрөөк. ИТБМде окуган балдардын 702си мүмкүнчүлүгү чектелген балдар.

Карантин мезгилине карата бөлүмдөр боюнча абал төмөнкүчө:

Таблица 3.1.5. ИТБМде жайгашкандардын саны

| № | Ведомствонун аталышы | Саны |
|---|---|---|
| 1. | Билим берүү жана илим министрлигинин тутумунда:<br>анын ичинен:<br>- жетим балдар үчүн ИТБМде<br>- ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген<br>- балдар үчүн ИТБМде<br>- массалык интернаттарда | бардыгы 857 бала.<br><br>330<br>330<br>440<br>87 |
| 2. | Эмгек жана социалдык камсызоо министрлигинин тутумунда | 393 бала |
| 3. | Саламаттык сактоо министрлигинин тутумунда | 101 бала |
| 4. | Жеке менчик ИТБМдерде | 448 бала |
| 5. | Диний ИТБМдерде | 122 бала |
| 6. | Муниципалдык ИТБМдерде | 197 бала |

*Булагы: Информация ситуации ДУИТ в период карантина. [Кирүү режими:* https://mlsp.gov.kg/ru/informacziya-o-situaczii-duit-v-period-karantina-na-20-04-2020-g/ *]*

Кыргыз Республикасында интернат тибиндеги балдар мекемелеринин тарбиялануучуларынын көпчүлүгү – булар “социалдык жетимдер”. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдында ИТБМди реформалоо милдети тургандыгына карабастан, биз реформанын бардык этаптарында камкордуксуз калган балдардын укуктарын сактоо менен байланышкан учурдагы кырдаалга тынчсызданып жатабыз.

“Менин байкоом боюнча, 1-2%ы аракечтикке, 10%ы жашоону кылмыштуулукка байланыштырса, 5%ы үйсүз калат. Калган 70-80% жагдайдын курмандыгы болуп калышат. Окууга же иштөөгө аракет кылышат. Бирок билимдин жетишсиздиги, каржылык колдоонун жана турак жайдын жетишсиздиги, өзүнө ишенбөөчүлүк, аялуу сезим сыяктуу психологиялык көйгөйлөр көбүнчө жаштардын жана кыздардын жашоодо ийгиликке жетүүсүнө тоскоол болууда” - дейт “Прав защиты детей-сирот” коомдук фондунун жетекчиси [191].

Көпчүлүк учурларда, ИТБМ-н тарбиялануучуларынын (40% учурларда) ата-энесинин экөөсү тең, (39% учурларда) же апасы бар болот, ошого карабастан, алардын мекемелердеги жашы жете элек перзенттери менен болгон үй-бүлөлүк байланышын сактоо маселеси бир топ объективдүү жана субъективдүү кыйынчылыктарга кептелүүдө.

Изилдөөлөрдүн, о.э. коомдук уюмдар тарабынан жүргүзүлгөн статистикалык мониторингдердин жыйынтыктары далилдеп келгендей, өлкөдө ата-энесинин көзөмөлүсүз-камкордугусуз күн кечирип жаткан балдардын укуктарын бузуу фактылары көп кездешип жаткандыгы өкүндүрбөй койбойт.

Интернат тибиндеги балдар мекемелеринде зомбулук көрсөтүү – бул тарбия берүүнүн кызматкерлери тарабынан колдонулуп келе жаткан методдорунун бири болуп саналат. Дагы деле болсун балдардын эмгегин мыйзамсыз колдонуу жүрүп келе жатат. Окуучулардын ортосундагы мамиледеги “өкүмзордук (дедовщина)” деп аталган маселе – чоң жана чечилбеген көйгөй бойдон калууда.

Дүйнөлүк практикада, ата-энесинин көзөмөлүсүз-камкордугусуз күн кечирип жаткан балдарды интернат тибиндеги балдар мекемелеринде кармагандын ордуна, баланын кайра өзүнүн табигый үй-бүлөсүнө кайтып келишин өбөлгө болчу ыкмалар жакшы жолго коюлган. Баланын биологиялык ата-энесине кайтып келиши мүмкүн болбогон учурларда, аны туугандарына, фостердик үй-бүлөлөргө, о.э. асырап алууга өткөрүп берүү мүмкүнчүлүгү болушу керек.

Фостердик үй-бүлө кызматын өнүктүрүү максатында КР Эмгек, миграция жана социалдык камсыздоо министрлигинин бюджетинен жыл сайын тиешелүү сандагы каражаттар бөлүнөт. КР Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин 2023-2027-жылдарга “Социалдык коргоо” сектору боюнча бюджеттик программаларын каржылоону талдоону төмөнкү таблицадан карасак, бир топ көңүл жылытаарлык көрүнүштү байкайбыз:

Таблица 3.1.6. Бюджеттик программалар боюнча каржылоонун абалы

| Беренелердин аталышы | 2021 | 2022 | 2023 | 2024 | 2025 | 2026 | 2027 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Оор турмуштук кырдаалга туш болгон үй-бүлөлөргө жана балдарга колдоо көрсөтүү. Максаты: 1. Оор турмуштук кырдаалга туш болгон адамдардын (ОТК), анын ичинде ден-соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын бакубаттуулугун жогорулатуу, о.э. балдарга мамлекеттик жөлөкпулдарды берүү; 2. ОТК туш болгондорду фостердик үй-бүлөгө алуу институтун өнүктүрүү; 3. Чет мамлекеттин аймагында ата-энесинин камкордугусуз калган КР жарандарынын балдарын Кыргыз Республикасына кайтарып берүү. | | | | | | | |
| Бюджеттик каражаттар | 8645946,40 | 11898735,30 | 14993041,40 | 16124698,00 | 17464398,00 | 19072998,00 | 21235998,00 |
| Атайын эсептерде топтолгон каражаттар | 0,00 | 0,00 | 0,00 | 0,00 | 0,00 | 0,00 | 0,00 |
| Мамлекеттик инвестициялар (тышкы каржылоо) | | | | | | | |
| Бюджеттен тышкаркы булактар | | | | | | | |
| «Оор кырдаалга кабылган үй-бүлөлөрдү жана балдарды колдоо» программасынын алкагында бардыгы болуп, *анын ичинен:* | 8645946,40 | 11898735,30 | 14993041,40 | 16124698,00 | 17467398,00 | 19072998,00 | 21235998,00 |
| Республикалык бюджеттен | 8645946,40 | 11898735,30 | 14993041,40 | 16124698,00 | 17467398,00 | 19072998,00 | 21235998,00 |
| Бюджеттен сырткары булактардын | | | | | | | |

Булагы: *Анализ финансирования бюджетных программ по сектору "Социальная защита" на 2023-2027гг. Министерство труда, социального обеспечения и миграции.* [https://mlsp.gov.kg/wp-content/uploads/2022/06/prilozhenie-2-na-2023-2025gg-k-ssbr_mtsom_russ_ot-22.04.2022g.-dlya-mf-kr.pdf].

Кыргыз Республикасында ата-энесинин көзөмөлүсүз-камкордугусуз калган балдарды жайгаштыруунун: камкордук/көзөмөлдүк кылуу жана асырап алуу (усыновление/удочерение) деген формалары бар.

Кыргызстандын эле эмес чет мамлекеттин аймагында ата-энесинин көзөмөлүсүз-камкордугусуз калган балдардын укуктарын коргоо жаатында да тиешелүү көйгөйлөр менен катар эле алгылыктуу ийгиликтери бар. КР Өкмөтүнүн 2013-жылдын 21-октябрында кабыл алган, бекиткен № 571-токтому менен Кыргызстандын аймагынан сыртта жүргөн жана Кыргыз Республикасынын жарандары болуп саналган, о.э. ата-энесинин көзөмөлүсүз-камкордугусуз калган балдардын ата-мекенине кайтып келүү тартибин иреттеген жобо бекитилген.

КР Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин (ЭСКММ) берген маалыматына ылайык, 2023-жылдын II кварталына карата катаал турмуштук кырдаалга кабылган 3356 бала аныкталган, анын ичинен 1898 (56,5 %) ал кырдаалдан чыгарылган [222].

КР Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин (ЭСКММ) “Үй-бүлө жана балдар үчүн кызмат көрсөтүүлөрдү өнүктүрүү” башкармалыгынын жетектөөчү адисинин Sputnik Кыргызстан радиосуна

берген интервьюсуна таянсак, “Кыргызстанда окуудан өтүп, тиешелүү сертификаты бар фостердик үй-бүлөлөрдүн саны жыл сайын көбөйүүдө. Бүгүнкү күндө республика боюнча балдарды убактылуу камкордукка алган 89 үй-бүлө каттоого алынса, жакында дагы 25 жуп окуудан өтүштү. Мындан тышкары, 2023-жылдын аягына чейин кошумча 60ка жакын фостердик үй-бүлөлөрдү окутууну пландап жатабыз” – деди ал [237].

2021-жылы Кыргызстандын 16 (он алты) жашы жете элек жараны Кыргызстандын Ички иштер министрлигинин Жашы жете элек өспүрүмдөр арасындагы укук бузуулардын алдын алуу борборуна (ЖПБ) чет өлкөдөн алынып келинген.

Ведомствонун басма сөз кызматы билдиргендей, алардын баары ата-энесинин же мыйзамдуу өкүлдөрүнүн кароосу жок башка мамлекеттин аймагына өтүп кетишкен. Алардын экөө Казакстанда, калгандары Орусияда табылган. Анын ичинен 13 бала эркек, калганы кыздар [214 ].

Ошол эле жылы “Мээрим” гуманитардык миссиясынын алкагында Ирак мамлекетинен 79 бала кайтарылып келинген [221].

КР Улуттук статистика комитетинин мезгилдүү маалыматтары боюнча алсак, анда 2021-жылдын акырына карата тиешелүү үй-бүлөлөрдө - 13,7 миң бала жашоосун уланта баштаган болсо, анын 5,4 миңи ата-энесиз калган балдар, ал эми калган 8,3 миң бала камкордукка-көзөмөлчүлүккө алынгандар болгон. Кийин эсе, 2021-жылкы статистиканы караганыбызда, 2,2 миң бала 18 (он сегиз) жашка чейинки категориядагылар (790у жетим балдар) катары аныкталган [218].

Кыргызстанда 2022-жылдын биринчи айынан бери 325 бала асыралып алынган. Бул тууралуу Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин басма сөз кызматы билдирди.

Министрликтин маалыматы боюнча, фостердик үй-бүлөлөрдүн саны 35,2 пайызга (91 үй-бүлө) көбөйгөн, багуучу үй-бүлөгө 67 бала талапкер катары катталган. Андан сырткары, 185 жетим жана ата-энесинин камкордугусуз калган балдар фостердик үй-бүлөлөргө жайгаштырылган [192].

2022-жылы балдарга сапаттуу кызмат көрсөтүү боюнча 29 уюм аккредитациядан өткөн, анын ичинен 4 диний уюм; ал эми көрсөтүлүп жаткан кызматтар Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 9-октябрында №691-токтому менен бекитилген, турмуштук оор кырдаалда турган балдарга социалдык кызмат көрсөтүүчү мекемелерде балдарды багуунун, тарбиялоонун жана социалдаштыруунун Минималдуу стандарттарына жооп бербегендигине байланыштуу 8 уюмду аккредитациядан өткөрүүдөн баш тартышкан, 1 уюмдун сертификаты чакыртылып алынган [224].

Белгилей кетүүчү нерсе, ата-энесиз жана алардын камкордугусуз калган жашы жете элек жактарга укуктук жактан багыт берүү маселелери же иштери аккредитацияланган мекемелерде гана жүргүзүлүшү керек.

Кыргызстанда уруп-сабоо, денеге физикалык зыян келтирүү, зордуктоо, кыйноолордун натыйжасында эң көп жабыркаган объект болуп дал ушул балдар эсептелет. Эң кейиштүүсү, балдардын жакын туугандары тарабынан бул кылмыштардын дээрлик көпчүлүгү жасалып калууда.

Кыргызстанда 2021-жылы балдарга карата зордук-зомбулук фактылары көбөйгөн. Бул тууралуу 24.kg агенттигине ИИМдин өспүрүмдөр менен иштөө башкармалыгынын башчысынын билдирүүсү боюнча: 2021-жылдын тогуз айында Кылмыштар жана Жоруктардын бирдиктүү реестрине жашы жете элек жактарга карата 326 зомбулук фактысы катталган. Балдарды сабаган учурлардын көбү Бишкек шаарында катталган. Борбордо балдарга карата зордук-зомбулук көрсөтүү боюнча 90дон ашык факты катталган болсо, анын ичинен 112 иш тергелүүдө, 158 - жабылган, 9 - убактылуу токтотулган жана 47 иш сотко жөнөтүлгөн. Зордук-зомбулуктар негизинен кыздарга жасалган. 2021-жылы жашы жете элек жактарга убактылуу коргоо боюнча 146 ордер берилген. Жүргүзүлүп жаткан профилактикалык иштерге карабастан, балдарга карата зордук-зомбулук фактылары уланууда, алардын саны өсүүдө [192].

Ички иштер министрлигинин билдирүүсү боюнча Кыргызстанда 2022-

жылдын алгачкы 1,5 (бир жарым) айында эле жашы жете элек жактарга карата жасалган зомбулуктар 2021-жылдын февраль айынын көрсөткүчтөрүнө салыштыра турган болсок, анда дээрлик 50% көбөйгөндүгүн байкоого болот [198].

Кыргыз Республикасы дүйнөлүк коомчулуктун толук кандуу мүчөсү болуу менен ар кандай эл аралык укуктук актыларда, о.э. улуттук мыйзамдарда бекемделген адам укугу менен эркиндиктерин камсыз кылуу боюнча мамлекеттик саясатты ырааттуу жүргүзүп келет.

Кыргыз Республикасында эл аралык жана улуттук мыйзам актыларынын ченемдерин жетекчиликке алып, адам, анын ичинде жашы жете элек балдардын укуктарынын сакталышына көзөмөлдү жүзөгө ашыруучу бир катар мамлекеттик органдар бар.

Балдардын укуктарын коргогон мамлекеттик органдардын тизмесине төмөнкүлөр кирет:

Мамлекеттик аткаруу органдары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, соттор, прокуратура, Омбудсмен. Бул органдардын ичинен айрыкча *Балдар укугу боюнча ыйгарым укуктуу өкүл* институтуна бөтөнчө көңүл бурууга туура келет.

***Балдар укугу боюнча ыйгарым укуктуу өкүл*** институтун кийирүү менен Кыргыз Республикасы Эл аралык уюмдар тарабынан берилген сунуштамаларга жана ратификацияланган мыйзам актыларында көрсөтүлгөн укуктук ченемдерге жооп катарында 2021-жылдын 5-майында жалпы референдум аркылуу кабыл алынган Конституциянын редакциясында, Балдардын укугу боюнча ыйгарым укуктуу өкүл жөнүндө ченемдин киргизилиши жашы жете элек жарандарыбыздын жашоо туруктуулугунун деңгээлин жогорулатууну камсыз кылууга багытталган биргелешкен аракеттердин башталышын негиздеп бере алды.

Кыргыз Республикасындагы *Балдардын укуктары боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдүн* орду конституциялык деңгээлде бекитилген ченем Конституциянын долбоорун талкуулоо учурунда да 2021-жылдын 19-20-

мартында Венеция комиссиясы тарабынан өткөрүлгөн 126-онлайн пленардык жыйынында да жогору бааланганы кубандырат [54].

2021-жылдын 19-майында Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан аталган ыйгарым укуктуу өкүл тууралуу ПЖ №189- Жарлыкка кол коюлгандан тартып Кыргызстанда балдардын укуктарын соттук эмес коргоонун жаңы институту түзүлдү. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 18-октябрындагы ПЖ № 465- Жарлыгынын негизинде Кыргыз Республикасынын Балдар укугу боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү КР Президентинин администрациясынын курамдык бөлүмү катары укуктук макамга ээ болот.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 21-июнундагы ПЖ № 267-Жарлыгынын негизинде “*Кыргыз Республикасынын Балдар укугу боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү жөнүндө Жобо*” бекиген. Бул жобо 7 негизги бөлүмдү камтыйт.

Жобого ылайык, Балдар укугу боюнча ыйгарым укуктуу өкүл балдардын укуктары жана кызыкчылыктарына байланыштуу маселелер боюнча өз ишмердүүлүгүн Министрлер кабинети, Жогорку Кеңештин Аппараты, министрликтер, мамлекеттик комитеттер, административдик ведомстволор, соттор, о.э. жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдары, эл аралык уюмдар, коммерциялык жана коммерциялык эмес уюмдар менен тыгыз байланышта жүргүзөт. Балдардын укуктары боюнча ыйгарым укуктуу өкүл өз ишмердүүлүгүн жүзөгө ашырууда эч кимге көз карандысыз жана ал КР Президентине гана отчет берет.

Мамлекеттик бийлик жана башкаруу органдарына жана алардын кызмат адамдарына Балдардын укуктары боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдүн ишмердүүлүгүнө байланышкан маселелерди чечүүдө кандай гана формада болбосун кийлигишүүгө тыюу салынат.

Каралып жаткан институттун макамын аныктоо боюнча бекитилген Жобого ылайык Балдардын укуктары боюнча ыйгарым укуктуу өкүлгө төмөнкүдөй милдеттер жүктөлгөн:

| |
|---|
| 1) Кыргыз Республикасынын аймагындагы балдардын жана чет мамлекеттердин аймагында Кыргыз Республикасынын жарандары болгон балдардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоону камсыз кылуу; |
| 2) мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана кызмат адамдары тарабынан балдардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоонун мамлекеттик тутумун түзүүгө жана натыйжалуу иштешине көмөк көрсөтүү; |
| 3) мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, билим берүү жана медициналык уюмдар, балдарга жана үй-бүлөлөргө социалдык жана башка кызматтарды көрсөтүүчү уюмдар тарабынан балдардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын ишке ашыруу, сактоо жана коргоо механизмдеринин иштешинин натыйжалуулугуна мониторинг жана талдоо жүргүзүү; |
| 4) балдардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын бузуунун алдын алуу, аларды калыбына келтирүүгө көмөк көрсөтүү; |
| 5) жашы жете элек жарандардын кароосуз калуусунун жана тартип бузууларынын алдын алуу боюнча иш-чараларга катышуу; |
| 6) балдардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо жаатында эл аралык кызматташтыкты өнүктүрүүгө көмөктөшүү. |

Ошол эле учурда, милдеттер менен кошо берилген ыйгарым укуктар да өзгөчө көңүл бурууну талап кылат. Жободо ыйгарым укуктар 25 пункт менен белгиленген, биз алардын негизгилерине гана токтоло кетүүнү туура көрдүк.

Балдардын укуктары боюнча ыйгарым укуктуу өкүл өз ишинде төмөнкү ыйгарым укуктарга ээ:

| |
|---|
| 1) балдардын укугу менен кызыкчылыктарын коргоо, балдарды адеп-ахлактык жактан тарбиялоону жана аларды ар тараптуу өнүктүрүүнү камсыз кылуу боюнча стратегиялык жана программалык документтерди иштеп чыгууга катышат; |

| |
|---|
| 2) алдыңкы тажрыйбаны жана эл аралык стандарттарды ишке киргизүү максатында мамлекеттик органдар менен түз байланыштарды түзөт, маалымат алмашат; |
| 3) Балдардын укуктары боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдүн компетенциясына кирген маселелер боюнча маалыматтык кампанияларды уюштурат жана аларга катышат; |
| 4) Кыргыз Республикасындагы балдардын абалы жөнүндө улуттук баяндамаларды (доклад) даярдоого катышат; |
| 5) баланын укуктары чөйрөсүндө эл аралык келишимдик базаны кеңейтүү боюнча зарыл чараларды көрөт; |
| 6) балдардын укуктарын жана кызыкчылыктарын камсыз кылуу жана аларды ар тараптуу өнүктүрүү жаатындагы мамлекеттик саясатты өркүндөтүү маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарына сунуштарды киргизет; |
| 7) кызматтык күбөлүгүн көрсөтүү аркылуу, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, анын ичинде эркиндигинен ажыратуу жайларынын аймагына жана каналарына кирүүгө, аларда кармалып турган балдар менен жолугушууга жана сүйлөшүүгө; |
| 8) балдардын укуктарына жана мыйзамдуу кызыкчылыктарына тиешелүү маселелер боюнча соттук отурумдарга катышууга; |
| 9) келип түшкөн арыздардын негизинде балдардын укуктарынын бузулушунун фактылары жөнүндө маалыматтарды, о.э. эгерде бул бузуулар жөнүндө ага расмий булактардан же жалпыга маалымдоо каражаттарынан белгилүү болсо, анда өз демилгеси боюнча текшерүүгө алууга; |
| 10) Кыргыз Республикасынын жарандарынын, о.э. чет өлкөлүк жарандардын, жарандыгы жок жактардын Кыргыз Республикасынын Конституциясы, мыйзам актылары жана эл аралык келишимдери менен кепилденген |

| |
|---|
| укуктарын жана эркиндиктерин бузган кызмат адамдарынын жана уюмдардын аракеттери жана чечимдери жөнүндө кайрылууларын карайт; |
| 11) балдардын укуктары менен кызыкчылыктарын коргоону-сактоону камсыз кылуу жаатындагы кырдаалга мониторинг жүргүзүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Президентине ар жылдык отчет даярдайт. |

Ошентип, алдыраакта баяндалган милдеттер менен ыйгарым укуктарга болгон маалымдоонун негизинде Балдардын укуктары боюнча ыйгарым укуктуу өкүл иш жүзүндө балдардын укуктарын коргоо эле эмес, о.э. балдарга таандык укуктарды сактоо, алардын бузулушунун алдын алуу боюнча профилактикалык иштерди жүргүзүү менен да алектенет деген бүтүмгө келе алабыз.

***Жободогу кемчиликтерге токтоло кетсек*** Мисалы, келтирилген Жободо ыйгарым укуктуу өкүлдүн кайрылууларды (даттанууларды) кароого ыйгарым укугу бар экендиги жөнүндө каралган бирок, кайрылууну кабыл алуу же андан баш тартуу, кайрылууну кароонун мөөнөттөрү көрсөтүлгөн эмес.

Бул ыйгарым укуктуу өкүлгө келип түшкөн кайрылууларды кароонун тартиби жана мөөнөттөрү кылдат укуктук жөнгө салууну талап кылат. Андыктан кайрылууларды кароого кандай шарттарда кабыл алынаарын, кароонун натыйжалары кандай болушу мүмкүн экендиги, кароонун мөөнөттөрүн жана канча күндүк мөөнөттө кайрылган жакка кайрылуунун жыйынтыгы жөнүндө маалымат бере алаары тууралуу ченемди киргизүү зарыл. Анткени укугу бузулган жак кайрылуунун жыйынтыгын күтөөрү шексиз. Баланын укуктары, аларды коргоонун формалары жана ыкмалары, пикирлерди, баяндамаларды жайгаштыруу жаатында укуктук билим берүү үчүн аталган ыйгарым укуктуу өкүл жалпыга маалымдоо каражаттарына эркин кире алуусун камсыздоо шарт.

Мындан тышкары, Балдардын укуктары боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдүн ишмердүүлүгүнүн айрым түрлөрү кээ бир мыйзам актыларында

жөнгө салына элек. Мисалы, “КР Жогорку Кеңешинин Регламенти жөнүндө” мыйзамында Жогорку Кеңештин ачык же жабык өткөрүлүүчү жыйналыштарына катышууга укуктуу деп көрсөтүлгөн жактардын тизмесинде Балдардын укуктары боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдүн да көрсөтүлүүсү абдан зарыл шарт. Анткени жашы жете элек балдардын укугу менен кызыкчылыктарын коргоого байланышкан мыйзам долбоорлорун талкуулоодо жана кабыл алууда анын катышуусу өзгөчө мааниге ээ.

Жобонун дагы бир кемчилиги катары Балдар укуктары боюнча ыйгарым укуктуу өкүл болуп дайындалууга тийиш болгон жаранга коюлуучу талаптар каралбагандыгын айтууга болот.

*Жыйынтык катарында айтсак, жашы жете элек адамдарды тарбиялоодогу укуктук жана социалдык көйгөйлөрдү чечүү мезгилинде жашы жете элек жактардын укуктук жактан калыптанышына таасир этүүнүн мумкунчүлүктөрү мамлекеттик жана коомдук органдардын биринчи кезектеги милдети болуп калды. Учурда өспүрүмдөр тарабынан жасалып жаткан кылмыштар – бул өсүп келе жаткан муундарды адеп-ахлактык жактан тарбиялоодо ар кандай кемчиликтердин бар экендиги тууралуу коомчулукка жөнөтүлгөн белги болуп эсептелет. Бул укуктук мамлекеттин жарандарын калыптандыруу максатын көздөгөн институттар үчүн өтө маанилүү маселе, анткени дал ошол жашы жете электер келечекте мыйзамдарды жаратып, алардын аткарылышын камсыздоого туура келет, андан сырткары, мыйзамдарды өркүндөтүүгө, мамлекеттик жана коомдук иштерди башкарууга катышышат.*

*Андыктан, жашы жете элек жактардын укуктарын жөнгө салуучу мыйзам ченемдерин ишке ашыруу көйгөйлөрүнө кылдат көңүл буруу жана мыйзамдарга тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүү менен гана жашы жете элек балдардын кароосуз калууларын жоюу үчүн реалдуу шарттарды камсыздоого, ата-энелер тарабынан балдарга ырайымсыз мамиле кылуу учурларын азайтууга, о.э. ата-энелердин баланын өнүгүп келе жаткан психикасына терс таасирин тийгизүү мүмкүнчүлүгүн азайтууга жетише*

*алабыз деген терең ишенимдебиз.*

## 3.2. Жашы жете элек жактардын укуктук макамын өркүндөтүүнүн негизги багыттары

Илимдерде адамзаттын укуктук макамын өркүндөтүүнүн жолдорун табууга байланышкан изилдөөлөр ар дайым уланып келүүдө, арийне, айрым мыйзамдардагы дал келбөөчүлүктөр же реалдуу жашоодо адамдын укугун коргоо, сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу кызмат адамдарынын натыйжасыз иштөөсү жалпы адамзатынын укук жана мыйзамдык кызыкчылыктарынын бузулушуна алып келүүдө бирок, жашы жете элек жактардын укуктук макамы жөнүндө сөз жүргөндө милдеттүү түрдөгү аракеттенүүнү талап кылат.

Совет энциклопедиялык сөздүгүндө "өркүндөтүү" түшүнүгү [245]:

а) мүмкүн болгондордун ичинен мыкты вариантты тандоо процесси катары;

б) системаны мыкты абалга (оптималдуу) алып келүү процесси катары чечмеленет.

Чет сөздөрүнүн сөздүгүндө "оптималдуу" түшүнүгүнүн мазмуну "абдан жагымдуу, мыкты" деген аныктамалардын жардамы менен ачылат, мындай жыйынтык чыгаруу менен "өркүндөтүү" түшүнүгү оптималдуу абалга жетүүнүн жолу, көптөгөн мүмкүнчүлүктөрдүн ичинен мыкты вариантты тандоо катары чечмеленет.

Юриспруденцияда укуктук макамды жакшыртуунун, өркүндөтүүнүн көйгөйлөрүн изилдөөчүлөрдү, адатта аныктамалардын түп нускасынын курулушунан качышат деп Ю.В.Деришев туура байкаган [246, б. 213]. А бирок, жашы жете элек жактардын укуктук макамын өркүндөтүүнүн теорияларын куроо, ылайыктуу, дал же шайкеш келген аныктамаларды калыптандыруу, о.э. жашы жете элек жактардын укуктук макамы менен абалын жакшыртуунун, өркүндөтүүнүн негизги багыттарын ачып бере алуучу айрым өзгөчө учурлар да бар экендигин унутпоо керек.

Мындай талдоо аркылуу алдын ала тергөөнү оптимизациялоону Г.Г.Доспулов [93, б. 208] “маалыматты максималдаштыруу, кылмыш соттук өндүрүшүнүн маселелерин чечүү үчүн зарыл болгон маселелерди чечүү убактысын жана бул прорцессти ийгиликтүү ишке ашырууга жолтоо болуучу терс факторлордун таасирлерин минимизациялоодон” табат. Бул менен ал учурдагы ишмердүүлүктүн түрүн өркүндөтүүнүн эки негизги аспектисин бөлүп карайт: 1) тергөөчү тарабынан маалыматтык тоскоолдуктарды жана аңдап билүүчүлүк келишпөөчүлүктөрдү алыстатууну камсыз кылуучу башкаруучулук циклдерди жана операцияларды өркүндөтүү; 2) өзүнүн ишмердүүлүгүн илимий сунуштарды практикалык түрдө аткаруу жолу менен өркүндөтүү жөндөмдүүлүгүнө ээ болуу жеке жөндөмдүүлүгү.

Ю.В.Деришев “сотко чейинки өндүрүштү өркүндөтүү - сотко материалдарды алдын-ала даярдоону жүзөгө ашыруучу органдардын тутумун кылмыш процессине бир эле мезгилде жаңы жол-жоболорду киргизүү жана ушул ишти жүргүзүүнүн колдонуудагы жол-жоболорун оңдоо менен оптималдуу абалга келтирүү, жеке адамдын кызыкчылыктарынын жана укуктарынын кепилдиктерин так сактоо менен кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн ушул этабынын максаттарына жетүүнүн натыйжалуулугун жана сарамжалдуулугун камсыз кылуу” деп эсептейт [246, б. 213].

*Жогоруда келтирилген аргументтердин негизинде жашы жете элек жактардын укуктук макамын, абалын жакшыртуу, өркүндөтүү жана өнүктүрүүнүн төмөнкүдөй эки багытын бөлүп көрсөтүүгө болот:*

а) Укуктук макамдын формалдуу аныктуулугунун өркүндөтүлүшү: бекитилген субъективдүү укуктарды, эркиндиктерди жана милдеттенмелерди жаңы мазмун менен толтуруу, укуктук ченемдик актылардагы боштуктарды, келишпөөчүлүктөрдү жоюу, жашы жете электер катышкан мамилелерди жөнгө салуучу мыйзамдарды системалаштыруу;

б) жашы жете элек жактардын реалдуу макамын анын формалдуу укуктук макамына мүмкүн болушунча жакындатуу.

Жашы жете элек жактардын макамын, абалын жакшыртуу,

өркүндөтүү, өнүктүрүү боюнча бирдиктүү идеяларды куроо жана калыптандырууну аныктаган төмөнкүдөй тыянактарды чыгарууга болот деген ойдобуз:

| |
|---|
| 1) жашы жете элек жарандарга жана алардын мыйзамдуу өкүлдөрүнө, о.э. жашы жете элек жарандардын укуктук макамы көз каранды болгон башка адамдарга ылайыктуу аларды жүзөгө ашыруунун чектерин жана адамдардын ылайыктуу жүрүм-турумун көрсөтүү менен мамлекет тарабынан таанылган акыркы мүмкүнчүлүктөр жөнүндө маалымдоо зарылдыгы жөнүндө; |
| 2) жашы жете электин формалдуу укуктук макамын ишке ашырууну камсыздоо зарылдыгы жөнүндө; |
| 3) жашы жете электин укуктук макамын оптималдаштырууга таасир этүүчү сырткы жана ички факторлордун бар экендиги жөнүндө; |
| 4) иштин жаңы, көмөкчү формаларын киргизүү жана буга чейин пайдаланылып, колдонулуп келген иш-аракеттердин формаларын реформалоо (өзгөртүү, өркүндөтүү) жолу менен өркүндөтүүнү камсыз кылуу жөнүндө. |

Жашы жете элек жактардын укуктук макамын жакшыртуу, өркүндөтүү жана өнүктүрүү ар кандай субъекттер тарабынан ишке ашырылат:

| |
|---|
| 1) эл аралык келишимден сырткаркы жана конвенциялык органдар; |
| 2) мамлекеттик бийлик органдары жана анын аймактык бөлүмдөрү (мамлекеттик бийлик органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары); |
| 3) өкмөттүк эмес (коомдук) эл аралык жана ата мекендик уюмдар; |
| 4) саламаттыкты сактоо, билим берүү, социалдык камсыздоо жана башка чөйрөлөрдөгү мекемелер жана уюмдар; |
| 5) жашы жете электин мыйзамдуу өкүлдөрү; |
| 6) жашы жете элек жарандардын өздөрү. |

Ишмердүүлүктүн төмөнкү формалары, биздин оюбузча, жашы жете

элек жактардын укуктук макамын өркүндөтүү боюнча негизги багыттар болуп саналат:

| |
|---|
| 1) жашы жете элек жактардын укуктук макамынын юридикалык кепилдиктеринин натыйжалуулугун камсыз кылуу; |
| 2) жашы жете элек жактардын укуктарын, эркиндиктерин жана милдеттерин аткарууну ишке ашыруу үчүн тийиштүү жалпы шарттарды ( социалдык-экономикалык, саясий, руханий кепилдиктер) түзүү; |
| 3) жашы жете элек адамдын укуктук макамын аныктаган ченемдик укуктук актыларды маңыздык жактан өркүндөтүү. |

Өзүн-өзү коргой алуу мүмкүнчүлүктөрүн ишке ашырууга зарыл шарттарды түзүп берүү:

| |
|---|
| 1) жашы жете элек жактын укуктары менен эркиндиктерин жүзөгө ашырууну камсыз кылуу боюнча милдеттенмелерди аткарбаганы үчүн; |
| 2) жашы жете элек баланын укуктары менен эркиндиктерин бузгандыгы, жашы жете элек өспүрүмдөр арасындагы кылмыштуулуктун алдын алууну активдештиргендиги жана өркүндөткөнү үчүн тиешелүү юридикалык жоопкерчиликтерди күчөтүү абзел. |

*Биз пикирибиз боюнча жашы жете элек жактардын жана анын мыйзамдуу өкүлдөрүнүн ишмердүүлүгүнүн деңгээлин арттыруу, жогорулатуу, маалыматтык камсыздоону өркүндөтүү, жакшыртуу, үй-бүлө институтун бекемдөө, жашы жете элек балдардын бош убактысын өткөрүүнү туура пландоо, балдардын укуктук макамынын көйгөйлөрүн чечүүдө мамлекет менен коомдук уюмдардын ортосундагы кызматташтыкты сактоо жана өнүктүрүү маселелери дагы жашы жете элек жактардын укуктук абалын, макамын өркүндөтүүнүн багыттарын толуктайт деп ойлойбуз.*

### 3.3. Жашы жете элек жактардын укуктук макамын сактоо боюнча эл аралык милдеттенмелерди ишке ашыруу

КР Жогорку Кеңеши мыйзам актыларында аныкталган ыраат жана тартиптин негизинде эл аралык келишимдерди ратификациялай жана денонсациялай тургандыгы тууралуу ченем КР Конституциясында (80-б. 4-п.) так белгиленген, андан сырткары, КР Эл аралык келишимдерин жөнгө салуучу мыйзамында (32-б. 1-п.) эл аралык келишимдер Кыргыз Республикасы үчүн күчүнө кирген учурдан тартып Кыргыз Республикасы тарабынан милдеттүү түрдө аткарыла тургандыгын аныктаган ченемди бекиткен. Демек, Кыргыз Республикасы катышуучу болуп саналган мыйзамдарда күчүнө кирген эл аралык келишимдер - белгиленген тартипте аракетин жүргүзөөрү, о.э. жашы жете элек жактарга карата эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптери жана ченемдери Кыргыз Республикасынын укук тутумунун ажырагыс бөлүгү катары саналаары ачык-даана жазылган.

Мамлекеттин жүргүзгөн иш чаралары жана программалары жашы жете элек жактардын укуктарын илгерилетүүгө жана коргоого багытталган. Бул багыттагы негизги документтер болуп Балдар үчүн юстицияны өнүктүрүү боюнча 2014-2018-жылдарга карата Мамлекеттик программа [25], 2021-2040-жылдарга билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясы [23], КР Өкмөтүнүн үй-бүлөнү колдоо жана балдарды коргоо боюнча 2018-2028-жылдарга карата программа [38], КР Өкмөтүнүн 2017-2021-жылдарга Кыргыз Республикасында ВИЧ инфекциясын жеңүү программасы [37], Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-2030-жылдарга калктын саламаттыгын сактоо жана саламаттыкты сактоо тутумун өнүктүрүү боюнча “Дени сак адам – өнүккөн өлкө” ПРОГРАММАСЫ (Ден соолук) [39], 2020-2023-жылдарга Кыргыз Республикасында эмгек жана калкты социалдык жактан коргоо чөйрөсүн өнүктүрүү программасы [22], о.э. Билим берүү жана илим министрлигинин “Зордук-зомбулуксуз мектеп” аттуу программасы [26], 2022-2026-жылдарга мамлекеттик социалдык заказ программасы [247]

эсептелет.

Кыргыз өлкөсү БУУ-н 1994-жылы кабыл алган “Баланын укуктары жөнүндө конвенциясын”, 2003-жылы кабыл алынган “Куралдуу кагылышууларга катышкан балдардын укуктары жөнүндө конвенциянын факультативдик протоколун” жана ошол эле жылы кабыл алынган “Балдарды сатууга, балдардын сойкулугуна, балдар порнографиясына тиешеси бар Балдардын укуктары жөнүндө конвенциянын факультативдик протоколун”, 2004-жылкы Эмгектин эл аралык уюмунунун (МОТ) “Балдар эмгегинин начар түрлөрүн (БЭНТ) жоюу жана тыюу салуу боюнча токтоосуз чаралары жөнүндө №182-Конвенциясын”, 1973-жылдагы “Жумушка кабыл алуудагы минималдуу курак жөнүндөгү Эл аралык Эмгек уюмунун № 138-Конвенциясын”, 1999-жылдагы Эл аралык Эмгек уюмунун “Балдар эмгегинин эң жаман формалары жөнүндө №182-Конвенциясын”, 2000-жылы кабыл алынган “Балдардын укугу жөнүндөгү Конвенциянын “Балдарды сатуу, балдардын сойкулугу жана порнографиясы жөнүндөгү факультативдик протоколун” жана ошол эле жылы кабыл алынган “Балдардын укугу жөнүндөгү Конвенциянын “Балдарды куралдуу чыр-чатакка тартуу жөнүндөгү факультативдик протоколун”, БУУнун трансулуттук уюшкан кылмыштуулукка каршы 2003-жылы кабыл алынган конвенциясына толуктоо киргизүү максатында каралган “Адамдарды, айрыкча аялдар менен жашы жете элек балдарды сатуунун алдын алуу, бөгөт коюу жана жазалоо (Палермо) протоколун” өз укуктук тутумунун курамы катары ратификациялаган жана кабыл алган.

Жашы жете элек балдардын укуктарын коргоо, сактоо жана өркүндөтүү, укуктук ишмердүүлүктүн негизги чордону болуп саналат, ал маселелер боюнча Кыргызстанга 158 сунуштама (рекомендация) келип түшкөн. БУУнун адам укуктары боюнча дээрлик бардык механизмдери зордук-зомбулукка байланышкан көйгөйлөрдү, соттук адилеттүүлүктү, деги билим берүү тармагындагы, саламаттыкты сактоо тутумундагы көйгөйлөрдү, документтерге жеткиликтүүлүктү жана үй-бүлөсүз балдарды кароо, о.э.

балдар мекемелеринде кармоо шарттарына байланыштуу маселелердин механизмдерин чечүү үчүн атайын саясатты жана мыйзамдык чараларды жүзөгө ашырууну сунуш кылышкан.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында ишке ашырылган сунуштар:

Балдарды коргоо системасын мындан ары өркүндөтүү жана баланын үй-бүлө чөйрөсүндө өсүү жана өнүгүү укуктарын камсыз кылуу үчүн шарттарды түзүү боюнча чараларды көрүү [53].

*КР Балдар жөнүндө кодексинин 4-беренесинин 10-абзацы: баланын үй-бүлөсүнөн бөлүнүшүнө жол бербөө жана баланын үй-бүлөлүк чөйрөгө болгон укуктарын камсыз кылуу.*

Аялдарга жана кыздарга карата зомбулукту, анын ичинде балдарды уурдоону көзөмөлдөө жана жоюу үчүн мыйзамдарды кабыл алуу [53].

*КР Кылмыш-жаза Кодексинин 165-беренесинин 2-пункту: баланы уурдоо;*

*КР Кылмыш-жаза Кодексинин 130-беренесинин 2-пунктунун 9-пунктчасы: зордуктоо же башка формадагы зомбулук аракеттер.*

Балдарды мажбурлап никеге турууга каршы натыйжалуураак саясатты кабыл алуу [66].

*КР Кылмыш-жаза Кодексинин 172-беренесинин 2-пункту: никелик мамилелерге же никеге туруу үчүн баланы уурдоо.*

Балдар эмгегин толугу менен жок кылуу жана бардык балдардын акысыз жана милдеттүү билим алуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу [53].

*Ар бир жаран (КР Конституциясы 46-б. 3-п.)мамлекеттик билим берүү мекемелеринде мектепке чейинки башталгыч, негизги жалпы, орто жалпы жана кесиптик башталгыч билимдерди акысыз алууга укуктуу экендиги да каралган.*

*Билим берүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамында (5-б. 2-п.) адамдардын мамлекеттик билим берүү стандарттарынын алкагында мектепке чейинки, башталгыч, негизги жана орто жалпы билим, о.э.*

*башталгыч кесиптик билимдерди акысыз алуу укугун ишке ашырууга багытталган шарттарды караштырган.*

Ювеналдык тутумду жакшыртуу ишин улантуу [53].

*КР Балдар жөнүдө Кодексинин 5-беренесинин 14-абзацы:ювеналдык юстиция.*

Балдарды сатуу, балдар сойкулугу жана балдар порнографиясы тиешелүү болгон Факультативдик протокол боюнча Комитеттин корутунду жана сунуштарына байланыштуу иш жүргүзүү [53].

*КР Кылмыш-жаза Кодексинин 167-беренеси: балдарды сатуу, 157-беренесинин 3-пункту:баланы сойкулук аракеттерге тартуу.*

Комитет катышуучу-мамлекетти 18 жашка чыга элек адамдардын кооптуу шарттарда иштебешин камсыз кылууга чакырат [53].

*Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин 218-беренеси: Оор жумуштарда жана эмгек шарты зыяндуу же кооптуу жумуштарда аялдарды жана 18 жашка чыга элек жактарды, о.э. ден соолугунун абалы боюнча мындай иштерге каршы көрсөтмөсү бар адамдарды ишке тартууга тыюу салынат;*

*Кыргыз Республикасынын Балдар жөнүдө Кодексинин 15-беренесинин 3-пункту: Балдар эмгегин эмгек шарты зыяндуу же кооптуу жумуштарда, жер астындагы жумуштарда, түнкүсүн, о.э. аткарылышы алардын ден соолугуна жана адеп-ахлактык өнүгүүсүнө зыян келтириши мүмкүн болгон жумуштарда (оюн-зоок бизнеси, түнкү оюн-зоок мекемелеринде иштөө, өндүрүштө) пайдаланууга, алкоголдук ичимдиктерди, тамеки буюмдарын, наркотикалык жана уулуу баңги заттарды ташуу жана соодалоого тыюу салынат.*

Эң төмөнкү курак жөнүндөгү (№ 138) Конвенция, аны ратификациялаган мамлекеттерге балдардын эмгегин түп-тамыранан бери жоюуга багытталган улуттук саясатты жүргүзүүгө жана жумушка орношуудагы минималдуу куракты акырындык менен жогорулатууга милдеттендирет.

Балдар эмгегинин эң начар формаларына тыюу салуу жана токтоосуз жок кылуу жөнүндө (№182) Конвенция дагы балдардын эмгегинин эң начар түрлөрүнө тыюу салуу жана түп тамырынан бери жок кылуу боюнча токтоосуз жана натыйжалуу чараларды көрүүгө чакырат.

№182-Конвенция балдардын эмгегинин эң начар формаларын төмөнкүчө аныктайт:

| |
|---|
| (а) кулчулук жана мажбурлап иштетүү жана балдарды сатуу аркылуу куралдуу кагылышууларга мажбурлоо жолу менен катыштыруу; |
| (б) баңгизаттарды өндүрүп чыгаруу жана аларды сатуу менен алектенүү; |
| (с) жашы жете элек балдардын сойкулук менен алектенүүсү; |
| (d) жашы жете элек балдардын дене-боюна, коопсуздук чектерине же адептүүлүгүнө кедергисин тийгизе турган жумуштар. |

Улуттук мыйзамдар, жалпысынан ушул эл аралык документтердин талаптарына жооп берет. КР Конституциясы балдардын эмгегин эксплуатациялоого тыюу салат. Эмгек Кодекси эмгек мамилелеринин тараптары катары балдардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоонун мыйзамдык негиздерин аныктайт, эмгек чөйрөсүндөгү укуктар менен эркиндиктердин минималдуу кепилдиктерин, о.э. балдардын эмгегинин эң начар формаларына тыюу салууларды жана чектөөлөрдү белгилейт. Мажбурлап иштетүүгө жана эң начар формалардагы балдардын эмгегине тыюу салуу принциби – бул Эмгек мыйзамдарынын принциптеринин бири катары жарыяланган.

Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдары милдеттүү билим берүү мезгилинин аяктоосу жана өспүрүм курагында адам организминин калыптануу процесси өзгөчө интенсивдүү экендигин эске алуу менен бирге балдарды жумушка кабыл алуунун минималдуу курагын белгилей алган. Ушул курактагы оор жумуш өспүрүм-жумушчунун ден-соолугуна терс таасирин тийгизиши мүмкүн.

Жумушка кабыл алуунун минималдуу жаш курагы жалпысынан Эмгек

Кодексинде 16 жаш экендиги аныкталган. Бирок, өзгөчө учурларда, 15 жашка толгон адамдар жумушка орношо алышат. Ошол эле учурда, 14 жашка толгон балдар окуу процессине тоскоол болбой турган бош убактысында ден-соолугуна зыян келтирбеген жеңил жумуштарды аткарууга ата-энесинин (көзөмөл кылуучусунун) биринин же камкордук жана көзөмөл кылуучу органдын жазуу жүзүндөгү макулдугу аркылуу эмгек келишимин түзө алышат. КР Балдар жөнүндө Кодексинде "балдардын эмгегинин эң начар формалары" түшүнүгү камтылган.

Балдардын укугун коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган, Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги тарабынан сунушталган орган, балдарды коргоону камсыздоодо жана балдардын эмгегинин эң начар формаларын жоюуда негизги жоопкерчилик жана координациялык ролду ойнойт. Балдар эмгегинин эң начар формаларына тартылган балдардын категориясы мамлекеттик саясаттын артыкчылыктуу объектиси катары "турмуштук катаал кырдаалда турган үй-бүлөлөр жана балдар" категориясына киргизилген.

Эмгек Кодекси 18 жашка толо элек адамдардын иштөөсүнө тыюу салынган жумуш орундарын (294-берене); 18 жашка чыга элек адамдарды жумушка алууда кошумча кепилдиктерди (295-берене); 18 жашка чейинки адамдарды медициналык кароодон өткөрүүнү (296-берене); 18 жашка толо элек кызматкерлерди иш сапарына жиберүүгө, ашыкча жумуштарда, түнкүсүн, дем алуу жана жумуштук эмес болгон майрамдарда иштөөгө тыюу салууну (297-берене); 18 жашка чейинки жумушчулар үчүн өндүрүш ченемдерин (298-берене); 18 жашка чейинки кызматкерлерге күнүмдүк иштин кыскартылган узактыгы менен эмгек акыны өлчөмүн (299-берене); эмгек келишими бузулганда 18 жашка чейинки кызматкерлер үчүн каралуучу кошумча кепилдиктерди (301-берене); келтирилген зыянды калыбына келтирүү үчүн 18 жашка чейинки кызматкерлердин жоопкерчилигин (302-берене) белгилейт.

"КР Жарандардын саламаттыгын сактоо жөнүндөгү" Мыйзамы

жарандардын ден-соолугуна келтирилген зыяндын ордун толтуруу укугун (65-берене), жашы жете элек балдардын ден-соолугун коргоо укугун (68-берене), майып балдардын укугун дагы белгилейт.

"Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө" Мыйзам үй-бүлөлүк зомбулуктан жапа чеккен жактарды социалдык-укуктук жактан коргоо жаатындагы мамилелерди жөнгө салат.

Жогоруда айтылган мыйзамдардан тышкары, изилденип жаткан темага ылайыктуу башка мыйзамдар дагы бар.

***Сунуштамаларды жүзөгө ашыруу боюнча жооптуу мамлекеттик органдар***

Сунуштамаларды ишке ашыруу боюнча Өкмөттүн линиясына тиешелүү мамлекеттик органдарга төмөнкүлөр кирет: КР Эмгек, социалдык камсыздандыруу жана миграция, Ички иштер, Юстиция, Саламаттыкты сактоо, Билим берүү жана илим министрликтери.

Ал эми Парламенттин линиясы боюнча: "Конституциялык мыйзамдар, мамлекеттик түзүлүш, сот-укук маселелери жана Жогорку Кеңештин Регламенти боюнча комитети", "Эл аралык иштер, коргоо, коопсуздук жана миграция боюнча комитети", "Социалдык саясат боюнча комитети", "Укук тартиби, кылмыштуулук менен күрөшүү жана коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча комитети".

Ал эми профилдик болуп саналган органдар: Башкы прокуратура, Жазаларды аткаруу боюнча мамлекеттик кызматы, Акыйкатчы (Омбудсмен), Балдар укугу боюнча ыйгарым укуктуу өкүл, Жашы жете элек өспүрүмдөр менен иштөө инспекциясы, Үй-бүлө жана балдарга колдоо көрсөтүү бөлүмдөрү, БИК-р, Кыргыз Республикасынын кыйноолордун, башка катаал, адамгерчилик сапатка жатпаган же бедел-баркты кемсинткен мамиленин же жазаны болтурбоо боюнча Улуттук борбор (мындан ары - КАУБ), Социалдык камсыздоо департаменти да тиешелүүлүк өлчөмүндө балдар укугунун сакталуусуна карата ар тараптуу жумуштарды аткарып келишет.

2019-жылы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн тескемеси менен

улуттук 3 доклад жактырылып, БУУнун Башкы катчысына жөнөтүлгөн:

1) 2012-2016-жылдар аралыгында кыйноолорго жана башка катаал, адамгерчиликсиз же бедел-баркты кемсинтүүчү мамилеге же жазаларга каршы конвенцияны ишке ашыруулардын жүрүшү жөнүндө Кыргыз Республикасынын үчүнчү мезгилдүү доклады (КР Өкмөтүнүн 2019-жылдын 28-январындагы № 6-р тескемеси) [128];

2) 2013-2018-жылдар аралыгында Аялдарга карата басмырлоонун бардык түрлөрүн жоюу жөнүндө Конвенциянын жоболорун жүзөгө ашыруу тууралуу Кыргыз Республикасынын бешинчи мезгилдүү доклады (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 1-мартындагы №35-г тескемеси) [130];

3) Баланын укуктары жөнүндө Конвенцияны 2014-2019-жылдар аралыгында ишке ашыруу жөнүндө Кыргыз Республикасынын бешинчи мезгилдүү доклады (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 6-ноябрындагы № 421-р тескемеси) [131];

Мындан сырткары, ***2020-жылы*** 9-январында жана 18-февралында, БУУнун Башкы катчысына Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн тескемеси менен 2 (эки) улуттук доклад жактырылып жөнөтүлдү:

- 2014-2018-жылдар аралыгындагы Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактка карата Кыргыз Республикасынын үчүнчү МЕЗГИЛДҮҮ ДОКЛАДЫ [145];
- БУУнун алдындагы “Адам укуктары боюнча кеңешинин (АУК)” алкагында универсалдуу мезгилдүү сыпаттоого берилген Кыргыз Республикасынын үчүнчү УЛУТТУК ДОКЛАДЫ [145].

Координациялык кеңештин 2019-жылга карата иш планына ылайык, төмөнкү улуттук докладдар:

- Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар жөнүндө эл аралык пактка маалымат берүү;

- Бардык эмгек мигранттарынын укуктарын коргоо боюнча эл аралык конвенцияга" маалымат берүү боюнча даярдыктар (отчетторду берүү мөөнөтү 2020-жылга чейин) көрүлүп, БУУнун тиешелүү Комитеттерине жөнөтүлүшү абзел болгон.

Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин 2023-жылдын 17-июлундагы №428-р тескемеси менен Кыргыз Республикасы тарабынан улуттук докладдар берилгенден кийин сунуштамаларды жүзөгө ашыруу жана адам укуктары жаатындагы эл аралык актылардын ченемдерин ишке ашыруу максатында 2022-2024-жылдарга карата "Адам укуктары боюнча аткарылуучу иш-чаралардын планы" бекитилген [44].

Расалык басмырлоонун түрлөрүн жоюу боюнча БУУ комитетинин сунуштамаларын жүзөгө ашыруу максатында, расалык басмырлоонун бардык формаларды жоюу жөнүндө эл аралык конвенцияны 2011-2015-жылдар аралыгында ишке ашыруу жөнүндө Кыргыз Республикасынын сегизинчи, тогузунчу жана онунчу мезгилдүү отчетторунун жыйынтыктарын негиз кылып, КР Өкмөтүнүн 2019-жылдын 28-январындагы №7-р тескемеси менен аталаган Комитеттин сунуштамаларын ишке ашыруу үчүн *2019-2022-*жылдарга карата ведомстволор аралык иш-аракеттердин планы бекитилген [43].

## Үчүнчү бап боюнча тыянактар

1. Жарандын укуктарын жана эркиндиктерин укуктук жактан жөнгө салуу жана коргоо бардык мезгилдерде өз ордун такыр жоготпогон көйгөйлөрдүн бири экендиги талашсыз.

"Жашы жете элек жана анын мыйзамдуу өкүлдөрү", "Жашы жете элек жана мамлекет", "Жашы жете элек жана мекемелер, ишканалар, уюмдар" сыяктуу катыштык системаларда жашы жете элек жактардын укуктук макамын, абалын өркүндөтүүнүн көйгөйлөрү бар экендиги изилдөөлөрдүн негизинде байкалат.

Ошол эле учурда эмгек мигранттарынын балдарына тиешелүү көйгөйлөр да мамлекет тарабынан эбегейсиз чоң иштерди аткарууну талап кылаары бышык. Мындан сырткары, укуктук актыларда “Эмгек мигранттарынын балдары” категориясынын мыйзамдуу аныктамасынын жоктугу, аларга карата жасалуучу зордук-зомбулуктун, ыдык көрсөтүүнүн жана башка жагымсыз факторлордун алдын алуу үчүн социалдык педагогдордун, жашы жете элек өспүрүмдөр менен иштөө инспекциясынын, социалдык коргоо кызматынын адистеринин квалификациясын жогорулатуу, ата-энелер жана алардын жакындары менен профилактикалык иштерди жүргүзүү, о.э. үй-бүлөлөргө жана балдарга жардам көрсөтүү эң башкы приоритетке ээ багыттардан экенин түшүнүү шарт. Кыргыз Республикасында жашы жете элек жактардын укуктук макамын, абалын жакшыртууга Балдардын укуктары боюнча ыйгарым укуктуу органдын ишин жакшыртуу аркылуу көмөк көрсөтүү эң натыйжалуу механизм боло алат деген пикирди тутунсак болот.

2. Социалдык-экономикалык, саясий, руханий кепилдиктерди түзүү; укуктук кепилдиктеринин натыйжалуулугун камсыз кылуу; укуктук аң-сезимди кеңейтүү; маалыматтык камсыздоону өркүндөтүү; мамлекет менен коомдук уюмдардын ортосундагы кызматташтыкты колдоо жана өнүктүрүү сыяктуу маселелерди чечүү - жашы жете элек жактардын укуктук макамын жакшыртуунун негизги багыттары болуп саналат.

3. Кыргыз Республикасынын улуттук мыйзамдары адам укуктарын эркин демократиялык коомду куруу үчүн зарыл болгон негизги принциптер катары тааныйт, коргойт жана колдойт.

Адам укуктары боюнча колдонулуп жаткан келишимдердин көбүн ратификациялоо жана аларды улуттук мыйзамдардын алкагында түздөн-түз колдонууга жарактуу кылуу мамлекеттин милдети жана анын өз милдеттенмелерин сактоо жана аткаруудагы зарыл кадамы болуп саналат. Кыргыз Республикасынын Конституциясы жана бир катар мыйзамдары адам укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү эл аралык коомчулук тарабынан таанылган

стандарттарга толугу менен шайкеш келет, о.э. мыйзам чыгаруу органынын өлкөнүн демократиялык өнүгүүсүн колдоо боюнча чечкиндүүлүгүн тастыктайт.

Келишимдерди ратификациялагандан жана алардын мыйзамдарынын чегинде колдонулушун камсыз кылгандан кийин Кыргыз Республикасы мыйзамдуу түрдө мындай документтерден келип чыккан өзүнүн милдеттенмелерин аткарууга милдеттүү.

# КОРУТУНДУ

**1.** ***Укуктук макам*** - тарыхый өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен адамдын коомдогу абалын, ордун, даражасын чагылдырган жана ошол эле мезгилде ал үчүн социалдык реалдуулуктун жаңы абалынын шарты катары кызмат кылган татаал түшүнүк. Жашы жете элек жактардын укуктук макамы адамдын жалпы укуктук макамынын туундусу болуп саналат. Ал өзгөчө, тармактар аралык болуп эсептелинет жана аны төмөнкүчө аныктоого болот: бул туулгандан он сегиз жашка чейинки адамдын укугу, эркиндиктери жана милдеттеринин теориялык-укуктук жактан шартталган системасы катары каралат, ошондой эле анын укук субьективдүүлүгүн, укуктук принциптерин ата-энеси же башка мыйзамдуу өкүлдөрү, мамлекеттик органдар менен укуктук мамилелеринин өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен белгиленет.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдары маңызы жана бир катар классификациялык критерийлер боюнча жашы жете элек жактардын укуктук макамынынын курамында төмөнкү субмакамдарды аныктоого мүмкүндүк берет:

а) *тармактык таандуулугу боюнча* – жарандык, үй-бүлөлүк, эмгек, кылмыш-жаза, кылмыш-жаза процессуалдык жана жарандык процесстик укуктардагы субмакамдар;

б) *курак өзгөчөлүгү боюнча* – 14 (он төрт) жашка чейинки жана 14 (он төрт) жаштан 18 (он сегиз) жашка чейинки жашы жете элек жактын субмакамдары;

в) *социалдык максаттары боюнча* - жеке эркиндиктин макамы, саясий жана социалдык-экономикалык макамы;

г) *аракетке жөндөмдүүлүк чөйрөсүнө жараша* - толук аракетке жөндөмдүү жактын макамы, толук эмес аракетке жөндөмдүү жактын макамы, аракетке жөндөмдүүлүгү чектелген жактын макамы;

д) *укуктук көрсөтмөлөргө карата адамдын кылган мамилесине жараша* - мыйзамдуу жүрүм-турумдун субъектисинин (адаттагы макам) жана жашы жете элек тартип бузуучунун субмакамдары;

ж) *жагдайдын турпатына жараша* - катаал турмуштук кырдаалда турган жашы жете электин жана нормалдуу турмуштук кырдаалда турган жашы жете электин субмакамдары;

и) *форма менен маңыздын катышына жараша* - жашы жете элек жактын формалдуу (нормативдик) жана чыныгы (реалдуу) субмакамдары. Кыргыз Республикасында жашы жете элек жактардын укуктук макамынын мазмуну улуттук жана эл аралык курамдык бөлүктөн турат.

**2.** Кыргызстанда жашы жете элек жактардын укуктары, мыйзамдуу кызыкчылыктары жана милдеттери Кыргыз Республикасынын жана эл аралык укуктук ченемдер менен жөнгө салынат. Жашы жете электер мыйзамдардын негизинде жашоого, ысымга, билим алууга, ата-энесинин камкордугунда болууга, турак-жай менен камсыздандырылууга, мураскер болууга, майда бүтүмдөргө барууга жана башка укуктарын жана бардык мыйзамдуу кызыкчылыктарын ишке ашырышат. Граждандык Кодекс жана Кылмыш-жаза Кодекси боюнча жашы жете элек бала белгилүү бир жаш курагына жеткенде өз алдынча жоопкерчиликке ээ болушат. Биздин пикирибиз боюнча, аталган укуктук булактарда же мыйзам актыларында Кыргыз Республикасында жашы жете элек жактардын укуктук макамын коргоого мүмкүн болушунча аракеттер жасалган, бирок айрым мыйзамдарда кемчиликтер бар.

**3.** Адат бул ата-бабалардын кадыр-баркын сыйлаган жүрүм-турум эрежелеринин жыйындысы катары эсептелет. Адат укугу диний жана адеп-ахлак ченемдерине, ырларга, уламыштарга, макал-лакаптарга, оозеки чыгармаларга жана башка булактарга негизделген. Коомдогу өзгөрүүлөргө карабастан, кыргыз коомчулугу мамилелерде туруктуулукту камсыз кыла алган адат укугунун негизинде жашап келген.

Туугандык жана үй-бүлөнүн ар бир мүчөсүнө кам көрүү принциптерине таянуу аркылуу адат укугу үй-бүлөнүн ар бир мүчөсүнүн(*жашы жете элек балдардын*) макамын белгилей алган. Кыргыз үй-бүлөсүндө жеке мүлктүк эмес мамилелер коомдук-ачык

мүнөздө болгон жана мындай мамилелерди жөнгө салуучу ченемдер көпчүлүк учурда императивдик мүнөзгө ээ болгон деген жыйынтык чыгарууга болот. Ар бир үй-бүлө мүчөсүнүн укуктарын жана милдеттерин мындай бекем жөнгө салууда бардык эле адамдын ой-пикири, каалоосу эске алына берген эмес, бирок бүтүндөй үй-бүлөнүн кызыкчылыгы үчүн турмуш-тиричиликти уюштурууга, күнүмдүк көйгөйлөрдү биргелешкен күч-аракеттин негизинде чечүүгө шарт түзгөн. Демек, ынтымак, бири-бирин сыйлоо сыяктуу өзгөчөлүктөр ар бир кыргыз үй-бүлөсүнө таандык болгон сапат катары бааласак болот. Адат укугунун жакшы жактарынын бири катары *ата-энесиз калган балдар* үчүн туугандардын өз ара жоопкерчилиги системасынын калыптанышы көңүл жибитет деген пикирди айта алабыз.

Адат укугу жашы жете элек жактардын укуктарын жана милдеттерин аныктоо аркылуу алардын укуктук макамын бекем жөнгө салып коё алган. Жашы жете элек жактар жынысына жана жаш курагына жараша укуктарга ээ болушкан.

Биргелешип алынган бардык мүлк - үй-бүлөлүк мүлк болуп саналган, ал салт боюнча аталык тууганчылык линиясы боюнча муундан-муунга өтүп турган жана аны тескөө укугу үй-бүлө башчысына, ал эми үй-бүлөнүн калган мүчөлөрүнө бул мүлктү пайдалануу жана ээлик кылуу укугу гана таандык болгон. Кыргыздардын адат укугундагы мындай жобо үй-бүлөнүн жалпы мүлкүнүн бүтүндүгүн коргоого жана сактоого багытталган.

Жүргүзүлгөн салыштырма талдоолорго ылайык, кыргыздарда болгон мураска ээ болуу кезеги түзүмү жагынан мурунку Рим укугундагы мураскорлордун топторуна окшош экендигин баса белгилей кетүү абзел.

Жалпылап айтканда адат укугу коомдогу туруктуулукту, коомдук мамилелердеги айкындуулукту аныктаган өзгөчө институт боло алган.

**4.** Субъективдүү укуктарды жүзөгө ашыруу жөн гана пайда болбойт, бул көбүнчө мамлекеттик органдардын, кызмат адамдарынын жана коомдук уюмдардын иш-аракетинин натыйжасы болуп саналат.

Ошондуктан, жашы жете элек жактардын укуктук макамын жакшыртуу боюнча кепилдиктердин көз карандысыз түрү катары уюштуруучулук кепилдиктерди бөлүп көрсөтүү теориялык жактан негизделген жана иш жүзүндө маанилүү деп эсептейбиз.

Кыргызстан жашы жете элек жактардын укуктарын камсыз кылуу үчүн мыйзамдарды, сот бийлигин, айрым органдардын мүмкүнчүлүктөрүн натыйжалуу пайдаланууга тийиш.

Бул жаатта мамлекеттик саясат жашы жете элек жактардын укуктарын мыйзамдуу түрдө камсыз кылууга, үй-бүлөнү мамлекет тарабынан толук колдоого, балдардын жашоо сапатынын негизги көрсөткүчтөрүнүн мамлекеттик минималдуу социалдык стандарттарын белгилөөгө жана сактоого негизделиши керек жана артыкчылыктуу жол коюлушу зарыл.

**5.** Кыргыз Республикасында ювеналдык юстиция системасы жашы жете элек жактардын укуктук макамын жакшыртуу максатында иштелип чыккан. Бирок, аталган система өөрчүп кете албастан, солгун тартып турган көрүнүштө калууда. Албетте, ювеналдык юстициянын киргизилишине жана анын өнүктүрүлүшүнө каршы чыккан тараптар дагы жок эмес. Ювеналдык юстиция жараянынын солгундап туруусунун бир катар себептерине: сот реформасын каржылоонун жетишсиздиги, мыйзамдардагы боштуктар, кадрлардын жетишсиздигин кошууга болот. Аталган себептердин ичинен мыйзамдардагы боштуктарды толтурууга өтө кылдат мамиле жасоо шарт деп эсептейбиз, анткени ал боштуктарды ювеналдык юстиция маселесинин концептуалдык ченемдерин жалпы коомчулук тарабынан чечип алгандан кийин гана киришүү максатка ылайыктуу болот. Кадрлардын жетишсиздигин жоюу жараяны кандайдыр бир убакыт аралыгын жана белгилүү бир өлчөмдөгү материалдык каражаттарды сарптоону талап кылат.

**6.** Коомдогу укуктук маданияттын деңгээли жашы жете элек жактардын укуктарына карата сый мамилени, аларды белгилүү бир укуктарга жана милдеттерге ээ жана коргоо аракеттерине төрөлгөндөн тартып эле укугу бар жак катары таанып-билүүнү сыпаттайт. Бул иштин илимий максатына карата

жүргүзүлүп жаткан социологиялык изилдөөлөр көрсөткөндөй, жашы жете элек жактардын өздөрүнүн дагы, алардын окутуучуларынын дагы, жашы жете элек жактардын укуктарын коргоого түздөн-түз тиешеси бар жактардын дагы укуктук маданиятынын негизин түзгөн укуктук билимдин деңгээли бир кыйла төмөн бойдон калууда. Укуктук билим берүү жана тарбиялоо жаатында ойлонулган саясат, жарандардын укуктук маданиятынын деңгээлин жогорулатууга шарт түзөт. Тиешелүү институттардын ишин жолго коюуда жогорку кесиптик билим берүү, ошондой эле кадрларды кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу тутумунда кадрларды атайын даярдоо ченемдерин иштеп чыгуулар талап кылынат. Өспүрүмдөрдүн өздөрүнө адам укуктары жаатында билим жана көндүмдөрдү (навыки) сиңирүү зарыл.

***Жалпыга маалымдоо каражаттарынын*** балдарга тийгизген терс таасирине каршы туруу үчүн ата-энелердин, коомдук уюмдардын, тиешелүү мамлекеттик органдардын аракеттерин биргелештирүү зарыл. Анткени, мамлекет кандай гана зордук-зомбулук, бузукулук элементтери бар тасмаларды, сайттарды тыйбасын, эгер ата-энелер балдарына олуттуу көңүл бурбаса, анда ар кандай тыюу салуулар эч натыйжа бере албайт. Көпчүлүк ата-энелер балдарынын кайсы веб-сайттарга кирип жаткандыгына кызыга беришпейт. Бирок адистер мындай пикирлерди ата-энелердин кайдыгерлиги менен эмес, алардын интернет чөйрөсү тууралуу кабары жоктугу менен түшүндүрүүдө. Демек, ата-энелер жашы жете элек балдарын мүмкүн болушунча өз көзөмөлүндө кармоого тийиш жана аларды жакшылыкка, улуу баалуулуктарга үндөөсү, алардын адеп-ахлактык жактан мыкты тарбия алуусуна шарт түзүүсү керек. Мына ушундай аракеттердин гана натыйжасында балдар тыюу салынган (терс) көрүнүштөргө тартылбайт эле деген ишенимдебиз.

**7.** Кандай гана мезгилдер, учурлар болбосун өз ордун такыр жоготпогон көйгөйлөр боло берет. Андай көйгөйлөрдүн бири катары кайсыл гана өлкө болбосун, жарандын (адамдын) укугу менен эркиндиктерин, ошондой эле укуктук макамдарын укуктук жактан жөнгө салуу болуп саналат. Укуктук эркиндикке, макамга жетишүү үчүн адамдар кандай гана

кадамдарга барбагандыгын тарых барактары далилдеп келди.

Жашы жете элек жактардын укуктук макамын өркүндөтүүнүн көйгөйлөрү төмөнкүдөй тутумдардын катышынан байкалат:

| |
|---|
| ▪ "*Жашы жете элек жана анын мыйзамдуу өкүлдөрү*" – мында үй-бүлө ичиндеги зомбулук, балдарды тарбиялоо жана багуу, жетим жана ата - энесинин камкордугусуз калган балдар үчүн курулган мекемелердин туура иштеши; |
| ▪ "*Жашы жете элек жана мамлекет*" – мында балдар менен иштеген органдардын компетенттүүлүгүнүн жетишсиздиги, мамлекеттик бийлик органдары менен коомдук уюмдардын ортосунда өнүккөн кызматташтыктын жоктугу тууралуу мыйзамдардын өркүндөтүлбөөсү; |
| ▪ "*Жашы жете элек жана мекемелер, ишканалар, уюмдар*" – мында кадрдык көйгөйлөр, каржылоо көйгөйлөрү, балдардын бош убактысын уюштуруунун жетишсиздиги сыяктуу көйгөйлөрү. |

Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу ***Балдар укугу боюнча ыйгарым укуктуу өкүл*** институтунун ишмердүүлүгүн өркүндөтүү Кыргызстанда жашы жете элек жактардын макамына байланыштуу көйгөйлөрдү жоюуга эң олуттуу көмөк көрсөтө алат деп эсептейбиз**.**

Эмгек миграциясы көбүнчө финансылык оор абалдан чыгуунун жалгыз жолу болуп саналат. Арийне, ата-энесинин жоктугу баланын көптөгөн психологиялык жана социалдык көйгөйлөрүнө алып келүүдө.

Укуктук актыларда "***Эмгек мигранттарынын балдары***" категориясынын мыйзамдуу аныктамасы жок, бул мындай балдарга мониторинг жүргүзүү жана байкоо жүргүзүүдө кыйынчылыктарды жаратат. КР Балдар жөнүндө Кодексининин ченемдеринде да, башка укуктук актылардын ченемдеринде да "*эмгек боюнча мигранттардын балдары*" жөнүндө аныктама же түшүнүк жок, бирок ата-энесинин камкордугунан ажырап калган балдар жана турмуштук катаал кырдаалда турган балдар тууралуу түшүндүрмөлөр же аныктамалар бар.

Мигранттардын балдарына карата зомбулуктун, ыдык көрсөтүүнүн

жана жагымсыз факторлордун башка түрлөрүнүн алдын алуу үчүн социалдык педагогдордун, жашы жете элек өспүрүмдөр менен иштөө инспекциясынын, социалдык коргоо кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатуу, ата-энелер жана алардын жакындары менен профилактикалык иштерди жүргүзүү, жашы жете элек жарандарды зомбулуктан коргоо боюнча иш-чараларды күчөтүү ошондой эле үй-бүлөлөргө жана балдарга жардам көрсөтүү эң приоритеттүү багыттардан болоору айтпаса да түшүнүктүү.

**8.** Жашы жете элек жактардын укуктук макамын жакшыртуунун негизги багыттары болуп ишмердүүлүктүн төмөнкү формалары саналат:

- жашы жете элек жактардын укуктарын жана эркиндиктерин ишке ашыруу үчүн тиешелүү жалпы шарттарды (социалдык-экономикалык, саясий, руханий кепилдиктерди) түзүү;
- жашы жете элек жактын укуктук макамынын укуктук кепилдиктеринин натыйжалуулугун камсыз кылуу;
- жашы жете элек жактардын, алардын мыйзамдуу өкүлдөрүнүн коомдук мааниге ээ болуучу укуктук аң-сезимдин деңгээлин жогорулатуу, өнүктүрүү, маалыматтык камсыз кылууну жакшыртуу, жашы жете элек жактар жана алардын ата-энелери менен иш алып баруучу мекеме-уюмдардын кызмат адамдарынын, кызматкерлеринин укуктук маданиятынын деңгээлин өөрчүтүү;
- жашы жете элек жактардын укуктук макамынын көйгөйлөрүн чечүүдө мамлекет менен коомдук уюмдардын ортосундагы кызматташтыкка колдоо көрсөтүү жана өнүктүрүү.

**9.** КР Конституциясында (6-б. 3-п.) көрсөтүлгөндөй, Кыргыз Республикасы катышуучу болуп саналган мыйзамдарда белгиленген тартиптер боюнча күчүнө кирген эл аралык келишимдер, ошондой эле балдарга карата эл аралык укуктун жалпы таанылган ченемдери жана принциптери Кыргыз Республикасынын укук тармагынын курамдык жана ажырагыс бөлүгү болуп эсептелет.

Бириккен Улуттар Уюмунун Балдардын укуктары боюнча

конвенциясынын ратификацияланышы, Эл аралык келишимдердин, ченемдеринин улуттук мыйзамдарга имплементацияланышы жана ишке ашырылышы абалдын жакшыруусуна өбөлгө түзөт.

Жашы жете элек жактардын укуктары чөйрөсүндөгү негизги принциптер жана ченемдер эл аралык укуктук актыларда жана макулдашууларда камтылган. Алар универсалдуу мүнөзгө ээ. Эл аралык уюмдар тарабынын (БУУ Балдар укуктары боюнча Комитети) белгиленген көрсөтмөлөр жана эскертүүлөрүнүн талаптары Кыргыз республикасынын жарандарынын улуттук баалулуктарына карама-каршы келбегендей деңгээлде жүргүзүлүшү керек.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

Диссертациялык изилдөөнүн натыйжасында Кыргыз Республикасында жашы жете элек жактардын укуктук макамын жакшыртуу механизмин өркүндөтүү боюнча төмөнкүдөй **практикалык сунуштар** иштелип чыгарылды.

1. ***Жашы жете элек жактын укуктук макамы*** - наристенин, тестиердин, жеткинчектин жана өспүрүмдөрдүн мыйзамдарда бекитилген, кепилденген укуктарынын, милдеттеринин жыйындысы деген мазмундагы аныктаманы КР Балдар жөнүндө кодексинин 5-беренесине киргизүү керек.

2. Мыйзамдардагы дал келбөөчүлүктөрдү (коллизия) жоюу максатында КР Кылмыш-жаза Кодексиндеги, КР Үйбүлө Кодексиндеги (59-б. 1-п.), КР Жарандыгы жөнүндө Мыйзамындагы (3-б.), "КР Балдардын ден соолугуна, дене бой, интеллектуалдык, психикалык, руханий жана адептик өнүгүүсүнө зыян келтирүүнүн алдын алуу боюнча чаралар жөнүндө" Мыйзамындагы (1-б. 1-п.) балдар деген түшүнүктү аныктаган ченемдердеги "бала, балдар" деген сөз менен чогуу "***наристе, тестиер, жеткинчек, өспүрүм"*** деген сөздөрдү колдонуу зарылчылыгына байланыштуу жогоруда айтылган Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү зарыл.

3. КР Кылмыш-жаза процессуалдык Кодексинин 5-беренесинин 26-пунктунда, 203-беренесинин 2-пунктунда, Граждандык Кодексинин 63-беренесинин 2-пунктунда жалпы жашы жете элек жактардын жаш курагынын аралыгын аныктоо аркылуу: *наристе* [туулгандан тартып 3 жашка чейинки курактагылар], *тестиер* [3 жаштан 7 жашка чейинки курактагылар], *жеткинчек* [7 жаштан 14 жашка чейинки курактагылар], ал эми *өспүрүм* [14 жаштан 18 жашка чейинки курактагылар] деп дифференциялаштырып, бөлүп кароо ырааттуу болот деген ойдобуз.

4. Жашы жете элек жактарды сексуалдык ыдык көрсөтүүлөрдөн, коргоо жана жалпы эле педофилдик кылмыштардын алдын алуу максатында КР Кылмыш-жаза Кодексинин 155-беренесине химиялык кастрацияны

кийирүү абзел.

5. Ювеналдык юстицияны жакшыртуу, өнүктүрүү жана өркүндөтүү маселелериндеги кесиптик таңкыстык көйгөйүн чечүүнүн перспективасы катары КР Балдар жөнүндө Кодексинин 92-беренесинин 2-пунктунда кээ бир өзгөртүүлөрдү киргизүү аркылуу жетишүүгө болот. Атап айтсак, “Мамлекеттик аккредитациялоодон өтүшкөн атайын орто жана жогорку кесиптик билим берүү мекемелери ювеналдык юстиция маселелерин тиешелүү окуу сабактарына киргизе алышат”- деген ченемдеги “*киргизе алышат”*-деген сөздөрдү*“киргизүүгө милдеттүү”*- деген сөздөр менен алмаштыруу зарыл.

6. *КР Балдар укугу боюнча ыйгарым укуктуу өкүл жөнүндө жобого* Балдар укуктары боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдүн талапкерине төмөнкү талаптарды коюуну сунуштайбыз: чет мамлекеттин жарандыгын албаган же чет мамлекеттин аймагында туруктуу жашоо укугун ырастаган документи жок Кыргыз Республикасынын жараны; жаш курагы 35 кем эмес; соттуулугу жок; аракетке жөндөмсүз же аракетке жөндөмдүүлүгү чектелген деп сот тарабынан табылбаган; жогорку юридикалык билими бар, укуктук жаатта илимий даражага ээ, юридикалык адистиги боюнча 10 жылдан кем эмес иш тажрыйбасы бар; кынтыксыз бедел-баркка, жогорку моралдык сапатка жана коомдо кадыр-баркка ээ болгон инсанды гана талапкер катары каттоого болот деген ченемди кийирүү абзел.

7. *КР Балдар укугу боюнча ыйгарым укуктуу өкүл жөнүндө жобонун* 3-пунктунун 25-пунктчасында өкүлдүн кайрылууларды кароого болгон ыйгарым укугу каралган, бирок кайрылууну кабыл алуу же андан баш тартуу, кайрылууну кароонун мөөнөттөрү көрсөтүлгөн эмес, жашы жете элек жактардын мыйзамдуу өкүлдөрү кайрылуунун мүмкүн болушунча кыска мөөнөттө кабыл алынышын, кыска мөөнөттө каралышын жана анын чечими жөнүндөгү маалыматты күтөөрү шексиз, андыктан, келип түшкөн кайрылууларды кабыл алуунун же кабыл алуудан баш тартуунун, эгерде кайрылуу кабыл алынса аны кароонун мөөнөттөрүн көрсөтүү менен аталган

жобонун 3-пунктуна *Балдар укугу боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдүн төмөндөгүдөй укук жана милдеттерин кошумчалоо зарыл*:

- Кайрылуу келип түшкөн күндөн тартып *2 (эки) жумушчу кундүн* ичинде анын ээсине кайрылуунун кабыл алынгандыгы же аны кабыл алуудан баш тарткандыгы жөнүндөгү чечимди билдирүүгө;
- Кайрылууну кабыл алган күндөн тартып *5 (беш) жумуш күндүк* мөөнөт ичинде кароого;
- Кайрылууну кароо үчүн кошумча маалыматтар талап кылынган учурларда *10 (он) жумушчу кундүк* мөөнөткө узартууга;
- Кайрылууну кароонун жыйынтыгы жөнүндөгү чечим кабыл алынган күндөн тартып *1 (бир) жумушчу күндүн* ичинде кайрылуунун ээсине билдирүүгө.

8. *КР Жогорку Кеңешинин Регламенти жөнүндө мыйзамынын* 25-беренесинин 12-пунктуна Жогорку Кеңештин ачык жана жабык жыйналыштарына катышууга укугу бар жактардын катарына КР Балдар укугу боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдүн катышуусун киргизүү зарыл.

9. КР Конституциясынын 20-беренесинин 3-пунктун жетекчиликке алуу менен мигранттардын балдарынын укуктарын коргоо жана аларды ар кандай зомбулуктардан, ыдык көрсөтүүлөрдөн сактоо жана коргоо максатында, *Тышкы миграция жөнүндө Кыргыз Республикасынын Мыйзамы*нын 46-беренесине өзүнчө пункт катары:- “Эгерде жашы жете элек балдардын ата-энелери Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары эмгек миграциясына же башка жүйөлүү себептерге байланыштуу убактылуу чыгып кетип жаткан учурда, алардын *КР* аймагында калган 18 жашка чейинки курактагы балдарына карата камкорчу же көзөмөлчү дайындалгандыгын ырастаган сот актысынын көчүрмөсүн миграциялык кызмат органына көрсөтө албаса, КРнын аймагынан чыгуу чектелет” деген ченемди киргизүү зарыл.

10. КР Балдар жөнүндө Кодексинде (76-б.) ата-энелер кандайдыр бир жүйөлүү себептердин (ден-соолук, алыскы сапарга баруу) улам өз

милдеттерин аткара албай калуусу ыктымал болгон учурларда, жашы жете элек жактардын укугу менен кызыкчылыктарын коргоо-сактоо максатында балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органга белгилүү бир жакты көрсөтүү аркылуу камкорчуну/көзөмөлчүнү дайындап берүү тууралуу *арыз бере алышат* деген ченем каралган. Ушул эле ченемдеги *арыз бере алышат* деген сөздөрдү, жашы жете элек жактардын укуктарын коргоо-сактоо максатында, *арыз берүүгө милдеттүү* деген сөздөр менен алмаштыруу зарыл.

*Келтирилген практикалык сунуштарды жүзөгө ашыруу аркылуу Кыргыз Республикасынын жашы жете элек жарандарынын укуктук макамын жөнгө салуучу мыйзамдардын натыйжалуулугу жогорулайт, алардын укуктарын коргоо жакшырат, жашы жете элек жактардын иштери боюнча соттук териштирүүлөрдүн жана алар боюнча кабыл алынган чечимдердин сапаты жогорулайт, бул аларды аткаруунун натыйжалуулугуна өбөлгө түзөт.*

*Мамлекет мындан ары да жашы жете электерге байланышкан көйгөйлөрдүн комплексине жетиштүү көңүл буруу менен Кыргызстандын үлгүлүү укуктук өлкө катары гүлдөп-өнүгүшүнө пайдубал түзүлөт деген ишенимди билдиргибиз келет.*

## КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ

*Кыргыз Республикасынын укуктук - ченемдик актылары*


1. Кыргыз Республикасынын Конституциясы. 2021-жылдын 11-апрелинде референдум (элдик добуш берүү) аркылуу кабыл алынган. Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 5-майындагы № 59-Мыйзамы менен күчүнө кирген. [Электрондук ресурс] Кирүү режими: https://cbd.minjust.gov.kg/112215?refId=1078264
2. Кыргыз Республикасынын Балдар жөнүндө Кодекси 2012-жылдын 10-июлундагы № 100 саны менен кабыл алынган, (2020-жылдын 1-августундагы № 109 саны менен киргизилген толуктоолору жана өзгөртүүлөрү менен). [Электрондук ресурс] Кирүү режими: https://cbd.minjust.gov.kg/203700?refId=1208810
3. Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодекси 2004-жылдын 4-августундагы № 106 саны менен кабыл алынган, (2022-жылдын 23-декабрындагы №123 саны менен киргизилген толуктоолору жана өзгөртүүлөрү менен). [Электрондук ресурс] Кирүү режими: https://cbd.minjust.gov.kg/1505?refId=1220610
4. Кыргыз Республикасынын 2023-жылдын 11-августундагы “Билим берүү жөнүндө” № 179- Мыйзамы. [Электрондук ресурс] Кирүү режими: https://cbd.minjust.gov.kg/112665?refId=1273902
5. Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө Кодекси 2021-жылдын 28-октябрындагы № 128 саны менен кабыл алынган, (2023-жылдын 10-октябрындагы № 186 саны менен киргизилген толуктоолору жана өзгөртүүлөрү менен). [Электрондук ресурс] Кирүү режими: https://cbd.minjust.gov.kg/3-36?refId=1283338
6. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык Кодекси 2021-жылдын 28-октябрындагы № 129 саны менен кабыл алынган, (2023-жылдын 22-декабрындагы № 209 саны менен киргизилген толуктоолору жана өзгөртүүлөрү менен). [Электрондук ресурс] Кирүү режими: https://cbd.minjust.gov.kg/112308?refId=1046

7. Кыргыз Республикасынын Граждандык Кодекси. Биринчи бөлүм 1996-жылдын 8-майындагы № 15 саны менен кабыл алынган, (2023-жылдын 11-апрелиндеги № 86 саны менен киргизилген толуктоолору жана өзгөртүүлөрү менен). [Электрондук ресурс] Кирүү режими: https://cbd.minjust.gov.kg/4?refId=1263361
8. Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө Кодекси 2003-жылдын 30-августунда № 201 саны менен кабыл алынган, (2022-жылдын 6-июнундагы № 41 саны менен киргизилген толуктоолору жана өзгөртүүлөрү менен). [Электрондук ресурс] Кирүү режими: https://cbd.minjust.gov.kg/1327?refId=1163855
9. Кыргыз Республикасынын Турак жай Кодекси 2013-жылдын 9-июлунда № 117 саны менен кабыл алынган, (2023-жылдын 15-августундагы № 182 саны менен киргизилген толуктоолору жана өзгөртүүлөрү менен). [Электрондук ресурс] Кирүү режими: https://cbd.minjust.gov.kg/203926?refId=1279536
10. “Мамлекеттик жаштар саясатынын негиздери жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы (2009-жылдын 31-июлу № 256). [Электрондук ресурс] Кирүү режими: https://cbd.minjust.gov.kg/202686?refId=577211
11. “Тышкы миграция жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы 2000-жылдын 17-июлу № 61 саны менен кабыл алынган, (2023-жылдын 16-августундагы № 183 саны менен киргизилген толуктоолору жана өзгөртүүлөрү менен). [Электрондук ресурс] Кирүү режими: https://cbd.minjust.gov.kg/350?refId=1273106
12. “Кыргыз Республикасында жарандардын саламаттыгын сактоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамы 2005-жылдын 9-январы № 6 саны менен кабыл алынган. (2021-жылдын 15-сентябрындагы № 119 саны менен киргизилген толуктоолору жана өзгөртүүлөрү менен) [Электрондук ресурс] Кирүү режими: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/1602/150?cl=ky-kg&mode=tekst

13. “Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө концепцияны бекитүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 24-июлундагы ПЖ № 313 сандуу Жарлыгы. [Электрондук ресурс] Кирүү режими: https://cbd.minjust.gov.kg/430539?refId=1084953
14. Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик Кодекси 2017-жылдын 1-июлунда мыйзамдуу күчүнө кирген, (2023-жылдын 11-апрелиндеги № 86 саны менен киргизилген толуктоолору жана өзгөртүүлөрү менен). [Электрондук ресурс] Кирүү режими: https://cbd.minjust.gov.kg/111521?refId=1261675
15. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза Кодекси 2021-жылдын 28-октябрындагы № 127 саны менен кабыл алынган (2023-жылдын 10-октябрындагы № 186 саны менен киргизилген толуктоолору жана өзгөртүүлөрү менен). [Электрондук ресурс] Кирүү режими: https://cbd.minjust.gov.kg/112309?refId=1283364
16. Кыргыз Республикасынын “Жарандыгы жөнүндө” Мыйзамы 2007-жылдын 21-майы № 70 саны менен кабыл алынган, (2023-жылдын 22-февралындагы № 36 саны менен киргизилген толуктоолору жана өзгөртүүлөрү менен). [Электрондук ресур] Кирүү режими: https://cbd.minjust.gov.kg/202103?refId=1272039
17. “Кылмыштарды жасоо жагынан шек туудурган жана айыпталып кармалган адамдарды камакта кармоонун тартиби жана шарттары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы (2012-жылдын 6-августу № 151). [Электрондук ресурс] Кирүү режими: https://cbd.minjust.gov.kg/203751?refId=417873
18. “Кыргыз Республикасында балдардын ден соолугуна, дене бой, интеллектуалдык, психикалык, руханий жана адептик өнүгүүсүнө зыян келтирүүнүн алдын алуу боюнча чаралар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы 2015-жылдын 21-июлу № 185 саны менен кабыл алынган (2023-жылдын 9-августундагы №176 саны менен

киргизилген толуктоолору жана өзгөртүүлөрү менен). [Электрондук ресурс] Кирүү режими: https://cbd.minjust.gov.kg/111229?refId=1273540
19. “Кыргыз Республикасынын жарандарын медициналык камсыздандыруу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы 1999-жылдын 18-октябрынын № 112 саны менен кабыл алынган (2023-жылдын 29-мартындагы №72 саны менен киргизилген толуктоолору жана өзгөртүүлөрү менен). [Электрондук ресурс] Кирүү режими: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/275?cl=ru-ru
